# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №02-03 (289) | 30.03.2023. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


*Башкы редактордон алгы сөз*

## Нооруз же Жыл ажыраш –эски менен жаңынын ажырашы болгой эле...

Мына, ошентип Нооруз узап барат... Байыртадан бабаларыбыз бу кезди Жыл ажыраш дечү экен да. Демек, төрт мезгилжаз,жай, күз,кыш мезгилдери төнүп, конуп , алмашып турган, асыл Ала-Тоо мекенибизде кайрадан көктөм келип, дене- бой жибип, көңүл чиркин көтөрүлүп турган учурда кайран акылман түп тек жайыбыз "Жыл ажыраш" деп куп, кут маани- маңыз менен атаган экен да. Анда неге азыркы оолукма , оома, энөө, ээрчиме кыргыз башка тилге, дилге эле дилгирленип жармаша , жанаша калабыз, аа...

Жыл ажыраш, ылайым жаман менен жакшынын ажырашы болгой эле... Кеселман соо болсун, ниети каранын пейили агарсын,карызгор пулдуу болсун, тукумсуз наристе жыттасын, жер титиребесин, эл битиребесин, мекенибиз бүтүн, азаттыгыбыз бек, тилибиз так, бай, дилибиз ак болгой...

Ойлоп-ойлоп олтурсаң адам адегенде үй-бүлө күтөт, уруктууган жамаат, уруу, эл-улут, анан барып өлкө-мамлекет болмогу бар. А өлкө өз алдынча өлкө болуш үчүн ири алды жерине, тилине, эркиндигине ээ болуусу кажет. Кудайга миң мертебе шүгүр, дүйнөдөгү эң байыркыларынан делип келген кыргыз элинин, республикасынын жогоруда аталган үч касиет символу эн белгиси бар азырынча... Эмнеге азырынча деп, бу күмөнсүйт дээрсиз… Анткени, Айкөл Манас же беридеги "Алтын доор" аталган IX-X-кылымдардагы ата журтубуздун кеңирсиген аймак жеринин канчасы кертилди экен? Дүйнөдө тендешсиз сюжет менен көлөмү океандай "Манас" тарыхый эпосун жараткан ийкемдүү, көркөм, мол тилибиздин азыр канчасы айтылбай калды экен? А асмандан түшкөндөгүдөй азаттыгыбыз го шүгүр, толук бойдон дейли...

Жер го жер экен, чабыштардан, кагылыштардан, аңкоолуктан, жалкоолуктан, саткындыктан жана коркоктуктан улам далайынан ажырадык, А мына бу, дүйнө элдеринин эч биринен кем да, осол да, копол да эмес, ырдай шаңгыраган, " Кулактан кирип бойду алган" кагылайын уккулуктуу Эне тилибизди неге мынча кор туттук, чандык, тебелетип, тепсеттик жана да жоготуп баратабыз, эй!

Ким бизди, "Андай сүйлө, мындай сүйлө, официалдуу же расмий тилде сүйлө" деп жакалап , коркутуп, муунтуп атыр. Эч ким жокко анткен. Жогорку кеңештин төрагасы Нурлан мырза Шакиев, " Эне тилибизде так, даана сүйлөйлү" тариздe курч маселе көтөрүп, бирин-экин тантык же таптакыр орусча сүйлөгөн министрге же депутатка жүйөөлүү талап койсо, өз "киргиздер" ит талагандай талап, тээтиги Москвадагы маркум Жириновскийдин шовинисттик либерал партиясынын бирин-экин депутаты, "Кыргыздар орустарды кордоп жатышат!" деп көнгөн адаттарынча кыйкырып койсо бул жактагы эркин Кыргызстан өлкөсүндө жашаган далайыбыз бөгүп калдык, "кысып" калдык, "кырылыш" ызы-чуулуу талкуу көкбөрүсүнө өзүнчө эле түшүп калдык го...

Кудая тобо, "Ой, ал президент Путиндин же бүтүндөй орус элинин пикири эмес, Россия деген улуу держава, дүйнөнү дүңкүлдөтүп аткан империя, аларга алты миллион кыргыздын кайсы тилде сүйлөп атканы менен эч иши жок, кызыктырбайт. Кыргыз сүйлөбөй калса эле, эсеби маселен мендей окурмандары жанындай сүйгөн Пушкин, Толстой, Шолоховдун тили өксүп калбайт,-сан миллиондогон адамдар сүйлөп аткан улуу тилдин бир дагы кылы кыйшайып койбойт! Эне тилинде эле сүйлөй бер айланайын!"деп, айта турган, апаптай турган пенде барбы өзү бу аз кыргызда...

А мамлекеттик тил боюнча конституциялык мыйзамдын жаңы даярдалган варианты ЖКнын сессиясына коюлганы турат. Мында да баягы жолду тоскон "Дөңгөчтөр" жана "Балталар" пайда болду. А ал "Балталардын" дээрлик бардыгынын сабы албетте жыгач. Капырай, бизден алда канча аз, кечээги союздаш, бүгүнкү алыстагы эстон менен грузинди мындай кой, эсил кайран СССР ыдырап аткан кезде 16-республика атыккан, андагы бизден алда канча арттагы моңгол тууган-дарыбыз не деген керемет жетишкендиктерге жеткенин көрүп, таяк кармап алып эле, Ак үйдүн алдына баягы жылы Садык Шер үкөмчө өкүрүп түшкүң келет. Башка не дейсиң...

**Дүйшөн КЕРИМОВ**

## "БИШКЕК ШААРЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН АБАЛЫ" АТТУУ ЖЫЙЫН БОЛУП ӨТТҮ





Жыйынга Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы С. Касмамбетов, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы К. Осмоналиев, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын бөлүм башчысынын орун басары О. Капалбаев, Бишкек шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары Ж. Абдраимов, Бишкек шаарынын мэри Э. Абдыкадыров, Бишкек шаарынын мэриясынын райондук администрацияларынын, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана муниципалдык ишканаларынын жетекчилери жана ЖМК өкүлдөрү катышты.

Жыйында "Мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №15 протоколдук тапшырмасынын аткарылышы, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" КР конституциялык мыйзамынын долбоору жана "Кыргыз Республикасынын жарнама жөнүндө" КР мыйзамынын аткарылышы тууралуу маселелер каралды.

Бул чогулушту Бишкек шаарынын мэри Э. Абдыкадыров ачып, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы С. Касмамбетов мекенчилдик жана элдик нарк боюнча ойлорун ортого салып, мэриянын жооптуу кызматкерлерин элдик намыска чакырды. Андан соң Бишкек шаарынын мэри Э. Абдыкадыров "Бишкек шаарында мамлекеттик тилдин колдонулушу жана өнүгүшү" боюнча маалымат берди. Ошондой эле Бишкек шаарынын төрт районунун акимдеринин жетекчилеринин кур статистикага таянган баяндамалары айтылды.

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, профессор К. Осмоналиев "Мамлекеттик органдардагы мамлекеттик тилдин колдонулушу, Бишкек шаарындагы мамлекеттик тилдин абалы, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамынын долбоору жана "Кыргыз Республикасынын жарнама жөнүндө" КР мыйзамынын аткарылышы тууралуу кенен баяндама жасап, кемчиликтерин баса белгиледи. "Кыргыз тили" гезитинин редактору Д. Керимов да урунттуу учурларга токтолду. Кыргызтест мамлекеттик мекемесинин директору Б.Топоева-Ставинская "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин мамлекеттик тилди өнүктүрүүдөгү орду" аттуу Кыргызтест системасы жөнүндө маалымат берди.

Бул жыйында катуу жана чоң сөз болду десек болот. Борбордун төрт районунун акимдеринин жалаң кур статистикага таянган маалыматтарын мам.тил комиссиясынын төрагасы К. Осмоналиев карандай калпын чыгарып, кыргыз тилинин колдонулушу өтө начар абалда экендиги жөнүндө аналитикалык фактылар менен далилдеп берди. Ошондой эле мамлекеттик катчы С. Касманбетов да түшүнгөн мам. чиновниктер үчүн катуу сөз айтты, намыска чакырды. Ал эми Бишкек мэри Э. Абдыкадыров айтылган сындардан жыйынтык чыгаруу үчүн төрт айлык (бир квартал) мөөнөт сурады. Эгерде рай.акимдер, шаардын мекеме ишканаларындын жетекчилери, мамлекеттик тилибизге баякыдай эле шалаакы, кайдагер мамиле жазай турганын уланта берсе, кызматтан токтоосуз алаарын эскертти.

Албетте, биз мындай сындарга, пикирлерге, талаптарга жана убадаларга азырынча ишенип турабыз, мезгил баарына калыс, тараза...

**Дүйшөн КЕРИМОВ**

# Чолпон-Ата шаарындагы жыйындан

*Чолпон-Ата шаарында мамлекеттик тилдин абалы тууралуу жыйын болду. Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы К.О.Осмоналиев, Кыргызтест мамлекеттик мекемесинин директору Б.Б.Топоева-Ставинская, КР Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Далиев Улан Эшенович, Чолпон-Ата шаарынын мэри Ормонов Жапарбек Туратович, Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары Акматова Динара Асанкуловна, Чолпон-Ата шаарынын мамлекеттик администрация жетекчилери, билим берүү мекемелеринин жетекчилери жана ЖМК өкүлдөрү катышты.*



Жыйында “Мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №15 протоколдук тапшырмасынын аткарылышы, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” КР конституциялык мыйзамынын долбоору жана “Кыргыз Республикасынын жарнама жөнүндө” КР мыйзамынын аткарылышы тууралуу маселелер каралды.

Бул чогулушта КР Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Далиев Улан Эшенович “Ысык-Көл облусунда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана өнүгүшү”, Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары Акматова Динара Асанкуловна “Ысык-Көл районунда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана өнүгүшү”, Чолпон-Ата шаарынын мэри Ормонов Жапарбек Туратович “Чолпон-Ата шаарында мамлекеттик тилдин колдонулушу жана өнүгүшү” боюнча маалыматтарын беришти.



Андан соң КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, профессор Осмоналиев Каныбек Осмоналиевич “Мамлекеттик органдардагы мамлекеттик тилдин колдонулушу, Чолпон-Ата шаарындагы мамлекеттик тилдин абалы, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамынын долбоору жана “Кыргыз Республикасынын жарнама жөнүндө” КР мыйзамынын аткарылышы" тууралуу кенен баяндама жасады. Кыргызтест мамлекеттик мекемесинин директору Б.Б.Топоева-Ставинская “Кыргызтест” мамлекеттик мекемесинин мамлекеттик тилди өнүктүрүүдөгү орду” аттуу Кыргызтест системасы жөнүндө маалымат берди.

# “Балыкчы шаарындагы иш-чарадан

*Балыкчы шаарында да мамлекеттик тилдин абалы тууралуу жыйын болду. Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы К.О.Осмоналиев, Балыкчы шаарынын мэри Арнабек уулу Азамат, Балыкчы шаарынын мамлекеттик администрация жетекчилери, билим берүү мекемелеринин жетекчилери жана ЖМК өкүлдөрү катышты.*



Жыйында “Мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №15 протоколдук тапшырмасынын аткарылышы, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” КР конституциялык мыйзамынын долбоору жана “Кыргыз Республикасынын жарнама жөнүндө” КР мыйзамынын аткарылышы тууралуу маселелер каралды. Бул чогулушту Балыкчы шаарынын мэри Арнабек уулу Азамат ачып, “Балыкчы шаарында мамлекеттик тилдин колдонулушу жана өнүгүшү” боюнча маалымат берди. Андан соң КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, профессор Осмоналиев Каныбек Осмоналиевич “Мамлекеттик органдардагы мамлекеттик тилдин колдонулушу, Балыкчы шаарындагы мамлекеттик тилдин абалы, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамынын долбоору жана “Кыргыз Республикасынын жарнама жөнүндө” КР мыйзамынын аткарылышы" тууралуу кенен баяндама жасады. Кыргызтест мамлекеттик мекемесинин директору Б.Б.Топоева-Ставинская “Кыргызтест” мамлекеттик мекемесинин мамлекеттик тилди өнүктүрүүдөгү орду” аттуу Кыргызтест системасы жөнүндө маалымат берди.



№02-03 (289)
30 03 2023
kyrgyztili@mail.ru



Темирбек МАТЫБАЕВ

*Алты бакан коюлган*
*Арбын жаштар чогулган*
*Кызга жигит эркелеп*
*Кылыктанып чойулган*
*Кубушуп ойноп кыз жигит*
*Кумары канбай оюндан*
*Келди деп нооруз баш багып*
*Кемеге кенен оюлган*
*Айры өркөчкө төө айтып*
*Аксарбашыл союлган*
*Берекенин күнү ушул*
*Бечара карды тоюнган*
*Жаңырган жаңы бул нооруз*
*Жылы болсун чындыктын*
*Нооруз майрам илгертен*
*Жаңы-жылы кыргыздын*
*Алдыңкы жылы элимде*
*Акыйкаттык сакталсын,*
*Ата наркы баркталсын*

*Жамгырдай жаап токтобой*
*Жакшылыктар башталсын*
*Калыстык болуп соттордо*
*Күнөөсүздөр акталсын*
*Акыйкатты бек сактап*
*Ажообуз калыс башкарсын*
*Арзыматтар азайып*
*Токтогулдар такшалсын*
*Элибиз битеребесин,*
*Жерибиз титиребесин.*
*Түшүмүбүз мол болсун*
*Түз өнүкчү жол болсун*
*Көбөйө бербей айып пул*
*Көп жолубуз оңдолсун*
*Урушун чоңдор токтотуп*
*Турмушун элдин ойлонсун*
*Кыргыз тили сүйлөнсүн*
*Киргиздер тилин үйрөнсүн*
*Кыздар кыя баспасын,*
*Кыргыздын салтын сактасын*
*Уулдар уят болбосун*
*Улуттун наркын ойлосун*
*Кыянаттык кыргызга*
*Кылган жандар болсун*
*Кылам деген оңбосун*
*Алас алас алас деп,*
*Ар балээден калас деп.*
*Маанилүү өмүр сүрөлү,*
*Манас Манас Манас деп…*



# Тилек



Кыял ТАЖИЕВА

*Сүмөлөктү колго алып быйылкы,*
*Жанды сездим, кыштан аман, өлбөгөн.*
*Көккө тиктеп көпкө турдум телмирип,*
*Көңүл менен эч, эч кими көрбөгөн.*
*Жаз бул ирет олуттуу да сабырдуу,*
*Жүрөгүндө жүгү бардай муңаят.*
*Бу качанкы өмүр, а мен бөксөрбөйм*
*Мелт-мелт этет колумдагы сыр аяк.*

*Ак уурттадым, ак дилимден алыска*
*Көз жиберип, жарыгымды тиктедим.*
*Үн-сөзү жок баарлаштык алыстан*
*Мен кудайды бир башкача эстедим.*
*Жалгыз кеттим, көпчүлүктөн жашынып,*
*Тилегимди бирөө тартып алчудай.*

*Камсыз калды, артык калды калың журт,*
*Мени жазга толкуткандан жалкыбай.*
*Делбиреген жүрөк менен делбиреп*
*Канат сермеп учуп кана бараттым.*
*Жашагымды келтиргенин карасаң*
*Күүлдөгү сен жак калган тараптын.*

*Ушундай зор жүрөк толгон сыр менен,*
*Тилей бердим, тилей бердим дембе-дем.*
*Жаратканды чындап бакыт сурадым*
*Өмүрүндө эч, эч кимге бербеген.*
*"Улуу бир иш ыйгарса экен маңдайга*
*Мен эч кимге кыйын болгум келбеген!"*

# Кайран эл





Кубанычбек АДЫЛОВ

*Ата тегин тактабай,*
*Аралашкан кайран эл.*
*Кайра-кайра алданып,*
*Кан төгүлгөн кайран эл.*

*Бөтөн элге эшигин,*
*Кенен ачкан кайран эл,*
*Кошоматка кой союп,*
*Колун чапкан кайран эл.*

*Ата-конуш асыл жер,*
*Кертип берген кайран эл.*
*Алтын күмүш байлыгы,*
*Кенин берген кайран эл.*

*Өз тарыхын тактабай,*
*Калтырады кайран эл.*
*Эне-тилин сактабай,*
*Тантырады кайран эл.*

*Кайран, кайран, кайран эл,*
*Канатын каздай жайган эл.*
*Кайдан акча табам деп,*
*Кайда – жайга барган эл.*

*Кайран, кайран, кайран эл,*
*Карызга белден баткан эл,*
*Дагы ким карыз берет деп,*
*Алакан жайып жаткан эл.*

№02-03 (289)
30 03 2023
kyrgyztili@mail.ru

# Дүйнөлүк түзүлүштүн кайра куруусундагы Кыргызстандын орду



**Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Экономика илимдеринин доктору, профессор, Экономика жана финансы институтунун ректору Айылчы САРЫБАЕВ**

Белгилүү болгондой экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн баштап дүйнөлүк лидерликке эки өлкө – СССР менен АКШ ат салышып келген. СССР тынчтык жолу менен таркап 15 союздук республика ар бири өз алдынча мамлекет болушту. Дүйнөлүк лидерлик АКШнын колуна өттү. Ушуну менен эл аралык чыңалуу токтоп дүйнө жүзүнө тынчтык орноит деген оюбуз ишке ашпай калды. Кайрадан эл аралык чыр чатактар көбөйө баштады. Биздин республика ошол күнгө чейин кризистен башы чыккан жок.

Акыркы 10 жыл мезгилинде дүйнөдө көптөгөн өзгөрүүлөргө туш болду. Илгертен чабал деген өлкөлөр лидерликке чыгышты. Күчтүү деген мамлекеттер тескерисинче алсырай баштады. Дүйнөдө ар кандай экономикалык, финансылык жана саясий кризистер күч ала баштады. Буга кошул ташыл Ковид-19 бүткүл дүйнөлүк кризиси ар бир өлкөнүн алын сындады. Кээ бирлери саламаттык сактоо системалары күчтүүлөр аз жоготууга учурады. Өкмөтү, экономикасы начар өлкөлөрдө өлүм житим көп болду. Тилекке каршы Кыргызстан да мындай жоготуулардан куру калган жок. Ал турсун Ковид-10 кризисин пайдаланган өкмөтүбүз, министрлерибиз алдым жаттумдукка малынып какаганга муштаган кылып экономикабызды талкалап элибизди кыйнады.

Аралаш экономика жолун тандап алган Кытай Эл Республикасы өткөн кылымдын сексенинчи жылдарынан баштап жылына 10 – 12 процентке чейин ички дүң продукциясынын өнүгүүсүн камсыздап акыркы эки жылдын ичинде АКШны алда канча артка таштап акыркы 3 жылда биринчи орунга чыгууга жетишти.

Ал эми дүйнөлүк лидерликти ээлеш үчүн негизинен үч көрсөткүч боюнча алдыга чыгуу керек. Биринчиси экономикалык өнүгүү, экинчиси согуштук потенциалы жана үчүнчүсү жүргүзгөн эл аралык саясатынын таасирдүүлүгү. Биринчи көрсөткүч боюнча Кытай Эл Республикасы ички дүң продукциясынын сатып алуу жөндөмү боюнча 2022 жылдын жыйынтыгы менен биринчи орунга, АКШ экинчи орунга чыкты, Индия үчүнчү орунга чыкты.

Экономикада ИДП ар кандай аттар менен аталат. Алар номиналдуу ИДП, реалдуу ИДП, жан башына ИДП жана сатып алуу жөндөмү деп бөлүнөт.

Номиналдуу ИДП чыгарган продукциянын инфляцияны эсептебеген жалпы саны. Бул көрсөткүч инфляция канчалык жогору болсо ошончо жогорулатылган көрсөткүч. Товардын көлөмү өспөсө деле көп болуп көрүнө берет.бул туура эмес көрсөткүч. Реалдуу ИДП продукциянын көлөмүн инфляцияны эсепке алып так көрсөтөт. Жан башына эсептелген ИДП мамлекеттин элинин санына жараша өсүштү көрсөтөт.

Ал эми сатып алуу паритети боюнча эсептелген ИДП товарлар менен кызмат көрсөтүүнүн минималдык наркын көрсөтөт. Наркы канчалык төмөн болсо бул көрсөткүч номиналдуу көрсөткүчтөн алда канча жогору болот. Кытай Эл Республикасы ушул көрсөткүч боюнча биринчи орунда.

Жаңы дүйнөлүк тартип төмөнкү көрсөткүчтөргө көз каранды – биринчиден, экономиканын көлөмүнө, экинчиден, аскердик потенциалга, үчүнчүдөн, кайсы мамлекеттердин таасири мурункуга караганда азыраак же көбүрөөк болот?

2008-жылдагы дүйнөлүк финансы кризисинен кийин жана Россия менен Кытайдын күчөшүнө байланыштуу дүйнө кайрадан көп полярдуулукка карай өзгөрө баштады. КЭР Россия менен бирге экономикада жана тынчтык маселелеринде жаңы эл аралык мамилелерди орнотууда маанилүү роль ойной баштады, башкача айтканда, 2009-жылдан тарта жаңы дүйнөлүк тартип түзүлө баштады. Алардын бекемделишине жаңы бирикмелердин – ШКУ менен ЕАЭБдин түзүлүшү шарт түздү.

Жаңы дүйнөлүк тартипти калыптандыруу процесси ШКУнун түзүлүшү жана дээрлик бардык Азия мамлекеттеринин ШКУга кирүү каалоосу менен башталды. Бул өзгөчө 2013-жылы Бишкекте өткөн ШКУ өлкөлөрүнүн саммитинен кийин байкалды. Ошол учурдан тартып саясий жана экономикалык борбордун Европа менен Америкадан Азия континентине өтүшү ачык-айкын көрүнүп турат. Бул процесси Европа өлкөлөрү, өзгөчө АКШ абдан оор кабыл алууда. Москвалык «жалган патриоттор» деп аталгандар да дүйнөлүк техникалык прогрессти өнүктүрүүдө жана дүйнөнүн саясий жана экономикалык борборун Азия континентине которууда Кытайдын жана Азиянын башка өлкөлөрүнүн ролун али түшүнө алышпайт.

2018-жылдын 17-майында Астанада Иран менен эркин соода аймагын (ФТА) түзүүгө, ошондой эле Кытай менен соода-экономикалык кызматташууга багытталган убактылуу келишимге кол коюлган. Бул макулдашуулар Кыргыз Республикасынын экономикасы үчүн жаңы перспективаларды ачат, анткени Кыргыз Республикасы түзүлгөн алгачкы күндөн тартып КЭР маанилүү экономикалык жана геосаясий өнөктөш болуп келген.

Египет, Таиланд, Монголия, Сербия, Индия, Сингапур сүйлөшүүлөрдүн баскычында. Венгрия, Израиль, Камбоджа, Лаос, Пакистан, Перу ЕАЭБге кирүүгө кызыкдар экенин билдиришти. Корея Республикасы, Тунис, Чили, Япония, Индонезия да кызыгууда. Евразия экономикалык биримдиги (ЕАЭБ) менен кызматташууга 50гө жакын өлкө каалоосун билдирди. Көрүнүп тургандай, ШКУ түзүлгөндөн кийин ЕАЭБ долбоору ийгиликтүү ишке ашырылып жатат. Ага Кыргыз Республикасы мүчө. Тилекке каршы, Кыргыз Республикасынын ЕАЭБге мүчө болуусунун экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануусу көп нерсени дагы эле күтүүдө.

Биримдик түзүлгөндөн тартып эле анын өнүгүүсүнүн маанилүү бөлүгү Кытайды Евробиримдик менен темир жол аркылуу байланыштыруу үчүн иштелип чыккан кытайлык "Бир алкак – бир жол" демилгеси менен байланышы болуп эсептелген. Сочиде өткөн Россия-АСЕАН саммитинин жүрүшүндө В.Путин ЕАЭБ, АСЕАН жана ШКУну («интеграция интеграциясы») байланыштыруу сунушун ортого салды. АСЕАН 10 мамлекеттен турат. АСЕАНга мүчө өлкөлөрдүн калкы 500 миллионго жакын адамды түзөт, жалпы аянты 4,5 миллион км2, алардын жалпы ИДПсы 800 миллиард АКШ долларына жетет.

Чианг Май демилгеси АСЕАН өлкөлөрүнүн, ошондой эле АСЕАН плюс үч өлкөнүн (Кытай, Япония жана Түштүк Корея) экономикаларынын ортосунда тыгыз интеграцияны көздөгөн жаңы өлкөлөрдүн тобун түздү.

Дүйнөлүк экономикалык саясатта түрк тилдүү мамлекеттердин, өзгөчө 84 миллион калкы бар Түркия менен сооданын жакындашуусу жана өнүгүшү да чоң кызыгууну жаратууда. Өлкө ИДПнын номиналдык көлөмү боюнча 16-орунда, сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн паритети боюнча эсептелген ички дүң продукция боюнча дүйнөдө 11-орунда турат.

Арменияны кошпогондо Түркия менен ЕАЭБ өлкөлөрүнүн ортосундагы соода жүгүртүү өстү. Түркия Кыргыз Республикасы үчүн да маанилүү экономикалык жана саясий өнөктөш болуп саналат. Бирок Түркиянын ЕАЭБге кирүүдөгү көйгөйлөрү экономикалык эмес, саясий.

Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтыгы ар дайым жогорку деңгээлде болуп келген. Түрк мамлекеттери салттуу түрдө саясий жана экономикалык өнөктөш болуп, эл аралык деңгээлде бири-бирин колдоп, байланыштарды чыңдап келет. Түрк тилдүү мамлекеттердин ИДПсынын жалпы көлөмү 1 триллион долларды түзөт.

Түрк тилдүү мамлекеттердин стратегиялык абалы алардын аймагында Кытайды Европа менен байланыштырган Улуу Жибек жолунун кайра жаралуусу үчүн бардык өбөлгөлөрдү түзөт. Ал эми түрк тилдүү мамлекеттердин транзиттик потенциалын өнүктүрүүгө багытталган кадамдар азыртадан эле жасалып жатат. Транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү түрк тилдүү мамлекеттерге өз ара экономикалык кызматташтыкты олуттуу түрдө кеңейтүүгө жана алардын аймактагы ролун жогорулатууга мүмкүндүк берет.

"Түрк Кеңеши – Заманбап Жибек Жолу" биргелешкен туристтик продуктуну түзүү, ошондой эле Түрк интеграциясынын бирдиктүү фондун түзүү, ага Кеңешке мүчө-мамлекеттердин бизнес чөйрөлөрүн жана демөөрчүлөрүн бириктирүүнүн чоң келечеги бар. түрк тилдүү өлкөлөрдүн биргелешкен долбоорлорун каржылоого көмөктөшөт.

Кыргызстан Түркия, Азербайжан, Казакстан жана Кыргызстанды камтыган "Заманбап Жибек жолу" туристтик пакетин ишке ашырууга ийгиликтүү катышууда. Бул долбоорго Өзбекстан менен Венгриянын акырындык менен кошулушу бул пакетти ого бетер жагымдуу кылат.

Түрк тилдүү мамлекеттердин ортосундагы соода-экономикалык мамилелер ырааттуу жана динамикалуу өнүгүп жатат. Ошентип, Кыргыз Республикасындагы сооданын жалпы көлөмүндө түрк тилдүү өлкөлөрдүн үлүшү 25%га жетти.

Ошол эле учурда Түркия жана түрк тилдүү мамлекеттер да Кыргыз Республикасынын стратегиялык инвесторлорунун катарына кирет. Түркиянын жана түрк тилдүү мамлекеттердин ишкер чөйрөлөрү Кыргызстандын экономикасына өндүрүш, курулуш жана соода сыяктуу тармактарга инвестиция салууда.

Ошентип, евразиялык мейкиндикте системалуу жана табигый түрдө жаңы мамлекеттердин биримдиги пайда болууда, ал ички карама-каршылыктар жана кызыкчылыктардын кагылышуусу менен уламдан-улам ыдырап бараткан кошуна жасалма жол менен түзүлгөн интеграциялык бирикмелерге караганда ийгиликтүү болууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар.

Бирок түрк тилдүү мамлекеттердин экономикалык мүмкүнчүлүктөрү толук пайдаланыла элек. Демек, түрк дүйнөсүнүн биримдиги басымдуу түрдө демонстративдик жана маданий мүнөзгө ээ. Түрк мамлекеттеринин кайсы биринин Орусия менен болгон экономикалык байланыштары түрк дүйнөсүндөгү кызматташтыктан эселеп жогору.

Түрк тилдүү өлкөлөрдүн ичинен Кыргыз Республикасы ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн да, түрк тилдүү өлкөлөрдүн да эбегейсиз жана тынымсыз өсүп жаткан рыногунда өзүнүн керектөөчүсүн таба ала турган экологиялык жактан таза продукцияны өндүрүү жана экспорттоо үчүн чоң мүмкүнчүлүккө ээ. Инвестициялык саясатта кызматташуунун өнүгүүсү үчүн биргелешкен түрк инвестициялык фондун түзүү боюнча маселелерди чечүү маанилүү жана практикалык жыйынтыктардын бири болот.

Биздин республиканын аймагы аркылуу Кытайдан Өзбекстанга андан ары Иран менен Түркияга темир жол салынса, Кыргыз Республикасы экономикалык жактан чоң пайда алмак. Бул темир жол Кытайдын Сювэй жаңы аймагындагы деңиз портун Кашкар жана Кыргызстан менен байланыштырмак. Ушул убакка чейин Түркмөнстандан Кытайга Кыргызстан аркылуу газ куурун куруу маселеси ачык бойдон калууда.

Демек, Кыргыз республикасынын ЕАЭБде, ШОСто жана Түрк тилдүү мамлекеттердин биримдигинде болуусу өлкөбүздүн 2040 жылга чейинки Стратегиялык өнүгүү программасына ушул биримдиктерге кирген мамлекеттердин экономикалык өнүгүүсүнө карата өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ, ШКУ жана Түрк дүйнөсү сыяктуу дүйнөлүк биримдиктерге катышуусу бул биримдиктердин катышуучулары менен биздин экономикалык иш-аракеттерибизди координациялоо жагынан Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейин стратегиялык өнүктүрүү боюнча жаңы суроолорду жаратууда. Суроо азырынча ачык бойдон калууда. Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейинки стратегиялык өнүктүрүүнүн көп аспектилери Кыргызстандын эл аралык долбоорлорго катышуусун эске алуу менен тактоону жана бекемдөөнү, дүйнөлүк экономикада өз ордун табууну талап кылат.

Инвестициялык саясатта инвестициялык климатты жакшыртуу маанилүү роль ойнойт. Белгилүү болгондой, азыркы дүйнөдө инвестицияларды тартуу үчүн чоң атаандаштык бар. Анын үстүнө биз геоэкономикалык аренада дүйнөлүк коомчулуктун өлкөлөрүнө жаңы чакырыктарды коюп жаткан соода согуштарына күбө болуудабыз. Тилекке каршы, ошол эле согуш биздин республиканын ичинде да, айрым аймактарда да жүрүп жатат. Күн сайын бул көйгөй курчуп, биздин республикадан барган сайын көбүрөөк инвесторлорду четке кагууда. Инвестициялык климат калктын жана жергиликтүү бийликтин ойлонулбаган аракеттеринен улам начарлоодо.

Бул багытта 2018-жылдын июль айында Бишкекте өткөн "Бир алкак – бир жол" долбоорун өнүктүрүү боюнча эл аралык конференцияда кызыктуу сунуштар айтылды. Кытай тараптан соода алакаларынан жана туризмден тышкары, "билим берүү коридорун", башкача айтканда, төрт багытта – мамлекеттик, бизнес түзүмү, илимий институттар жана университеттер боюнча изилдөө жана макулдашылган иш-аракеттерди түзүү сунуштады. Бул форумдун чет мамлекеттердеги ЖОЖдордун бардык өкүлдөрү бул коридордо жаңы мамилелерди куруу, «Бир алкак, бир жол» долбоорунун алкагында өз ара кызыкчылыктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү илгерилетүү боюнча бардык төрт багыттын күч-аракетин бириктирүү зарылдыгын белгилешти.

Ошентип экономикалык жана саясий борборго айланган Азия континентинин чок ортосунан орун алган Кыргызстандын биз жетектеген «Экономика жана финансы институту» ЕАЭБ жана ШКУ алкагында Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейин стратегиялык өнүктүрүүнү ишке ашыруунун кошумча экономикалык жана каржылык механизмдерин иштеп чыгууга катышууга, ошондой эле Кыргыз Республикасын өнүктүрүү боюнча тиешелүү концепцияны даярдоого даяр.

Бул үчүн институттун экономика жана финансы тармагына жетишерлик илимий потенциалы бар, ошондой эле жаңы дүйнөлүк тартиптин калыптануу шарттарында калктын жана менеджерлердин рыноктук экономикалык көз карашын даярдоо.

№02-03 (289)
30 03 2023
kyrgyztili@mail.ru

# “МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ” ЖАНА “ОФИЦИАЛДУУ ТИЛ” ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН МААНИСИН ЧЕЧМЕЛӨӨ



**СООРОНБАЕВА Чолпон, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Философия кафедрасынын ага окутуучусу**

Тил бул баарлашуу жана билим алуу каражаты гана эмес, ошондой эле маданий иденттүүлүктүн жана жеке адамдын да, топтун да мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн ажырагыс бөлүгү. Ошондуктан, ар кандай тилдик жамааттарга таандык адамдардын тилдерин урматтоо тынчтыкта жанаша жашоо абдан маанилүү. Бул көпчүлүк топторго, азчылыктарга (өлкөдө салттуу түрдө жашаган жарандар жана мигранттар) жана жергиликтүү элдерге тиешелүү. Саясий өзгөрүүлөр жана эволюция болгон учурда, азчылыктар биринчи кезекте тилге байланыштуу талаптарды коюшат.

Ар бир мамлекеттин жараны милдеттүү түрдө улуттук тилин билүүсү менен динамикалуу коомдо башка тилдерди да кабыл алуусу шарт. Мыйзам тарабынан мамлекетте кандайча сунушталат.

Мамлекеттик тил баарынан мурда укуктук ченемдер менен мамлекеттик тилди кайсы чөйрөдө колдонуу керектиги аныкталат.

Бир мамлекетте мыйзамдар менен жөнгө салынуучу укуктук статусу бар тил - Мамлекеттик тил деп аталат. ( Казакстан Республикасы Конституциясы 7-бап: 1. Қазақстан Республикасындағы мемлекеттік тіл - қазақ тілі. 2. Мемлекеттік ұйымдарда және жергілікті өзінөзі басқару органдарында орыс тілі ресми түрде қазақ тілімен тең қолданылады.

Өзбек Республикасынын Конституциясы: Статья 4: Государственным языком Республики Узбекистан является узбекский язык.

Республика Узбекистан обеспечивает уважительное отношение к языкам, обычаям и традициям наций и народностей, проживающих на ее территории, создание условий для их развития.

Түркмөнстан Республикасынын Конституциясы: Статья 21 - Государственным языком Туркменистана является туркменский язык. Всем гражданам Туркменистана гарантируется право пользования родным языком.

Россия Федерациясынын Конституциясы: Статья 68- Государственным языком Российской Федерации на всей ее территории является русский язык как язык государствообразующего народа, входящего в многонациональный союз равноправных народов Российской Федерации;

Кыргыз Республикасынын конституциясы: 13-берене **1.** Кыргыз тили - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили. Мамлекеттик тилди колдонуу тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат.

**2.** Кыргыз Республикасында расмий тил катары орус тили колдонулат.

**3.** Кыргыз Республикасынын элин түзгөн бардык этностордун өкүлдөрүнө эне тилин сактоо, окуп-үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү укугу кепилденет.

Мыйзамдар мамлекеттик тилде чыгарылат. Мамлекеттик тил, эреже катары, коммуникациянын расмий чөйрөлөрүндө, бийлик органдарынын ишинде, сот өндүрүшүндө, эл аралык келишимдерде жана макулдашууларда, билим берүүдө, эмгек жана коммерциялык иште, жарандардын расмий документтеринде жана башка чөйрөлөрдө милдеттүү түрдө колдонулат.

Мамлекеттик (же расмий) тилди конституциялык-укуктук жактан бекемдөө тилдердин укуктук режиминин борбордук жана эң маанилүү элементи болуп саналат. Бул мамлекеттик тилдин расмий мамилелеринин мыйзамдуу түрдө аныкталган чөйрөлөрүндө мамлекеттик тилдердин колдонулушуна гана эмес, сүйлөгөндөрдүн - жеке адамдардын, этникалык жамааттардын да укуктарына таасирин тийгизет. Мамлекеттик тилди консолидациялоо биринчи кезекте калктын татаал улуттук түзүлүшү жана калк колдонгон ар түрдүү улуттук тилдер жана диалектилер бар мамлекеттер үчүн мүнөздүү.

Эң негизгиси – көп улуттуу мамлекетте мамлекеттик бир тилди киргизүү өтө аярлыкты, дипломатиялык мамилени талап кылат. Бул анын аймагында сүйлөгөн тилдердин улуттук азчылыктардын укуктарын коргоонун укуктук механизмин түзүүдөн тышкары, өз ара мамилелерди, шарттарды мыйзамдык жөнгө салуу жана субъекттердин улуттук тилин жана мамлекеттик (же расмий) тилдерин колдонууну шартташы керек.

Калкынын бир тилдүү курамы бар мамлекет үчүн мамлекеттик тилди белгилөө негизинен улуттук тилдин үстөмдүк абалына көз карандылыктан да келип чыгат жана аны аныктоодон жана улуттук азчылыктардын улуттук чөйрөдөгү укуктарынын кепилдиктерин камсыз кылуудан турат. Мамлекеттик тилди киргизүү кээде тил маселелерин чечүү муктаждыктарына эмес, көбүнчө мамлекеттин өнүгүшүнүн тарыхый себептерине байланыштуу болот. Эреже катары, бул өлкөлөрдүн мыйзамдарында улуттук тилдин өзгөчө укуктук режимин белгилөөчү укуктук ченемдер жок.





Мазмуну боюнча «мамлекеттик тил» жана «расмий тил» деген түшүнүктөр өз ара жакын, бирок окшош эмес. 1953-жылы эле ЮНЕСКОнун эксперттери бул түшүнүктөрдү айырмалоону сунуштап, алардын аныктамаларын иштеп чыгышкан. Ошентип, “мамлекеттик тил” (улуттук тил) – бул мамлекеттин символу катары саясий, социалдык жана маданий чөйрөдө тигил же бул мамлекеттин алкагында интеграциялык функцияны аткарган тил; «расмий тил» (официалдуу тил) - мамлекеттик башкаруунун, мыйзамдардын, бийликтин, сот процессинин, илимий изилдөөнүн тили болуп саналат.

"Мамлекеттик тил" же "расмий тил" киргизилген көпчүлүк өлкөлөрдүн мыйзамдарында каралып жаткан түшүнүктөр синоним катары колдонулат.

Терминологиялык дал келүү көбүнесе «мамлекеттик тил» жана «расмий тил» түшүнүгү улуттук тилдин расмий колдонуу чөйрөсү сыяктуу элементти камтыганына байланыштуу. Чынында, кеп расмий катнаштын, расмий иш кагаздарынын, мыйзамдардын, сот өндүрүшүнүн керектөөлөрүн мамлекеттик тил менен тейлөө, б.а. тил мамлекеттик ишмердүүлүктүн процессин жана натыйжаларын бекитүүчү каражат катары иштейт.

«Мамлекеттик тил» түшүнүгү бир катар белгилери менен айырмаланат, алардын ичинен биринчи кезекте анын тигил же бул мамлекеттүүлүк менен тыгыз байланышын белгилей кетүү керек. Мамлекеттик тил расмий мамилелер чөйрөсүндө байланыш каражатынын ролун аткарууга арналган. Ал мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик мекемелердин жумушчу тили болуп саналат, сот өндүрүшүндө жана мыйзамдарда мамлекеттик символикаларда, топонимикада, ошондой эле тарбия жана билим берүү системасында, маалымат таркатуу тармагында ж.б.колдонулат. Ошентип, көп улуттуу коомдун жашоосунун көпчүлүк тармактарында байланыш каражаты болуп саналат. Байланыштын башка чөйрөлөрүндө ЖМК, билим берүү, жарнама, ар кандай коомдук иш – чаралар бир караганда мамлекеттик тилге эч кандай тиешеси жоктой көрүнөт жана бул чөйрөлөрдө тилди колдонууну жөнгө салуу максатында мамлекеттин укуктук кийлигишүүсүнө болгон аракеттер табигый башаламандыкты, ал тургай кастыкты пайда кылат. Демократиялык мамлекетте тилдик кырдаалга жол берилбейт, анткени ар бир жаран өзүнүн укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тигил же бул жол менен таасир эткен коомдук турмушка катышууга, өзүнүн юридикалык милдеттерин аткарууга мүмкүндүк берген маалыматты түшүнгөн тилинде алууга укуктуу.

«Мамлекеттик тилди» айырмалап турган негизги нерсе – анын мамлекеттин символу катары (туу, герб, гимн менен бирге) позициясы, анын белгилүү бир улуттук мамлекеттүүлүк менен, конкреттүү этнос менен байланышы. Анын позициясы бул тилди мүмкүн болушунча кеңири чөйрөдө, анын ичинде расмий тилден тышкары билим берүү жана массалык коммуникация чөйрөсүндө артыкчылыктуу өнүктүрүүнү жана колдонууну билдирет.

Колдонуу чөйрөлөрү жана аткарылуучу функциялардын жыйындысы боюнча «расмий тил» «мамлекеттик» тилден айырмаланып, тар түшүнүк, бирок аны укуктун субъектилери белгилей алышат. Аларга мамлекеттен тышкары мамлекеттик түзүлүштөр, административдик-аймактык бирдиктер, улуттук азчылыктардын компакттуу жашаган жерлериндеги муниципалитеттер, майда жергиликтүү элдер - мамлекеттик тилден тышкары расмий катнашта колдонулуучу башка улуттук тилге муктаж болгон бардык субъекттер колдоно алат.

«Расмий тил» мекеменин, коомдук же эл аралык уюмдун, саясий партиянын же аны киргизүүчү жана пайдалануучу субъектиси тарабынан гана - мамлекеттик, же административдик-аймактык түзүлүш, бийлик органы же жергиликтүү өз алдынча башкарууда керектелет.

Мамлекеттик же расмий тилди өзүм билемдик менен мыйзамга киргизүүгө болбойт, аны тандоо дайыма бир катар объективдүү себептер менен аныкталат. Биринчиден, бул тилдин өзүнө коюлган талаптары бар. Албетте, улуттук тилдин адабий, жазма түрү болуш керек. Тилчилер коомдук мамилелер жаатындагы 20дан ашык тил функцияларын санап, аларды аткаруу үчүн тилде функционалдык стилдер, лексикалык база, адабий норма болушу керек дешет.

Теориялык жактан алганда, билимдин кандайдыр бир өзгөчө тармагындагы каалаган текстти, анын ичинде уруулук же «бир айыл» тилине которууга болот. Бирок бул үчүн адегенде аталган тилдерди көп сандагы жаңы сөздөр – терминдер жана фразеологиялык бурулуштар жана айкалыштар менен байытуу зарыл. Тилдин белгилүү бир функционалдык өнүгүүсү болмоюнча, котормону ишке ашыруу кыйын болот, анткени билимдин заманбап атайын чөйрөлөрүнүн камтылышы айтылган тилдердин функцияларына кирбейт.

Мамлекеттик деп жарыяланган тилди милдеттүү түрдө пайдалануу чөйрөлөрүн мыйзамдык ченемдерде баса белгилейт. Эгерде иш мындай талаптар менен чектелсе, анда бул ченемдер юридикалык жактан өтө белгисиз болмок, мисалы: ар кандай тилдер менен бир тилдин ар кандай диалектилеринин ортосунда айырмачылыкты билүү кыйындыкты жаратат.

Мындан тышкары, ар бир тил белгилүү стилистикалык нормалар менен мүнөздөлөт, айрым сөздөрдө тигил же бул тилдик каражаттарды колдонуу ар кандай чөйрөлөрдө байланышып, кээде башка негиздер менен айырмаланат.

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

# УЛУТТУК САЯСАТТЫН УҢГУСУ

Эсиңе кел!



Байас ТУРАЛ

*Улутту үч нерсе сактайт. Ал улуттук тил, улуттук тарых жана улуттук дүйнө тааным (же улуттук философия). Дал ушул үч касиетке жасаган улуттук мамиле илимий көз карашка айланмайын жана ал мамлекеттик камкордукка алынмайын эл улуу улутка айланбайт. Улуу улутка айланбаган эл дайым жок болуп кетүү коркунучу менен жашайт. Мисалы, майда улуттарды жутуп жок кылуучу факты, азыркы учурда ирилешүү (глобализация) деген ат менен бүткүл дүйнөнү кучагына алган процесс катарында өтө даана көрүнүүдө.*

Ал эми кийинки кезде Улутту сактап калчу башкы касиет жана улуттук аң-сезимди калыптандыруучу “улуттук идея” катары көтөрүлүп жүргөн экономика, башкача айтканда байлык, дал ушул үч нерсени сактоого жана өстүрүп, өнүктүрүүгө кызмат кылышы керек. Анткени тили, тарыхы жана дүйнө таанымы өнүкпөгөн Улут узак өмүр сүрө албайт.

Биз “улуттук экономика” деген сөздү айтканда миңдеген жылдар бою улуттун материалдык казынасын толтуруп келген мурастарды, ал эми “улуттук идеология” деген терминди пайдаланганда миңдеген жылдар бою улуттун рухий аң-сезимин калыптандырып келген дөөлөттөрдү түшүнөбүз.

Бирок, идеологдор ушул убакка чейин экономиканы улуттук идеология катары көрсөткөн саясат жүргүзүп, элдин башын айлантып келишти. Натыйжада экономика да, улуттук маданият да өнүкпөдү. Тескерисинче, улуттук экономика кыйрады, улуттук рухий кайра жаралуу да болгон жок. Эмне үчүн? Анткени, Улуттук идеологияны негизинен “орусташкан”, “европачыл”, кайсы бир эл аралык уюмдардын акчасына сатылып кеткен чала билимдүү патриоттук духу өтө төмөн саясатчылар жүргүзүп келатышат. Бир убактарда европалык еврейлердин акчасына сатылып кеткен дал ушундай чиновниктер батыштын илим-билимин жана маданиятын даңазалап олтуруп, дээрлик 600 жылдан ашык дүйнөнүн жарымын чеңгелине мыкчып турган улуу Осмон империясы ичинен ыдыратып, кыйратып жок кылышкан болчу.

***

Улут дайым эле кырылып жок болбойт. Ал башка бир улутка кошулуп, сиңип кетип да атын өчүрөт. Мисалы, 1922-жылы “СССР” деп аталган социалисттик системадагы улуу империя түзүлгөндө, анын курамында 198 улут бар болчу. 1991-жылы ушул улуу Империя чачылып жок болоор алдында анын территориясында 101 гана улут калганы расмий документтерде белгиленген. Калганы кайда кетти? Кырылып жок болдубу? Жок. Алар “интернационализм” чапанын жамынган шовинисттик саясаттын натыйжасында орусташуу процесине кабылып, 70 жылдын ичинде өздөрүн тарыхтын топурагына тирүүлөй көмүүгө мажбур болушту. Башкача айтканда, ал улуттар, акырындап адегенде тилинен, анан тарыхынан, анан аны менен кошо дүйнө таанымынан айрылып, элдер достугун даңазалаган “элдер достугу” идеясын даңазалаган бойдон улуу орус элине сиңип кетишти.

Бүгүнкү күнү ал “улутсуздук” идеологиясы (интернационализм) “ирилешүү” идеологиясы (глобализация) деген аталыш менен бүткүл дүйнөлүк деңгээлде кайра жанууда. Бул дүйнөлүк саясат ар кандай элдер менен мамлекеттер ортосун мурда болуп көрбөгөндөй жакындаштырып, алардын алдындагы проблемаларын да жалпылаштырды. Этностук түшүнүк менен кеп кылганда, кайрадан майда элдердин чоң элдерге сиңип, жок болуп кетүү же кайсы бир аймактарда жашашкан чекаралаш элдер “евросоюз” түрүндөгү конфедерацияларга биригүү же тектеш элдер кошулуп, бир улуу Улутка айлануу талабы келип чыгууда. Бир жагынан орустук, ага кошулуп европалык массалык маданияттын жана ирилештирүү идеологиясынын таасири күчөсө, экинчи жагынан океан улут – кытайдын толкуну күн чыгыш тоолорунан ашып төгүлүп, Борбор Азия аймагын каптай баштады. Мына ушундай кырдаалда: “Эми биз – кыргыздар эмне кылышыбыз керек?” “Улут катары кантип сакталып калабыз?” деген суроолор коюлуп отурат.

Эгер улут катары сакталсак, анда өз алдынча жашаган эркин мамлекетибиз да болот. Маселе мына ушунда. А эгер улут жок болсо, анда ал түзгөн мамлекет да акырындап, ал балким жарандык согуш менен өз өмүрүн аяктайт. Тарыхтын татаал тажрыйбасы ушундай.

Биздин алдыбызда эки жол бар. Анын бири 16-кылымда улуттук негизде кайра түзүлүшкөн Европа мамлекеттеринин тарыхый тажрыйбасын пайдаланып, Улуттук Кайра Жаралуу процесин тездетүү жана күчөтүү. Тагырак айтканда, улуттук тилибизди өнүктүрүү, түпкү тарыхыбызды изилдөө, улуттук дүйнө таанымыбызды мезгилге ылайык тактап жазып чыгуу. Максат: руху күчтүү, билимдүү, бай, бакубат заманбап Улутка айлануу.

Андан кийин Борбордук Азия элдеринин “евросоюзун” түзүүгө катышуу. Бул биздин өз алдыбызча улут катары сакталып калуунун экинчи жолу. Бирок, бул жол да баары бир бизден рухий көрөңгөсү кубаттуу улут болууну талап кылат. Ошондуктан, кандай болгон күндө да биз тезирек бутубузга туруп, тапкан байлыгыбызды Улутту сактап калчу жана аны духу күчтүү улуу улутка айлантчу касиеттерди өнүктүрүүгө карай багытташыбыз керек.

***

Бүгүнкү күнү эл ичиндеги кээ бир адамдар ар кандай жолдор менен орус тилине мамлекеттик статус берүүгө, кыргыз тилин өнүктүрүүгө каршы экендиктерин ачык эле билдиришүүдө. Алар улуттук тилди сактап калууга умтулган адамдарга “улутчулдар” деген саясий ярлык тагып, өздөрүн мамлекеттин ынтымагын көздөгөн “акылдуу” адамдар катары көрсөткүлөрү келишет. Бирок, алар баштап бараткан жол эртеби-кечпи Кыргыз мамлекетин жарандык “кагылышка” алып келерин, анткени бул табигий өнүгүү жолу эмес экенин, Мамлекеттин өзөгүн түзгөн Уютку Улуттун эркине каршы аракеттер дайым ушундай болорун алар билгилери да келишпейт. А балким алар атайылап Кыргыз элин ушул жол менен алып баратышкандыр?

А чынында азыркы учурда эки гана адам бири-бирине каршы аракеттерди жасоодо. Алардын бири “улутчул”, экинчиси – “улутсуз” адамдар. Бизге бул эки адамдын кимиси керек? Албетте, улутчул адамы. Анткени, улутту дал ошол улутчул адам сактайт. Ал эми улутсуз адам үчүн Улут болобу, болбобу – ага баары бир. Эң башкысы өзү аман жүрсө, жакшы жашаса болду.

Батыш элдеринин түшүнүгүндө “улут” бир этносту эмес, Мамлекеттин жалпы калкын түшүндүрөт. “Эл” менен “улуттун” айырмасы: Эл - мамлекети жок улут, Улут - мамлекети бар эл. Демек, “улутчул адам” деген сөздүн башкы мааниси “мамлекетчил адам” деген түшүнүктү берет.

Бир тааныш
ымдын: “Айда адамдар жашайбы, же жашабайбы – мага баары бир” деп айткан сөзү эсиме түшөт. Анысы сыңарындай, жеке өзүнүн гана кызыкчылыгын көздөп, бай болуудан башканы ойлонбогон улутсуз адамдарга, Кыргыз улуту эртең бар болобу же жок болобу, баары бир.

Ошондуктан бүгүнкү күнү сөз орус тилин окутпоо жөнүндө эмес, кеп Кыргыз тилин чыныгы мамлекеттик тилге айлантып, андан нары аны өнүктүрүп отуруп, Кыргыз улутун жок болуп кетүүдөн сактап калуу тууралуу баратат. Бүгүнкү күн, дүйнө элдеринен бир гана орус тилин эмес, андан да жогорку деңгээлде англис тилин жана компьютерди үйрөнүүнү талап кылууда. Дал мына ушул багыттар жана ушундай аракеттер азыркы учурда Кыргыз мамлекетинин Улуттук саясатынын негизги бутактарынын бири болушу керек. Биз Кыргыз улутун жок кылуу аракети менен жашап аткан же анын тагдырына кайдыгер караган “киргиз” адамынын эмес, Кыргыз улутунун келечегин ойлоп тынчсызданып жүргөн кыргыз адамынын укугун коргошубуз керек. Ушул убакка чейин бул нерсе тескерисинче болуп келүүдө. Эми ал катаны оңдоп, кыргыз тилинин тагдыры – ал Кыргыз улутунун тагдыры экенин жакшы түшүнө турган мезгил келди. Бул - биз жаңы ойлоп тапкан “велосипед” эмес. Бул - бүгүнкү күнү улуттук негизде түзүлүп, жашап жаткан дүйнө элдеринин 95 пайызынын тажрыйбасы. Аны көрө албаган жана көргүсү келбеген саясатчылар жана өлкөнү башкарып турган адамдар “улутсуз адамдар” катары айыпталууга тийиш. Анткени алар Улутка эмес, Улутту жок кылуучу дүйнөлүк ирилешүү (глобализация) идеологиясына кызмат кылып жаткандар болуп саналат.

***

Кээ бир адамдар айтып жүрүшкөндөй: “техника” өнүкпөсө, андан улут жок болбойт. Ал турсун билими жок улут да жашай берерин тарыхтан жакшы билебиз. Динин өзгөртүп да, же башка динди өзүнө ылайыкташтырып, кабыл алып да, Улут жашоосун уланта берет. Бирок, Тил жок болгон күнү Улут жок болорун баарыбыз жакшы түшүнүшүбүз керек.

Эң акырында айтарым, “биз жок болбойбуз”, “биз байыркы улутпуз”, “биз улуу элбиз” деп кур чиренүүнүн кереги жок. Ушинтип өзүн өзү жооткотуп атып, көп улуттар жок болуп кеткенин биз тарыхтан жакшы билебиз. Аны өйдө жакта да айттык. Тилге жасаган кайдыгер мамиле – улутук чыккынчылык катары каралмайынча, биздин улут жок болуу жолундагы жашоосун уланта берет.

Ушундан улам бир нерсени айта кетейин. Байыркы кыргыздар эки адамды: жалган сүйлөгөн адамды

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

# – УЛУТТУК ТИЛ



жана ууруну өлүм жазасына тартышкан. Ал эми чыккынчыны тогуз жолдун тоомуна казыкка отургузуп, атасынын моюнуна баласынын башын кесип, илип коюшкан. Ошондон улам ал адам чыккынчынын атасы экенин билишкен. Ушундан өткөн жаза жана кордук болобу?! Андайлар эптеп бир жолун таап, өзүнүн боюн өзү аскадан таштап, же дарыяга ыргытып, же өзүн өзү канжар менен уруп өлүүгө мажбур болушкан болуу керек?

Жаман адамдардын өзүнө жараша мамиле жасалганы үчүн Кыргыз эли орто кылымдарда идеалдуу коом түзгөн калк катары Азербайжан элинин улуу акыны Низами тарабынан "Искендер наме" поэмасында даңазаланып ырдалган. Байыркы кыргыздар тууралу араб саякатчысы Абу Дулаф тарабынан жазылган маалыматтар да башка элдерди таң калтырып, суктанткан.

Бүгүн эл бузган, коомду булгаган андай адамдарга өзүнө жараша мамиле жасалбагандыктан, "улутчул" адамдар "улутсуз" адамдарга көз каранды абалда жашаган мезгилди баштарынан кечирип жатышат. Эки жүздүүлүк, элди алдап, калп айтуу бүгүн көнүмүш адатка айланды. Эзели элибиздин кыздары денесин сатып жан баккан эмес эле, бүгүн алар нары бери өткөн эркектердин жолун тороп, ар кайсы көчөнүн бурчтарында турушат. "Кары калыстыктан тайса, жаштан ыйман кетет" деген элибиз. Ошондон уламбы, улукту сыйлап, улууну урматтоо, кичүүгө ызаат көрсөтүү да түгөнүп баратат. Эзелтен эрдик көрсөтүүгө тарбияланган кыргыз баласы бүгүн аны унутуп, кара курсагы үчүн семичке, сигарет сатып, эртеден кечке базарда отурат. Улут өзүнүн түпкү касиеттерин өчүрүп, ата-бабаларынын осуяттарын унутууда, өзүнүн асыл өзгөчөлүктөрүн жоготууда. Акылман элдин акылы азайууда, эр, эл эрдик жасаганды унутууда. Эми эмне кылабыз? Кантип улутту сактап калабыз? Кантип мурунку жакшы сапаттарыбызды кайра калыбына келтиребиз?

Ал үчүн Улуттун күчүн топтоп, аны улут атын жок кылбай кармап турган эң башкы касиетти сактап калууга багыттышыбыз керек. Эң башкы касиет – ал тил. Тилди сактасак, улутту сактайбыз. Тилин сактаган улут, тарыхын сактайт, тарыхын сактаган улут дүйнө таанымдарын жоготпойт, каада-салттарын, нарктарын, ырым-жырымдарын, улуттук оюн-зоокторун калыбына келтирип, улуттук баалуулуктарын кайра жандандырат. Ал үчүн мамлекет Улуттук тилди Улуттук саясаттын уңгусуна айлантышы зарыл.

***

....Бул макала мындан 19 жыл мурун жазылып, басма сөз беттеринде жарыяланган. Бирок, Мамлекеттик тилге болгон мамиле да, анын статусу да өзгөргөн жок. Маселе ошол кезде кандай козголсо, дал ошол эле бойдон калып келатат. Эми, эмне кылыш керек? Буга ким күнөөлүү? Албетте, биринчи кезекте, ушул мыйзамды талкуулап, кабыл алган жана анын аткарылышын көзөмөлдөө укугуна ээ болгон Жогорку Кенеш күнөөлүү! Анткени, ал өзүнүн кабыл алган мыйзамдары кандай иштеп жатканына өзү көз салып, мезгил-мезгили менен текшерип, эгер иштебей жатса, иштебей жаткан беренелерин алмаштырып же ондоп жазып, өзгөртүүлөрдү киргизип турушу керек эле. Ошондуктан, 32 жылдан бери Мамлекеттик тилдин иштебей жатышына Жогорку Кенеш жооп бериши керек.

Кийинки эки-үч жылдын ичинде үч автор кайрылуу жасап, Мамлекеттик тилдин статусун бекемдөө боюнча Конституциялык Кеңешмеге сунуштарыбызды берип, Мыйзам боюнча, "Мамлекеттик тилди окутууга жана жайылтууга" бөлүнгөн каражаттын эсебинен "мамлекеттик эмес" тилдер (орус, өзбек, тажик ж.б.) да мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутулуп жатканы туура эмес" деген ойлорубузду айтканбыз. Бирок, маселе ошол эле бойдон өзгөрүлгөн жок. Ошол сунушту кыскача дагы кайталап, ушул макалага да кошуп жазып койууну туура көрдүм. Ал үчүн адегенде Баш Мыйзамга төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилиши зарыл:

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили болуп - Кыргыз тили саналат.
2. Зарылдыгына жараша эл аралык статуска ээ: англис, орус, кытай, араб, немис жана испан тилдери "расмий тил" катары мамлекеттер аралык мамилелерде колдонулат.
3. Мамлекеттик тилди окутуу, жайылтуу жана өнүктүрүү иштери мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланат.
4. Кыргыз Республикасынын элинин бир бөлүгүн түзгөн этникалык азчылыктардын өкүлдөрүнө эне тилин сактоо жана окуп үйрөнүү үчүн шарттарды түзүү укугу кепилденет.

Бирок, тилекке каршы, биздин сунуш өтпөй, Мамлекеттик тил тууралуу текст, мурунку Баш мыйзамда кандай жазылса, ошол эле бойдон өзгөрбөй калган.

"Акырында айтарыбыз: Мамлекеттик тил, мамлекет ичинде - "иш кагаздарын жүргүзүүнүн", "улуттар аралык катнаштын", мамлекеттер ортосундагы мамилелерди түзүүдө "сүйлөшүүлөрдүн" жана "келишимдердин" тилине айланганда гана ал өзүнүн мамлекеттик кызматын аткарып жатат деп айтууга болот. Тилекке каршы, өз эркиндигин жарыялаган КМШ мамлекеттеринин ичинен бир гана биздин – Кыргыз тили иш жүзүндө андай укукка ээ боло элек. Мунун өзү биздин элдин жана мамлекеттин эркин экендигинен шек туудурат?

Мамлекеттик тил мыйзамы кабыл алынгандан бери 33 жыл өттү. Ал өзүнүн мамлекеттик кызматын толук аткарган тилге айланыш үчүн дагы канча жыл керек? Өзүнүн тилин мамлекеттик тилге айланта албаган элди "эркин эл" деп айтууга болобу?"



№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

# Манас тилине медицинадагы тогуз тоскоол жөнүндө

**Мейманжан ЖЭЭНАЛИЕВ, Улуттук комиссиянын төрагасынын медицина боюнча кеңешчиси, доктур, лингвист-терминолог, котормочу жана манас таануучу**

*Кадырман окурман! Азыркы кыргыз эли, кыргыз эл санжырасына (Төлөк Төрөкан уулу, 2018), археологиялык казылмаларга жана палеогенетикалык изилдөөлөргө таянсак, кеминде 7000 жылдык көөнөргүс тарыхы бар, байыркы, баатыр, асыл жана нур элинин тикелей урпактары экени талашсыз чындык.*



Атам замандан бери кыргыз эли эне тилин аздектеген, ага өзгөчө аяр мамиле кылган. Жаш жеткинчектеринин келечекте: эл багаар, мал багаар же жан багаар болоорун анын тилинен, сүйлөгөн сөзүнөн эле билип койгон.

Тил маселеси боюнча тарыхка серөп салсак, манасчылардын айткандарына таянсак, Айкөл Манастын жансакчысы, кылтабып Ажыбай чоро 72 тил билген.

Алтай көчмөндөр цивилизациясын мейкинде эң алыс, мезгилде эң узак Европага болгон Улуу жортуулдагы – Улуу көчтөгү гундардын 9- улуу кагány Жеңилбес Аттила (Ата уулу, Адилхан) бабабыз 7 тил: кыргыз-кыпчак, латын, грек, француз, испан, немис, славян жана алаан тилдерин билген, жортуулга чыгаарда ар бир түмөн- жоокерлеринин алдында алардын эне тилинде жалындуу сөз сүйлөп, Көкө-Теңирге жалынып жоого аттанган. Гундар таймашта эч качан жеңилген эмес.

СССРдин учурунда Кыргыз ССРнын Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин биринчи кыргыз секретары, кеменгер Исхак Разаков 5 тил: кыргыз, орус, тажик, өзбек жана англис тилдерин билген.

Кыргыз эли эгемендик алганы Бириккен Улуттар Уюмуна (БУУга-ООНго) мүчө болгону кыргыз аял затынан чыккан биринчи Президенти, азыр экс-Президент Роза Исаковна Отунбаева 5 тил: кыргыз, орус, немис, француз жана англис тилдерин билет. Илимий диссертациясын немис тилинде коргогон.

«Кыргыз Республикасында 2023-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын бекитүү жөнүндө» «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү туралуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомун (07.02.2022, №67); « Оорулардын эл аралык жиктемесинин 11 – каралышына (ОЭЖ-11)» өтүү жөнүндө Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун (БДССУ) чечимин, «Международная классификация болезней 11 пересмотра (МКБ-11) орусча жоромолду улуттук тилдерге сапаттуу которуу жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештик (КМШ) өлкөлөрүнүн Мамлекеттер аралык медициналык терминологиялык эксперттик жумушчу тобунун (м.а.- Жумушчу топ) сунушун “Медицина тармагында Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү түзүмдөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын (м.а.-Улуттук комиссия) жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин (м.а.-КР ССМынын) биргелешкен буйругун (01.03.2022, №12; 11.03.2022, №302) Кыргыз Республикасынын медицина, фармация, ветмедицина, медициналык билим берүү жана илим жаатында, медициналык кызмат көрсөтүүчү министрликтерде, комитеттерде, агенттиктерде жана ведомстволордо (м.а.-медицина тармагы) менчиктин түрлөрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан пландуу, тутумдуу (системдүү) жана айкалыштырып (комплекстүү) ишке ашыруу учурдун кечиктирилгис талабы.

“Башкаруу – бул илим жана искусство”- аттуу эмгекте (А. Файоль, Г. Эмерсон, Ф. Тэйлор, Г. Форд, 1992 ) башкаруунун (менеджменттин) дүйнөлүк классиги Ф. Тэйлор: “Кайсы гана жамаат болбосун, мейли байыркы патриархалдык коом болобу же заманбап өнүккөн корпорация болобу, айтор анын ойлонулган, максатка багытталган, жамааттык ишкердигинде башкы төрт тирек: пландоо, уюштуруу, жетектөө жана контролдоо ар дайым башкарып иретке салууну талап кылат” дегени ар дайым жетекчиликке алынганы оң.

Бирок, жогоруда аталган ченемдик -укуктук актыларды республиканын медицина тармагында ишке ашырууга кедергисин тийгизип жаткан, келечекте ОЭЖ-11 өтүүдө да кедерги боло турган олуттуу тоскоолдор арбын. Алардын сап башындагы: биринчи тоскоол-максатка багытталган, акылга ийленген, жогорку орган-Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия (м.а.-Улуттук комиссия) менен макулдашылып бекитилген, атайын программанын же долбоордун жоктугу; экинчи тоскоол - иш-чараларды аткарууга тикелей көмөктөшүүчү түзүмдөрдүн жана бирдиктүү тутумдун түзүлбөгөндүгү; үчүнчү тоскоол - аткарылган алгылыктуу иштер улам үзгүлтүккө учурап улантылбагандыгы, төртүнчү тоскоол - бюджеттен акча каражаты медицина тармагына максаттуу бөлүнбөгөндүгү; бешинчи тоскоол - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (28.12.2004, №958) одоно бузулуп штаттык ырааттамалардан мамлекеттик тил жана кыргыз тил котормочу адистеринин эч жүйөлүү себептерсиз эле кыскартылгандыгы; алтынчы тоскоол - жеке жоопкер, көзөмөл органдын бекитилбегени; жетинчи тоскоол-республикалык (үчүнчү) деңгээлден баштапкы медициналык мекеме- уюмдарга (биринчилерге) чейин тикелей байланыштын дээрлик үзүлгөнү; сегизинчи тоскоол - медицина тармагынын жетекчилеринин кыргыз (Кыргызстан) элинин мамлекеттик тилин өнүктүрүүгө жана тил саясатын өркүндөтүүгө багытталган ченемдик -укуктук актыларды аткарбагандыктары, же жөн эле аткарымыш болгондуктары; тогузунчу тоскоол-жогоруда аталган ченемдик- укуктук актыларды аткарбаган, кайдигер жетекчилерге «КР Мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 8-бап 33-беренесине таянып: «Ушул Мыйзамды бузгандыгы жана аткарбагандыгы үчүн мамлекеттик органдардын, менчиктин баардык түрүндөгү уюмдардын жетекчилери, ошондой эле юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде жоопкерчиликке тартылышат» дегени аткарылбаганы. Ушул кезге чейин медицина тармагынын бир дагы жетекчиси Манастын тилин аткарбаганы үчүн, жоопкерчиликке тартылмак тургай эскертүү да албаганы эң башкы тоскоолдук экенин турмуш ашкере кылды.



Ошентип, жазасыздык акыры келип, мыйзамсыздыкка түртөрү анык болду!!!

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru



Которгон: Таштанбек ЧАКИЕВ

# Расул Гамзатов



## Толук карыялар

*Жашайт тоодо карылар,*
*Намыска бек, шертке бек.*
*Сөзү өлсө, өмүрү*
*Өлүм менен шерттелет.*

*Жаза басуу, жаңылуу*
*Түк кездешпейт аларда.*
*Баасын берет бир карап,*
*Адал менен арамга.*

*Көзү ачыктай айтышат,*
*Кимдин эмне болорун.*
*Жоодон өлүп ким эртең*
*Кимге дөөлөт коноорун.*

*Калп айтканга тетири*
*Келет бата беришип.*
*Адилдикти кулаган,*
*Атка кетет эңишип.*

*Тили жүйрүк береки*
*Ак сакалчан карыя,*
*Айткан сөзү кынаптап,*
*Мүлдө адамга жарыя.*

*Кагылайын карылар,*
*Журт эгеси өзүңсүң.*
*Караңгыда жол тапкан*
*Калктын кара көзүсүң.*

*Чабандестин айылга*
*Не келгенин билесиң.*
*Жакшылыкты кудайдан*
*Жана дайым тилейсиң.*

*Чохтук тиги Камалил*
*Башыр бала кезинде.*
*Бир карыя моминтип;*
*Айткандыгы эсимде:*
*Сымбатына сук артып,*
*Ээрчийт далай кыз-катын.*

*Ал ошентип жейт анан*
*Акыр жүрүп өз башын!*
*Шамил окуп шарыят*
*Дили түшүп куранга.*

*Калкка өтүп кадыры,*
*Имам болуп турганда*
*Гимриндик чал айтты:*
*«Шамил жоого аттанат.*

*Элин алып кырдырып,*
*Жүрөгүнөн кан тамат».*
*Уккан башка карыя,*
*Акын Махмуд ырларын:*
*«Ок жеп өлөт деген бул*
*Азабынан кыздардын...»*

*Келем мен да чоочулап,*
*Аксакалдар сынынан.*
*Тапса кандай болот деп,*
*Мүчүлүштүк ырымдан!*

*Карылардын мына ушул –*
*Тоодой бийик кадыры.*
*Мазар эмей эмине,*
*Өлсө кокус кабыры.*

*Собол таштап кайрылсаң,*
*Дайым жообу табылар.*
*Сакалдары куудай ак,*
*Бар болгула карылар*

## Чыңгыз Айтматовго

*Улуу баян уялоодо жүрөктү,*
*Куй шарапчым, мейли шарап же кымыз.*
*Отурамын жетине албай төрүңдө*
*Улуу адамдын. Улуу инсандын. Ал – Чыңгыз!*

*Келдик минтип ат арытып жол жүрүп,*
*Ар кай жерден, ар кайсы элден тоюңа.*
*Жаш аламын көзгө, досум, анткени*
*Атаң түшөт, апаң түшөт оюма.*

*Сени тапкан айланайын энеңден,*
*Арбагы күч – атаң аскар тоо белем.*
*Сүйүнөмүн жарылганча маңдайым,*
*Сүйүнчүңдү бөлөм барып эл менен.*

*Ооба, Чыңгыз эне сүтүн актадың,*
*Текке кетпей атакеңдин мээнети.*
*Мен кыйраттым, мен кыйынмын дебедиң,*
*Көтөргөндө кыргыз аттуу желекти.*

*Кеседеги оттуу сууну мына бу*
*Атаң үчүн, апаң үчүн аламын.*
*Кагылайын, кудай кошкон кан досум,*
*Санаалашым, сапарлашым, кымбатым.*

*Жээкке урунат албуут мүнөз толкундар,*
*Бороон сынайт кемелердин мамысын.*
*Кебелбестен келе берет Ак кеме,*
*Колдоп кыргыз, коргоп Чыңгыз намысын.*

*Жаман көрбө Расулун Гамзаттын,*
*Айтпайт кантип бир арманын ырына.*
*Гүлсарычан качкан авар айлынан,*
*Ичи күйөт Жамиляга чынында.*

*Чап чабандес, аргымакты жел жетпес,*
*Тоскоолдукту жиреп өткүн, сынбагын.*
*Кагылайын, кудай кошкон кан досум,*
*Санаалашым, сапарлашым, кымбатым.*

*Сүйүүбүз – ак барыбыздын Мекенге,*
*Умтулабыз дүйнөсүнө жылдыздын.*
*Эмгегиң – зор, сени менен анткени,*
*Тоосу бийик ак калпактуу кыргыздын!*

## Патимат

*Келгенсиң дүйнөгө мына бул,*
*Көзүңө сыр катып – карагат.*
*Апакең алдейлеп уктатчу,*
*Патимат, Патимат, Патимат.*

*Түш көрчүң, түшүңдө бир укмуш*
*Жүрчүсүң гүлзаарды аралап.*
*Көк гүлдөр, ак гүлдөр ырдашчу:*
*«Патимат, Патимат, Патимат!».*

*Бой жеттиң, мезгилдер алмашып,*
*Болдум мен келиишкен азамат.*
*Үйүңдү айланып көп жүрдүм,*
*Патимат, Патимат, Патимат...*

*Өзүң деп үшкүрүп бу тоолор,*
*Өзүң деп сан гүлдөр ачылат.*
*Ысымың кайталайм күнү-түн:*
*«Патимат, Патимат, Патимат!»*

*Кыз күттүк өзүңдөй анан биз,*
*Татына, көздөрү – карагат.*
*Бакытка бөлөндү үйүбүз,*
*Патимат, Патимат, Патимат.*

*Күн батып, моминтип ар күнү*
*Алпейим бир укмуш таң атат.*
*Бир сен деп жашайм да, өлөмүн*
*Патимат, Патимат, Патимат.*

## Грузин кыздарга

*Акындардын аты менен ант берем,*
*Көкөлөтүп мактоо келбейт оюма.*
*Эске алгыла анан муну – мен азыр*
*Жүргөнүм жок грузиндердин тоюнда.*

*Белгилүү го, ал тойдогу каада-салт,*
*Тост көтөргөн жана адам укугу.*
*Эл алдында көкөлөтүү, көтөрүү*
*Мактоо, даңктоо кичүүнүн да улууну.*

*Мен антпеймин, - калп айталбайм ырыма,*
*Грузин кыздар ымандай сыр бул өзү –*
*Көрүшкөн күн силер менен салтанат,*
*Көрбөй калуу – көңүл чөгүү, өкүнүү.*

*Айрым-айрым эркектерди силердин,*
*Түк түшүнбөйм ичкиликке маш болгон.*
*Сүйүп калып чын дилимен силерди,*
*Жүрөм дале соолуга албай мас бойдон.*

*Мейли мени жапайы де, анан да*
*Тоодон кулап, арка-мойнум сынышын*
*Тилегиле, грузин кыздар, а бирок*
*Туура көрбөйм паранжысыз жүрүшүң.*

*Ал анткени, чырайыңа мен эмес*
*Түшөбү дейм Кудайдын да назары.*
*Унтуп коюп өз милдетин анан ал,*
*Токтобосун тиричилик базары?!*

*Бабалардын жолун жолдоп, мен бүгүн*
*Жалдан тартып ат үстүнө минбедим.*
*Өрттөй жанып кол ойнотуп, кылыч чаап*
*Айгай салып айылыңа кирбедим.*

*Ал ошентип алдың менден байыркы*
*Көкүрөккө катып жүргөн кегиңди –*
*Акын болуп ырга салдым, даңктадым*
*Кызы сулуу, кызы – пери элиңди.*

*Аргам куруп, калбас үчүн анан да,*
*Башты чайкап, бармак тиштеп өкүнүп.*
*Тоолуктарча кийиндирип силерди,*
*Тоону көздөй кетем атка өңөрүп.*

*Тоо койнунда улар үнүн эшитип,*
*Сыр айтасың түрмөктөшкөн булутка.*
*Көрсөтөмүн булактарды Ай конгон –*
*Тоолуктарга чыгасыңар турмушка.*

*Жолуктуруп ырларымдан силерди,*
*Кирпик какпай түнү жазган мына ошол.*
*Грузин эли кылыгыма баа берип:*
*– “Кайран авар, шайтан авар!”- деп коёр.*

*Мейли, анан силер менен мактанып,*
*Ажарыңды айга-күнгө теңесин.*
*А мен болсо, тоо башынан силер деп*
*Күлүмсүрөп, күн кучактап келемин.*

*Өчөт-жанат көк бетинде сан жылдыз,*
*Грузин кыздар, ымандай сыр бул өзү:*
*Каспий жээктеп жашап келет силер деп,*
*Тоолук акын, тоо сымал кулк-мүнөзү.*

*Куса болуп, отурганда убай жеп,*
*Деп айтамын: - “Бир болобуз буюрса.”*
*Бирок кыздар, суранаарым, акындын*
*Бул айтканын аялына угузба.*

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

# Ош шаарында мамлекеттик тил жана жарнама мыйзамынын аткарылышы боюнча жыйын болду

*Бүгүн Ош шаарында Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү жана Ош шаарынын мэриясында Мамлекеттик органдарда иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнүн абалы жана “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоору жана “Кыргыз Республикасынын жарнама жөнүндө” КР мыйзамынын аткарылышы тууралуу жыйын болуп өттү.*



Жыйынга КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы К.Осмоналиев, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Э.Толтоев, Ош шаарынын вице-мэри Н.Кадыров жана райондук мамлекеттик администрацияларынын башчылары-акимдер, Ош шаарынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын, билим берүү мекемелеринин, айыл өкмөттөрүнүн, мекеме-ишканаларынын жетекчилери жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышты.

Бул иш-чарада Ош облусунун район, шаарларынан келген жетекчилер өздөрүнө тиешелүү аймактагы абал тууралуу маалымат беришти. Ошондой эле төрага К.Осмоналиев Мамлекеттик органдарда иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнүн абалы. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоору жана “Кыргыз Республикасынын жарнама жөнүндө” КР мыйзамынын аткарылышы тууралуу кенен баяндама жасады.

Соңунда мамлекеттик тилге салым кошкон инсандарга Улуттук комиссиянын сыйлыктары ыйгарылды.



## Улуттук комиссиянын төрагасы Ош шаарындагы бала бакча мектептердеги мамлекеттик тилдин абалы менен таанышты



Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы К. Осмоналиев Ош шаарындагы иш сапарынын алкагында Ош шаарындагы билим берүү мекемелери менен таанышты. Жалпы билим берүүчү мектептеринде мамлекеттик тилдин окутулушу, абалы жана көйгөйү талкууланды.





# Сокулук, Москва райондорундагы мамлекеттик тилдин абалы боюнча жеринде жыйын өттү



*Бүгүн Сокулукта Чүй облусуна караштуу Сокулук жана Москва райондорундагы мамлекеттик тилдин абалы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан уюштурулган “Мамлекеттик, муниципалдык органдардагы мамлекеттик тилдин абалы” аталышындагы жыйын болуп өттү.*

Жыйында каралган маселелер:

**1.** “Мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө” КР Министрлер Кабинетинин 30.04.2022. №15 Протоколдук тапшырмасынын аткарылышы.

**2.** Сокулук, Москва райондорундагы мамлекеттик тилдин абалы.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия төрагасы Каныбек Осмоналиев, КР Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Гүлмира Алимбековна Кыштообаева, Москва райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Козуев Ниязбек Эгемкулович, Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Ташкулов Илияз Акжигитович, Шопоков шаарынын мэри Бекболотов Адылбек Токойбекович, шаардык мамлекеттик администрацияларынын жетекчилери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары, билим берүү мекемелеринин жетекчилери катышты. Жыйынды Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Ташкулов Илияз Акжигитович ачып, сөздү К.Осмоналиевге берди. Жыйындын жүрүшүндө мамлекеттик тил мыйзамынын аткарылышы, мамлекеттик мекемелеринин иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнүн абалы жана Шопоков шаарындагы жана Сокулук, Москва райондорундагы көрнөк-жарнак, көрүнөө маалыматтардын абалы, мекеме, уюмдарда иш-кагаздардын мамлекеттик тилде жүргүзүлүүсү тууралуу маалыматтар айтылды.




№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

## «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө»

## Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоорун талкуулоо боюнча парламенттик угуу өткөрүлдү

*2023-жылдын 28-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык саясат боюнча комитетинин чечими менен аталган мыйзам долбоору боюнча парламенттик угуу өткөрүлдү. Парламенттик угууну Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык саясат боюнча комитетин төрайымы В.К. Раимбачаева алып барды.*



Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 13-беренесине ылайык кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат жана мамлекеттик тилди колдонуу тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат. Аталган ченемди жүзөгө ашыруу максатында иштелип чыккан «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2023-жылдын 18-январында биринчи окууда кабыл алынган.

Конституциялык Мыйзам Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин колдонуунун жана мамлекеттик тил саясатын жүзөгө ашыруунун укуктук негиздерин, аны өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүдө мамлекеттик органдардын, мекемелердин, уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин белгилейт, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин колдонууда жарандардын укуктарын камсыз кылат.

Баяндамачы – КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, профессор К. Осмоналиев өз сөзүндө мыйзамдын маани-мазмуну, максатына кеңири токтолуп, анын актуалдуулугун баса белгиледи жана биринчи окуудан кийин Жогорку Кеңештин депутаттарынан, коомдук уюмдардан, жарандардан келип түшкөн сунуш-пикирлер тууралуу маалымат берип, жыйындын катышуучуларынын суроолоруна жооп берди.

Жыйынга Жогорку Кеңештин депутаттары, Кыргыз Республикасынын бир катар министрликтеринин, ЮНИСЕФ, ЮНЕСКО ж.б. эл аралык уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү, коомдук ишмерлер, жарандык активисттер, окумуштуулар, журналисттер, студенттер катышышты жана өзүлөрүн кызыктырган суроолору боюнча ойлорун билдиришти. Талкуу маалында КР УИАнын академиги С.Мусаев, УТРКнын журналисти Сонунбүбү Кадырова, Кыргыз эл акыны Тазагүл Закирова, Бириккен Улуттар уюмунун Балдар фондунун Кыргызстандагы өкүлү Кристин Жольм, журналист Жазгүл Карбозова, компьютердик технологиялар боюнча адис Эмил Асановдор бир топ пикирлерин билдиришти.

Жыйынтыгында Социалдык саясат боюнча комитеттин төрайымы Винера Раимбачаева айтылган бардык ой-пикирлер маанилүү экенин белгилеп, мыйзам долбоорун экинчи окууда сунуштар эске алынарын билдирди.

# Улуттук университетте кыргыз тилин санариптештирүүнүн маселелери талкууланды

*2023-жылдын 22-февраль күнү башкы имараттагы чоң жыйындар залында журналистика факультети менен ULUT SOFT компаниясы биргеликте уюштурган "Кыргыз тилин санариптештирүүнүн маселелери" аталышындагы кереге кеңеш болуп өттү.*



Жыйын манасчы Замирбек Баяливдин "Манас" эпосунан үзүндү айтуусу, төкмө акын Азамат Болгонбаевдин ыры, К.Молдобосанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын салттык музыка жана эл аспаптар ансамбли менен Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетиин ансамблинин аткаруусундагы элдик ыр-күүлөр жана "Билге клуб" окуу борборунун бийчи кыздарынын аткаруусундагы бийлер менен башталды.

Факультеттин теле-радиожурналистика кафедрасы тарабынан Эне тилдин эл аралык күнүнө карата даярдалган видео-ролик көрсөтүлгөн соң, мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча проректор Садык Алахан Эне тил күнүнө арналган иш чаралар бир айдан бери өткөрүлүп, КУУнун окутуучу-профессорлору менен студенттери аларга активдүү катышып жаткандыгын, бул кереге кеңеш да ошол иш-чаралардын бири экендигин белгилеп, сөз кезегин Улуттук университеттин ректору Төлөбек Абдырахмановго берди.

Ректор алгач иш-чаранын уюштуруучуларына, Бишкек шаарынын ар кайсы жогорку окуу жайларынан убакыт таап, мамлекеттик тилге күйөрман болуп, жыйынга катышып отурган меймандарга жана студенттерге ыраазычылык билдирди.

– Улуттук университет дегенден кийин, бул жер улуттук дух, улуттук тил, улуттук маданият, улуттук нарк-насил, улуттук менталитет орун-очок алган, ушул жерден кайнап, бышып чыга турган окуу жайы болуш керек, - деп сөзүн улантты Төлөбек Абдырахманов. - Жакында Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен Кыргызстандын 5 университетине өзгөчө статус берилди. Ал жарлыкты аткаруу үчүн абдан көп иштер жүрүп атат: ар бир университет 2027-жылга чейинки 5 жылдык стратегиялык пландарды кабыл алууда. Министрлер Кабинетинин төрагасынын, анын орун басарынын түздөн-түз катышуусу менен ар бир жылда жасала турган ишке конкреттүү мөөнөттөр, сандар, процентер коюлуп, ошону ишке ашыруун үстүндө иштеп атабыз.

– 5 университеттин ар биринин өзүнүн багыты бар: медицина, политехника, агрардык жана башка. Ошол жактан алып караганда, биздин университет социалдык-гуманитардык багытты алып кете ала турган университет катары бааланып, ушул багытта көбүрөөк ишти алып барганга аркет кылып атабыз. Ал иштердин бири - улуттук долбоорлорду иштеп чыгып, ишке ашыруу. Россия Федерациясында 11 улуттук долбоор бар. Биздин Кыргызстанда да ушундай улуттук долбоорлорду иштеп чыгып, анын конкреттүү аткаруучулары болсо жакшы иштер болот эле. Ошонун ичинде, улуттук тил маселесин көтөрүп атабыз. Биздин университетте кыргыз филологиясы жана журналистика факультеттери бар.

– Санариптештрүү боюнча, бизде маалыматтык жана инновациялык технологиялар факультети бар. Азыр болсо "Информатика жана жасалма интеллект" институту кылып атабыз. Чынын айтканда, жасалма интеллект боюнча Кыргызстанда институт жок. Бирок, качандыр бир кезде ачылыш керек, бирөө башташ керек. Аталган институтту биз Түштүк Кореянын Кемён университетинин көмөгү менен ачып атабыз. Буйруса, жемишин берет. Андан сырткары, бизде математика жана информатика факультети да бар. Мындайча айтканда, потенциал бар, дарамет бар, каалоо бар. Белсенип ишке киришип атабыз. Журналистика факультетинде "санариптик журналистика" деген багытты киргизип атабыз.

Сөзүнүн соңунда ректор кыргыз тили абдан бай тил экендигин, Улуттук университет аны санариптештирүүгө салым кошконго кадам таштаганын белгилеп, бул багытта КУУ менен Улуттук комиссия биргеликте жакшы иштерди алып бараарына жана бул жыйында катышып отурган инсандар ULUT SOFT компаниясынын директору Мирбек мырзанын презентациясын көргөндөн кийин кызыктуу талкуу болуп, сунуштар айтылып, жакшы жыйынтыктар чыгаарына ишенээрин билдирди жана кереге кеңештин ишине ийгиликтерди каалады.

Андан кийин ал ULUT SOFT компаниясынын директору Мирбек Окенов менен "Билге клуб" окуу борборунун хореографы Асел Миңбаевага КУУнун ыраазычылык катын тапшырды.

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын төрагасы Каныбек Осмоналиев жыйындын катышуучуларын Эне тилдин эл аралык күнү менен кызуу куттуктап, журналистика факультетинин теле-радиожурналистика кафедрасынын башчысы Зарылкан Алымбаевага өзү жетектеген комиссиянын "Кыргыз тил" төш белгисин, ал эми ошол эле кафедранын окутуучусу Жанара Акматбековага "Ардак грамотасын" тапшырды.

Куттуктоолордон кийин кереге кеңештин илимий бөлүгү башталып, ULUT SOFT компаниясынын директору Мирбек Окенов кыргыз тилин санариптештирүү боюнча баяндама жасады. Ал аталган маселенин азыркы учурдагы абалы, көйгөйлөрү тууралуу сөз кылып, ал көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштарын айтты. Баяндама катышуучулардын кызыгуусун жаратып, көптөгөн суроолор берилип, ой-пикирлер айтылды.



№02-03
(289)

30
03
2023

kyrgyztili@mail.ru

**Редакциядан:**

Кыргыздардын эки жакын тууган кошунасы бар, бири - казак баурдастар, экинчиси өзбек ашиналар. Казактар менен тээ байыртан же Улуу «Манастан» бери эле эгизибиз катары аралашып келатабыз, жамандык, жакшылыкты бирге көрдүк, Улуу Абайдан бери кудайга шүгүр чыгармачылыгыбыз жуурулушуп келатат. А мынабу өзбек туугандар менен тээ Союз учурунда бир аз жанданган адабий алакаларыбыз негедир кийинчерээк анча жанданбай, арабыз алыстап кеткендей болду. Чынында мен ушуга тынсызданып, дүйнөдө теңдешсиз сюжет менен көлөмү океандай «Манас» тарыхый дастанын жана ааламдык жазуучубуз Айтматовду бизден кем көрбөгөн, кем сүйбөгөн боордошторго кандай жакындашуунун жолун таппай жүрдүм эле.

Жакында «Рухэш» деген бир институттун жүгүн көтөрүп келаткан интернет сайт бар, анын башында ким тураарын өзүңөр жакшы билесиңер. Ошол Олжобай деген «жинди» укам мага бир өзбек досторду таап берди, тагыраагы Нодирбек Юлдашев аттуу мырзаны тааныштырып калды. Нодирбектин бир артыкчылыгы Кыргыз тилин мыкты билет экен. Көптөгөн өзбек адабий туундуларын кыргызча которуп жибериптир, азамат! Ошол үкөм мага жөнөтүп атат, мен болушунча гезиттин мүмкүнчүлүгүнө жараша сыйдырып кыргыз окурманына сунуп жатам. Окугула эй,өзбек адабияты азыр эч бир элден кем калбай турган деңгээлде экен...

**Дүйшөн КЕРИМОВ**



**Нодирбек ЮЛДАШЕВ** 1977-жылы 22-декабрда Өзбекстан Республикасынын Жызак облусу, Замын районундагы Так-Терек айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.
1984-1994-жылдары райондогу 8-орто мектепте, 1994-1999-жылдары А. Кадыри атындагы Жызак мамлекеттик педагогикалык институтунда окуган.
1999-жылдан бери өзү туулуп өскөн айылдагы 36-орто мектепте жаш муундарга география жана экономикалык билим негиздеринен сабак берип келет.
Казак, кыргыз, каракалпак, уйгур, түркмөн, өзбек тилдеринен котор-гон чыгармалары Өзбекстан жана Кыргызстандагы бир катар басма жана электрондук басылмаларда басылып чыккан.
Казакстан Республикасынын «Дүйнө таланттары» союзунун мүчөсү. Анын түрк тилдүү элдердин ортосундагы адабий байланышты чыңдоодогу кызматтары «Дүйнө таланттары» союзу тарабынан татыктуу бааланып, «Елеулі еңбегі үшін» («Олуттуу кызматы үчүн») медалы менен сыйланган.



**Лазизбек БАЗАРОВ** – 2004-жыл 12-майда Кашкадарыя облусу, Чыракчы районунун Айрытам айылында төрөлгөн. 2022-жылы айылдагы 131-мектепти бүтүп, учурда Самарканд шаарындагы Өзбекстан-Финляндия педагогикалык институтунун чет тилдер жана гуманитардык илимдер факультетинин 1-курсунун студенти.
Чыгармалары «Зарафшон», «Бекажон плюс», «Ёшлик» жана башка гезит-журналдарда жарыяланган.

# Арабакеч бала

Эки кап ун сатып алдым. Тааныштардан бирөө келип калат деп күтүп отурдум. Бир кишиге оор, эки кишиге жеңил. Тилекке каршы, тааныштардан эч ким көрүнбөйт. Карасам, менден бир аз алысыраакта шылкылдаган кол арабанын алдында бир бала калчылдап отурат. Жука кийимде. Башында калпагы да жок. Жылуу пальто кийип алганыма кыжалат болдум. Акырын жанына бардым.

– Иним, бул жерде эмне кылып отурасың? Үшүп калыпсың го.

– Жок байке, үшүгөн жокмун. Жүк арткан адам чыкпай жатат. Бүгүн жок дегенде төрт нан сатып алышым керек... Жүгүңүз жокпу, байке?

– Бар, – дедим. Чынын айтканда, мен буга да акчаны сарп кылгым жок эле. - Эки кап ун бар. Кызмат акы канча болот? – дедим баланы бир аз сыйлөтүү үчүн.

– Эки миң сум, байке.

Ойлонуп калдым. Эки миң сум. Бул акчага бир даана нан да бербейт. Кайырчыга берсең, азыркы заманда алар да кежирленет. Кайырчыга бере турган акчамды бул балага берсем канча жакшылык кылган болом.

– Иним, үйүң кайда?

– Хаччалы айылында. Бу жерге арабаны сүйрөп үч саатта келем. Ар базар күнү. Апам бейтап. Карындашым аны карайт. Мен араба тартам.

– Атаң барбы? – дедим, анчейин мааниси жок суроо бергенимди өзүм да сездим.

– Ооба, ал бизди таштап кетти. Анын башка аялы бар. Оорулуу адамды дарылаганды каалаган жок. Ар келгенде жаңжал болот. Апамды кемсинтип, акарат кылат. Атамды абдан жек көрөм. Чоңойгондо "Үйгө кадам баспаңыз!", – дейм. Эми мен апамды коргой алам дейм...

Эмне деп, эмнени сураарымды билбей калдым. Бала ыңкылдап арабаны сүйрөп баратып, оодарылып кете жаздады. Чоң киши болсом да жаш балага араба тарттырганым үчүн кыжалат болдум.

– Мага бер, иним.

– Жок, өзүм. Акчаны адал алышым керек!

"Адал алышым керек". Бул сөздү эстен чыгарбаганда да бар экен ээ?!

Экинчи капты да эптеп-септеп алып бардык. Күн суук болсо да баланы тер басты. Чөнтөгүмдөн акча алып, санабай эле ага бердим. Эмнегедир мага капалуу карады. Кызмат акысын алып, калган акчаны мага берди.

– Эмнеге мындай кылдыңыз? Мен кайырчы эмесмин. Мага бирөөнүн акчасы керек эмес.

– Чын жүрөктөн, иним.

– Жок, ыракмат, али көп иштешим керек. Кечке дейре кыйла убакыт бар.

Акчаны кармаган колум абада калды. Көпкө чейин кыймылсыз турдум. Бала арабаны сүйрөп базарды аралап кетти.

**Өзбек тилинен которгон Нодирбек ЮЛДАШЕВ**



**Манзура АБДУЛЛАЕВА** 1994–жылы 30–октябрда Наманган облусунун Төрөкоргон районунда төрөлгөн. Наманган мамлекеттик университетин бүтүргөн. Өзбекстан Жазуучулар союзунун "Талант мектеби – VIII" семинарынын катышуучусу. Наманган мамлекеттик университетинин докторанты. М.Абдуллаева Өзбекстан Жаштар союзунун жана Навои атындагы мамлекеттик стипендиянын, "Узбекистон белгиси" ("Өзбекстан белгиси") төш белгисинин, Зульфия атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. 2019–жылда "Жылдын айымы" республикалык сынагынын жеңүүчүсү.
Өзбекстан Жазуучулар союзунун мүчөсү, өзбек, орус жана англис тилдеринде "Окшошумду эч таппайсың", " Үмүт менен дүйнөгө келдим", "Сиз менен жолукмайынча", "Күн эртең келет", "Кумган", "Бала көз", «Исхакхан Ибрат" көп кырдуу чыгармачылыктын ээси", "Окугандарым жана билгендерим", " The sun will definitely return", "Sponger", "Хонзодабегим" аттуу 12 прозалык жана илимий–популярдуу китептери жарык көргөн.

## ЧАКАН АҢГЕМЕЛЕР

### ТАНДОО

– Ата, апамды жакшы көрөсүзбү же мениби? – деп сурады Муниса бала бакчанын дарбазасынан чыгып.

Самат бир аз тынчсыздангандай башка жакка тиктеп, тамагына бирдеме тыгылгандай болуп

– Апаңды, – деп жооп берди.

– Эмне үчүн? – суроолуу тигилди кызы.

– Сени дүйнөгө келтиргени үчүн ...

### ТАГДЫР

Ал көрүстөндөн корккону үчүн ал жакка өмүр бою кадам баскан жок. Атасы өлгөндө да, энеси өлгөндө да, аялы өлгөндө да барбады. Бирок адамдар аны баары бир алып барып коюшту.

### ЧЫНДЫК

Эртең менен көзүн ачса, сүрөтүн маңдайына илип коюшуптур. Шайтанды көргөн кишидей катуу чочуп кетти.

### "ОКШОШТУК МЫЙЗАМЫ"

– Оо, шамал, эгер сен чындыгында эр жүрөк жана күчтүү болсоң, анда менин саман алачыгымды эмес, кошунам Байбөрүнүн эбегейсиз чоң имаратын талкалап салмаксың, – деди Жанмамат сууктан бүрүшүп.

– Мен жасай албайм, – деп шамал жылмайып койду. – Мен алсыздарга гана кол сала алам. Эгер менин азаптарымын кутулгуң келсе, Байбөрүнүкүнө окшогон эбегейсиз чоң имарат кур!

– Уятың жок экен!

– Бул базар экономикасы.

### МЫНАКЕЙ!

Шакасым гүл менен кыздын жүрөгүнө жол тапмакчы эле, болбоду. Кимдир бирөө буга чейин бул жолду акча менен тапкан экен.

### АРМАН

Дарак эми гана жаңы бышкан мөмөсүн көргүсү келген эле, эл аны үзүп кетти.

### "ЖАҢЫ" СЫНАК

Жеңүүчү аныкталды. Андан кийин жарышка даярдык күчөдү.

### АТТИҢ

Ал түрмөдөгү досун сагынганы үчүн да уурулук жасады.

### УУРДАЛГАН ГҮЛ

– Мен кеттим. Сизге бакыт каалайм, – деди аял.

Эркек бир сөз айталбады.

Аялдын карегинен жаш сызып турду...

### ДАЛИЛ

Бала дайыма терезени карап, атасынын келишин күтчү. Бирок бир күнү үйдүн жер төлөсүнөн аварияга учраган сары машинанын сүрөтүн таап алган, бардыгын түшүндү. Ошондон кийин ал бүт үмүтүн үздү.

### САТЫП АЛЫНГАН БЕЛЕК

Ханзадасын күтүп, чыдамы кеткен ханбийке аны өзү издеп барды жана акыры кайырчы менен баш коштү.

ОДА

Ал бүгүн да көчөдөгү ашыктарына арнап жазган ырын окуп, аялынын ыраазычылык сөзүн укту.

### КАЛЕМ КАШ БААТЫРЛАР

– Эркектер кылыч менен жеңе албаган жеңишти кайраттуу, айлакер аялдар калем менен багынткан. – деди тарыхчы аалым окуучуларын темага кызыктырып.

– Кантип? – деди шакирттери бир жаңылык укандай таң калышып.

– Кантмек эле. Кашына калем койду да.

### КАРАМА-КАРШЫЛЫК

Күйөө менен колукту бири-бирине шакекке көз койгондой мас эле. Алар бири-бирине абдан окшош эле. Бир гана айырманы эсепке албаганда. Айырмасы, күйөө бала эл арасында өзүн бактылуу сезсе, а колукту болсо жалгыз калганда ...

**Өзбек тилинен которгон Нодирбек ЮЛДАШЕВ**

№02-03 (289)

30 03 2023

kyrgyztili@mail.ru



Тагаймурад ШАМУРАДОВ.

# ТУФЛИ

*(сатиралык аңгеме)*

– Ой, кут болсун! – Назир бөлмөгө кирген кесиптеши Алымтайдын бутундагы жапжаңы туфлисине карап.

– Ыракмат досум, кечээ сатып алдым. Чыйрак жана сонун экен... импортный.

– Баасы да сонун болсо керек, – деп күлдү Назир.

– Ооба, арзыйт, азыр арзан нерсе калды беле, беш жүз миң сумга араң алдым, – деди Алымтай мактанып. – Бирок аялым “качан соодалашканды үйрөнөсүң?” деп абдан келжиреди. Ме, өзүңө бирдеме аларсың, деп эки жүз миңди берип, үнүн өчүрдүм.

Кагаздан башын көтөрбөй иштеп жаткан Камар алардын сөзүн угуп, калемин үстөлдүн үстүнө ыргытты. Алымтайдын бутуна жалт карады.

– Ооба, табитиң жакшы экен, чынында эле сонун. Аны «жууш» керек, досум, – ал куулук менен Назирге көзүн кысып койду.

– Албетте! – деди Назир аны кубаттап. – Мен жакында ачылган бир ресторанды билем, тамактары өтө сонун. Суусундуктары импортный, тим эле ырахаттанасың.

– Кымбат болсо керек, – деди Алымтай бошоңдоп. Ал кесиптештеринин сараң деп мазакташын каалаган жок.

– Эмне, кымбат болсо, ат менен төө болмок беле, – Камар бош келген жок.

Ресторан чындап эле жайлуу экен. Жигиттер абдан жыргашты. Эки–үч стакандан кийин көңүлү жайнаган Алымтай берешендик менен, коньяк жана пиво заказ кылды.

– Токтотсоң болот, тим эле жыргап отурабыз, – деди Назир сүзүлүп. –Арак менен аралашса жакшы болбойт.

– Ии, эмне, биз эч нерсени билбеген кичинекей балдар белек, – деди Камар ачууланып. – Алымтай, кел досум, чекеңден бир өөп коеюн, сен мыкты жигитсиң...

Бир маалда мас болуп калган Алымтайды достору унаадан араң сүйрөп түшүп, үйүнө таштап кетишти.

– Ой тобо, бул кандай шермендечилик? – Хайрия күйөөсүнүн бүчүлүгү чыккан костюмун чечип, араңдан–зорго ордуна жаткырды.

Алымтай эч качан балдарынын алдында мындай уятка калган эмес. Эртең менен алардын көзүн карагандан уялып, эртең мененки тамакты да ичпей жумушка жөнөдү. Башы какшап, ооруганынан жарылгыдай болуп турат. Теңселип, бут кийимин киймекчи болду, бирок бир пайы жок.

– Эй, туфлинин бир пайын көрбөдүңбү? – деп сурады жубайынан.

– Сен билесиң да, мен кайдан билем? Балким, аракка кошуп аны да ичип жибергендирсиң? – деди кер какшык айтып, чай демдеп жаткан Хайрия.

– Арактын чыгаргандын үйү күйсүн ээ!

Алымтай эски туфлисин кийип жумушуна жол алды: “эсиз, туфли!”. Ал бара жатып ресторанга кирди.

– Оо, саламатсызбы, байке, келиңиз, кечээ кечинде жакшы эс алдыңызбы? – кызматчы жигит сыпайылык менен тосуп алды. – Башыңыз ооруп жатабы, байке? Азыр, жүздү “сеп” этип алсаңыз башыңыз ордуна келет.

– Жок, ичпейм, – деди Алымтай кызарып. – Кечээ мас болуп, туфлимдин бир пайы түшүп калган жок беле?

— Ой, азыр, — кызматчы ички бөлмөдөн бир пай туфлини алып чыкты. – Кечээ досторуңуз машинага сүйрөп алып баратканда түшүп калган го?

– Ой, ыракмат, – Алымтай туфлисин койнуна салды. Жумуштан бир аз көтөрүңкү көңүлдө кайтты.

– Эй, малың адал болсо, жоголбойт экен. Мына, туфлинин бир пайы, кечээ ресторандын алдында түшүп калыптыр! – деди жубайына.

– Ой, атасы, ачууланба, мен өлөйүн, – деди Хайрия кол чаап. – Эми бир пай туфли эмнеге керек деп, тандырга салып күйгүзүп жиберипмин.

– Эмне? – Алымтай эси ооп, колундагы туфлинин бир пайын тиктеп калды.

**Өзбек тилинен Нодирбек ЮЛДАШЕВ которгон.**



**Холиёр САФАРОВ** – 1983-жылы 21-февралда Кашкадарыя облусунун Чыракчы районундагы Айритом айылында туулган. 2005-жылы Самарканд мамлекеттик университетинин өзбек филологиясы факультетин бүтүргөн. 2003-жылдан “Эрудит” чыгармачылык борборунда, 2008-2019-жылдары “Бекажон” гезитинде жоопту катчы, редактордун орун басары жана редактору болуп иштеген. Өзбекстандын эл жазуучусу – Өткүр Хашимов менен Тахир Маликтин батасын алган жазуучу. Учурда “Узбекистон тарихи” (“Өзбекстан тарыхы”) телеканалында улук редактор болуп иштейт.

Анын “Ай батпаган түндөр” (2010), “Канатсыз куштар” (2015), “Намыс жана жашоо” (2019) аттуу китептери жарык көргөн.

Өзбекстан Жазуучулар союзунун мүчөсү.

# Эне

*(аңгеме)*

Мектептен келе жатып тайгалак жерге жыгылып кеткен мугалим эжеке көп убактан бери үйдө эки буту гипсте жатат. Турайын десе туралбайт, отурайын десе отуралбайт, жөн эле жатып калган. Эшикке чыгам десе күйөөсү же улуу балдарынын жардамы менен ордунан турат.

Кийинки күндөрү тажадым, эрмек болсун деп эки жашар баласын бала бакчага да берген эмес. Бардыгы жумушка, окууга кетет. Үйдө жалгыз бейтап эне жана жаш бала. Бала апасы үчүн эрмек да, тестиер да. Тигини алып бер, муну ордуна жеткирип кой деп жумшап отурат. Түшкө чейин абал ушундай. Эне менен бала бири-бирин жубатып күн өткөрүшөт. Баласынын имерчиктеп жумушту аткарганына шыктанганынан ал денесиндеги ооруну унуткандай болот.

– Садагам менин! Ананайын! – баласын жанына жаткырып коюп апасы аны эркелетет. Бетинен өөп, чачтарын сылайт. – Жаным менин...

Көп кабаттуу үйлөрдүн бөлмөлөрү тар. Бетон үйдөгү бул тар бөлмөнү жылытуу да кыйын. Гипсте жаткан адам ысык күндө да үшүйт. Эне бөлмөнүн бир жагына спираль плитаны розеткага сайып койгон. Эч болбогондо сууктун заарын алат.

Баласы оюнчуктары менен ойноп жаткан эле, телевизордон спорттук оюндар көрсөтүлө баштады. Оюндан алаксып, экранды тиктеп калды, бир маалда секирип ордунан тура калып, спортчуларды туурап калдыбы, же буга чейин бир-эки жолу жасаган көнүгүүсүн кайталамакчы болдубу, айтор, башын жерге салып, тоңкочук атты. Бирок анын чаңырган ачуу үнүнөн апасы эсин жоготту, баласынын буту плитанын үстүнө тийип күйгөн эле.

Апасы ордунан кантип турганын, үйдүн бурчундагы плитанын жанына кантип барганын, уулунун күйүп жаткан байпагын кантип чечкенин билбейт. Билгени – уулун кучактап, чекесинен өпкүлөп, сооротту, өзүнүн бол эки буту мурункудай зыркырап ооруп жатат... Гипс жылып кетти окшойт... Эми күйөөсү келип ордуна өткөрүп коймоюнча ушул абалда онтолоп отурат...

# Эрдин урматы

*(аңгеме)*

Аял түнү бою ыйлаган небереси менен келинин ээрчитип, ооруканага баруунун чечти. Бактысына, кайниси үйдө экен, алары машинеде заматта шаарга жеткирди, бирок эми чилдеси чыккан наристе чырылдап апасына да, чоң энесине да көнбөй, өзүн артка таштап ыйлап жатты. Өчөшкөндөй, дарыгердин кабыл алуусунда да адамдар көп экен. Келин эмне кыларын билбей, баланы бооруна басып, назик үн менен эркелетип сооротууга, эмизүүгө да аракет кылды, бирок наристенин ыйы токтогон жок.

– Мага бер, келин, – деп кайненеси ымыркайды колуна алды.

– Ой, садагам менин. Кел, жаным. Ой, ой, сен балага эмне болду? Сенин жаның ооруганча, менин жаным ооруса болбойт беле? Сени ушинтип кыйнаган мендей энеге наалат, балам. Атаң эмне дейм эми?

Кайнене сооротуу үчүн өзү менен өзү сүйлөшүп, небересин кучактап, коридордун бир четинен экинчи четине чейин баса баштады. Аял шашканынан, жоолугун да жакшы орогон эмес экен. Башында бир тарапка кыйшайып калыптыр. Көңүл бурган жок. Карап турган келинине: «Бир аз отура тур. Сени да кыйнады бул бала», деди. Анан кезек күтүп тургандардын алдына барды.

– Садага болоюндар, уруксат бергиле, биз кирели. Балам түнү менен ыйлады, эч көндүрө албай жатабыз.

— Мен да эрте менен кезекте турам, жэеке, — деп жооп берди бир аял.

Анын артында өзүнө тең курактагы аял да небересин көтөрүп турган эле, анын ичи ачыды.

— Мейли, биздин ордубузга кириңиз. Байкуш наристе кыйналып кетти.

Артында турган аялдын сөзүнөн уялган жаш келин кечирим сурап, кезегин берди.

— Макул. Кириңиз, — деди акыры.

— Ырахмат, карындашым. Өмүрүңө береке берсин. Ылайым, балдарыңдын ырахатын көр.

Кайнене ага ыраазычылык билдирип, келини менен ичкериге кирди. Аларды карап турган кайнисин да чакырды.

— Сиз да кириңиз. Биз врачтын сөзүнө түшүнбөйбүз.

Алар бир-бирин ээрчишип врачтын алдына киришти. Дарыгер баланын жүрөгүнүн согушун жана дем алуусун текшерди. Курсагын сылап, басып көрдү.

— Курсагында жел бар, ашказаны бузулган – деди – Эмчек эмеби?

— Ооба, эмет, – деп келиндин ордуна кайненеси жооп берди. — Бирок сүтү аз болгону үчүн күнүнө эки-үч маал кошумча сүт беребиз.

— Кандай сүт бересиз?

— Дүкөндүн сүтүнөн, – ал пакеттеги сүттүн атын эстей албады. — Аз-аздан беребиз.

— Ошол сүттү бербеңиз. Келиндин өзү көбүрөөк эмизсин. Азыр деле эмизсин. Жакшылап тамактансын. Мен дары жазып берем. Аны аласыз, ашказаны айыгып кеткенден кийин, дагы кайра алып келиңиздер.

Врач алакандай кагазга бир нерселерди жаза баштады.

— Ымыркайдын аты ким?

— Аты Дилшод.

— Фамилиясы ким?

— Фамилиясы... – аял кайнисине карап — Сиз айтыңыз.

Таң калып турган кайниси окшош болсо керек деп өзүнүн фамилиясын айтты.

– Жок, бул киши чоң атаңыздын атына коюлган. Мен ар дайым фамилияны жаздыруу учурунда өтө кыжалат болом да.

– Ой... – кайниси эми түшүндү. – Рустамов.

Аларды карап турган дарыгердин денеси чымырап кетти. Кыска кыркылган чачынын ортосундан башталган калтырагы анын таманына чейин барды. Кайтып, найза сыяктуу жүрөгүнө сайылды. Анын күйөөсүнүн аты да Рустам.

Курбуларына окшоп ал да күйөөсүнүн атын толук айтат, эч кыжалат болбойт, буга тили да, дили да үйрөнгөн, азыраак сеп этип келсе же эртең менен берген тапшырмасын аткарбаса, эч жерде иштебеген бошоң күйөөсүн жемелеп койбойт. Ачууланганда көз кызарат, ачуу басылганда жүз кызарат. Ачуусу келгенде ал «Сага тийип эмне көрдүм?» деп тилине эрк берет. «Сени мен багып отурам, тапканымды заарыңа жеп жүрөсүң го», – деп бетине айткан учурлары да көп болгон, бирок күйөөсү унчукпайт. Аны сүйүп алган. Өзү бышырган аш.

Дарыгер наристенин атын жазып жатып, ушулар жөнүндө ойго батты, анан аялдан сурады:

– Эже, күйөөңүз эмне кылат?

– Кожоюнумбу? – аял назик жылмайды. — Ал киши чабан. Күнү-түнү ээн талаада жүрөт.

Дарыгер аял денесиндеги титирөөнү сездирбөө үчүн ак кагазды кычыратып, баланын сакайып кетиши үчүн керектүү дарылардын атын жаза баштады.

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

Эсенбай НУРУШЕВ:

# "Терминдерди кыргыздын көмөкөйүнө салып, кайра жасаса болот"

## ҮТҮРДҮН ҮЛКӨН ЖҮГҮ

***– Чолоо тийсе сиз менен кенен-чонон отуруп, тил маселесине байланыштуу пикирлешсем деп жүрөт элем. Бүгүн биртке буяма келип турат окшойт, азын-оолак аңгеме-дүкөн куруп көрбөйлүбү?***

– Курса куралы, бирок тилдин конкреттүү кайсы өңүтүн сөз кылабыз? Тил деген эми түгөнгүс маселе эмеспи…

***– Кепти баштай берсек, кызыган сөздү кымыз чыгарат болуп, балким, аңгемебиз өзүнөн өзү жалгашып кетер.***

– Анда башта…

***– Күүнүн башы Камбаркан дегендей, сөздү ушу үтүр-чекиттен баштайлы деп сунуш кылат элем. Тыныш белгилери эмне үчүн керек?***

– Муну эми баары эле билет, бирок майда-барат деп маани бербейт. А чынында театр кийим илгичтен башталса, сабаттуулук дал ушул тыныш белгилерден башталат. "Ооба" (yes) дегенди элүү ыкмада айтса болот, бирок ал бир гана ыкмада жазылат (Бернард Шоу). Оозеки айтымдагы ошол элүү ыргактын баарын жазма текстте тыныш белгилери туюнтат. Алар дүйнөдөгү тилдерге акырындап, ар кайсы доорлордо кирген. Орустарда, мисалы, чекит жана кош чекит – XI кылымда, үтүр – XIV, үтүрлүү чекит –XV, суроо белгиси – XVI, илеп белгиси жана сызыкча – XVII, акырында көп чекит – XVIII кылымда кабыл алынган. Бизге булардын баары кириллица аркылуу өткөн кылымдын кыркынчы жылдарынан кийин келди.

Тыныш белгилерин Пушкин музыкадагы нотага салыштырган. Алар ойдун оролун бөлүп көрсөтөт, сөздөрдү ыраатка салат, сүйлөмгө ыргак берип, угумун арттырат, түшүнгөнгө жеңил кылат. Эң негизгиси – тыныш белгилери жазма тилде музыкадагы нотадай кызмат кылат: бүткүл текстти бекем туташтырып, логикалык бир көгөнгө байлап турат, аларсыз сүйлөмдөгү сөздөр ыдырап-бытырап кетмек. Константин Паустовский жаш кезинде аңгеме жазып, каратып алганы редакторго берет. Бир аптадан кийин алып окуп көрүп, өз текстине өзү ишенбейт: аңгемеде бир да сөз оңдолбоптур, алып-кошкон да эчтеме жок экен, бирок ар бир сүйлөмү тартылган сүрөт өңдөнүп ушунчалык таамай, так болуп калыптыр. Таза таң калган жазуучу: "Бу шумдукту кантип жасадыңыз?!" - деп сураса, редактор: "Эчтеме деле кылганым жок, болгону үтүр-чекитин ордуна коюп чыктым", - деп айтыптыр.

Гоголь менен Толстойдо бир сүйлөмү жарым, атүгүл бүтүндөй бир бетке созулуп кеткен жерлери бар. Алардын тексттеринен тыныш белгилеринин мүрөл үлгүлөрүн көрсө болот. Мындан тышкары сүйлөм башында, ортосунда же этегинде көп чекит койгонду жакшы көргөн авторлор да аз эмес. Көп чекитти В.Набоков шыбыш чыгарбай, "бутунун учу менен басып кеткен сөздөрдүн изи" деп эсептеген экен…

Адистер азыр тыныш белгилерге компүтер (компютер) катуу кысым жасап жатканын айтып жүрүшөт. Орус тилинде алар Пушкиндин заманына караганда эки эсе азайыптыр, мындан ары да кыскарат көрүнөт. Акыры барып саналуу, эң зарыл белгилер гана калышы ыктымал. Бирок баары бир адамзат тыныш белгилерисиз жашай албайт, аларсыз жазма тил өзү эчтемеге жарабай калмак, текст деген тек гана сөздөрдүн түшүнүп болбос бир тизмегине айланмак.

***– Компютердин кысымынан биринчи болуп үтүр жоголушу мүмкүн, кандай дейсиз?***

– Менимче, үтүр калат, анткени ал текстте үлкөн милдет аткарат, анын өзүнчө эле бир «империялык иерархиясы» бар. Үтүрдү адистер эч кимдин жетегине кирбеген, жаалы жаман белги дешет. Тыныш белгилерин сүйлөм тутумунда каалагандай калчай билген зергерлер да үтүргө келгенде батылдык кыла алышкан эмес, анын алдында баары тайсалдап, "таксыр" деп турушкан. Көөнө алиппелерде "сүйлөмдүн сүйкүмү үтүргө жараша болору" айтылганын белгилеп, Иван Бунин өз ордунда турбай калган үтүр "бүтүндөй бир сүйлөмдү жыдытып саларын" эскерткен.

Башкасын айтпайлы, баягы жылы бир шайлоодо мыйзамдагы тикенектей бир үтүрдөн улам улуттук масштабдагы жаңжал чыкпадыбы. Дегеле туура эмес коюлган үтүр бир сөздү теңирден тескери мааниге өткөрүп жиберет. Мисалы, "келе бер" (приходи) дегенди "келе, бер" (ну-ка, дай), "ой токтот" (поразмыслить) айтымын "ой, токтот" (ну-ка, останови; хватит, перестань) кылып сала алат. Буга окшогон мисалдарды көп эле келтирсе болот.

***– Ушу конкреттүү мисалдарга келели. Азыр кайсы гезитти албайлы, баары "бирок" дегенден кийин үтүр коюшат, сиз болсо муну туура эмес деп айтып жүрөсүз. Эмне үчүн туура эмес, негиздеп бере аласызбы?***

– Биринчиден, муну мен негиздеген эмесмин, экинчиден, бу мен айткан үчүн эмес, грамматиканын эрежесинен алганда туура эмес. Андай эрежелерди болсо асмандан алып түзө салышкан эмес, ар бир тилдин ички мыйзамдарына, табиятына таянып түзүшкөн. Жаңылбасам, бу эрежелердин негизин мектепте экинчи класстан баштап окутат болуу керек. Үчүнчүдөн, бу айланып келип эле сөз билбегенден чыгат. Азыр бизде, айталы, байламта деген эмне, киринди сөз эмне экенин айрымалай албай калышты. Байламта - сөздү сөзгө, ойду ойго, сүйлөмдү сүйлөмгө кошот, үтүр болсо, тескерисинче, аларды ажыратат. Байламтадан кийин үтүр коюп жазган эл дегеле дүйнөдө жок.

***– Байламта сөздөр кайсылар, бир-экөөнү атай кетсеңиз.***

– Кыргызда беш-алты эле байламта сөз бар, аларды жаттап алса деле болот: анткени, бирок, себеби, андыктан, ошондуктан, жана, менен. Акыркы экөө сөз ордуна да колдонот. Мисалы, жана айткандай, жана эле келгенбиз… Тең теңи менен, тезек кабы менен… Ал эми байламта иретинде булар сүйлөмдүн башында, ортосунда келеби, алардан кийин үтүр коюлбайт. Бир гана учурда – байламтадан кийин киринди сөз келсе, ошондо үтүр менен ажыратылат. Мисалы: "Реформадан үмүт кылдык эле, бирок аныбыз акталган жок". "Реформадан үмүт кылдык эле, бирок, тилекке каршы, аныбыз акталган жок".

***– Ал эми киринди сөздөр кайсылар? Көппү, азбы?***

– Алар бир топ эле бар: айтор, албетте, арийне, айтмакчы, балким, баса, болжолу, демек, калыбы, көрсө, сыягы, сыйкы, чамасы ж.б.у.с. Аларды модал сөз деп жүрүшөт. Булар сүйлөмдүн башында турса алардан кийин үтүр коюлат, ортосунда келсе, эки жагынан үтүр менен ажыратылат. Мисалы: "Албетте, реформадан үмүт кылабыз". "Реформадан, албетте, үмүт кылабыз". Киринди сүйлөм деле ушундай. Бу эми эң жөнөкөй эреже да, Төрөкул. Эреже эске келбегенде деле муну анча-мынча тилге туюму бар адам сүйлөмдүн ыргагынан эле сезет.

## ТИЛ ТИРЕГИ – ИЛИМ

***– Бизде ушул темадагы изилдөөлөр барбы?***

– Жок болуш керек. Үтүр, чекитти изилдеп, мартабасын майдалап, масштабын тарытып алгандан биздин илимпоздор намыс кылат болуу керек. Тилдин өзү, анын азыркы замандагы калган актуалдуу проблемалары өнүккөн элдердей болуп иликтенген жок, бул иштин али чети оюла элек. Мен, маселен, бу жагынан академик Азиз Салиевдин "Мышление как система" деген эмгегин, ошол теманы уланткан китептерин гана айта алам. Бирок аларды окуп, андагы ойлорду, коюлган проблемаларды, аларга байланышкан түшүнүктөрдү "аш кыла" билүү үчүн атайын даярдык талап кылынат.

***– Сиз өзүңүз окудуңуз беле ошол эмгектерди?***

– Студент кезимде кайра-кайра тытмалап, тырбалаңдап окуп, бирдеме түшүнгөнгө аракет кылгам, бирок көп нерсеге тишим өткөн эмес. Азыр да барактап калам, баягы жаш кездегиден бир топ нерсе таасын, түшүнүктүү көрүнүп калат. Салиев аксакалдын ошо китебинде эки тилдүүлүк (билингвизм) феномени тууралуу бир топ кызыктуу байкоолор, ойлор айтылган. Ошолорду улап, учурдагы тил практикасына назар салып көргөндө, обочобо суроо чыгат. Мисалы, эки тил билген азыркы кыргыз орусча текст окуса кайсы тилде ойлонот? Биздеги кош тилдүүлүк бу көрүнүштүн кайсы түрүнө кирет: субординативдүүсүбү же координативдүүсүбү? Биринчисинде ойлоо процессинде үстөмдүк кылып турган тил болот, экинчисинде болбойт, адам кайсы тилде сүйлөсө, ошо тилде ойлонот. Дегеле азыр мамлекеттик жана ырасмий деп (иш жүзүндө булар бир эле түшүнүк. – Э.Н.) түркүмдөлгөн биздеги билингвизмде кыргыздын эне тили адстратпы же субстратпы?

***– Сиздин оюңуз кандай бу жагынан?***

– Билингвизмде экинчи бир тилдин таасиринде, анын үстөмдүгүндө калган тилди адстрат дешет. Ал эми субстрат деп келгиндердин тилинен улам турмуштун көп чөйрөлөрүнөн сүрүлүп калган, бирок ошол келгин тилге таасир тийгизе алган жергиликтүү тилди айтат. Ушул эки позициядан карап эле биздин улуттук тил булардын кайсынысына кирерин билсе болот.

Дегеле тилдин изилдей турган маселелери, проблемалары толтура. Батышта азыр тилди тигил же бул өлчөмдө изилдебеген, ага тике же кыйыр түрдө кайрылбаган илим жок. Психолингвистика, нейролингвистика, социолингвистика, семиоанализ, семиотика, герменевтика, иши кылып, толгон-токой агымдар, багыттар бар. Аларды айтпаганда деле кыргыз тилин грамматологиянын, текстологиянын, ошол эле билингвизмдин позицияларынан карап, талдап көрө турган көп көрүнүштөр бар.

## ОНТОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУК ЖАНА ТИЛ

***– Ошондой олуттуу проблемалардан кайсыларды бөлүп көрсөтсө болот?***

– Маселен, азыр кыргыз тилинде сабаттуу текст түзүү чоң проблемага айланды. Журналисттер жөнөкөй кабарды, жаңылыкты деле жарытып жаза албай калышты. Аристотелди эстесек, адатта "кирди-чыкты ойлонгон адам кирди-чыкты сүйлөм түзөт". Ошол себептен Ханс Гадамер (азыркы герменевтиканын "атасы") "ар кандай текстти адамдын акыл-эси жайында экенин текшере турган сынамык" катары караган. Антейин десең азыр орус тилинде жазган кээ бир кыргыздар орустардан кем калышпайт. Кийинки учурда англис жана баш-

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru



> Келип кыргызча сүйлөмдүн түзүлүшү, кыргызча сөз ыдыры бузулуп жатат, эне тилдин өзгөчөлүгү жоголуп, кайра эле орусташып кетип атпайбы. Чындыгында кыргыз эки дүйнөдө да минтип сүйлөгөн эмес, анткени биздин тилде этиш дайыма сүйлөмдүн этегине түшөт.

ка тилдерде ушундай эле деңгээлде текст жазганга жараган кыргыздар пайда болду. Аларды окуп олтуруп, азамат дейсиң, кол чабасың. Бирок ошол эле авторлор кыргызча жаза келгенде эле оюн жыйнактап айта албай, тамтаңдап калып жатышпайбы. Же мунун тескерисинче, жалаң кыргыз тилинде жазгандардын, айрыкча журналисттердин тексттерин окусаң, алардын сөздөрү эле кыргызча болбосо сүйлөмдөрүнүн түзүлүшү бүт бойдон орусча болуп баратат.

***– Былтыр "Кыргыз Туусунда" жарыяланган маегиңизде мунун пиджиндешүү процесси деп атаган экенсиз. Кыргыз-пиджин тилинин пайда болушун биздин өз тилибизде ойлонбой калганыбыздын натыйжасы десе болобу же буга башка да шарт-жагдайлар себепчи болуп жатабы?***

– Пиджиндер адатта эки-үч тилдин кошундусунан куралат, ошондуктан аны бузулган тил дешет. Классикалык пиджиндер колониализмдин, оторчулуктун натыйжасы болгон. Азыркы заманда буга глобализация себепкер болууда. Адистер бир жагынан муну объективдүү көрүнүш болуп баратат, көп улут жашаган жерлерде, чек аралар тогошкон аймактарда алар өзүнөн өзү пайда болот дешет. Бизде, мисалы, оозеки тилде орусча-кыргызча аралаштырып сүйлөмөй адат болуп калды. Түштүктө болсо мунун кыргызча-өзбекче, кыргызча-тажикче түрү бар. Бирок биздин тилдин келечегин, кендирин кесе турган башка факторлор деле толтура.

Мисалы, азыр илим, техника, технология өндүрүшкө эле эмес, ар бир үйдүн ашканасына чейин жетип калды. Алар аркылуу жаңы түшүнүктөр, сөздөр, атоолор, терминдер күргүштөп кирип жатат, аларды тап жылдырбай кыргызчалатып турганга коомдун чамасы жетпейт, мындай тажрыйбабыз да жок. Иши кылып, илим-билимдин көп түрлөрүн, айрыкча табигый, техникалык илимдерди кыргызча сүйлөтө албаганыбыз бизге чоң өксүк болот. Акыл ойломуна (рациональное мышление) ылайыкташпаган, анын оролуна өсүп жетпеген тилдин туюнтуу мүмкүнчүлүктөрү тар болот, акыры барып аргындашып кетет, ошо менен жок болот.

Дагы бир чоң проблема деп кыргыздын улуттук онтологиялык коопсуздук сезими жоголуп баратканын айтса болот.

***– Кечиресиз, онтологиялык коопсуздук деген эмне?***

– Социологияда ушундай (ontological security) термин бар. Илимпоздор аны адамдын "алтынчы сезими" деп коюшат, ошондой сезими калыптанбай же өнүкпөй калган киши өзүнүн өзгөлөрдөн айрымалаган сапаттарын, өзгөчөлүгүн туйбай, билбей калат. Улут деген деле ушундай, онтологиялык коопсуздугу бузулган эл өзүнүн урух-уркун, дүйнө таанымын, тилин, маданиятын, тарыхын, салт-санаасын аңдап, ажыратып таанып албай калат.

***– Буга мүнөздүү мисалдарды келтире аласызбы?***

– Мисалдар толуп атат. Айталы, азыр кыргыз Түркияга барса – түркчө, Батышта болуп келсе – англисче сүйлөп келет, эки орус отурган жыйында орусча сүйлөйт. Бу ошол онтологиялык коопсуздук сезим бузулганын билдирет. Же Радловдун сөздүгү менен азыркы тилди салыштырып көрсөң, бул оркоюп эле көрүнүп турат. А болбосо мына куранды, уланды мүчөлөрдү алалы, айрыкча – лык, - дык деген жалгама мүчөлөрдү чала сабат журналисттер ылайыгы келсе-келбесе деле көрүнгөн сөзгө жабыштыра берип, тилдин ышпалдасын, ыраспаасын чыгарып бүттү. Азыр кайсы гезитти окуба, "орусиялык инвестиция", "орусиялык кредит", "кытайлык товарлар" дегендей айтымдар жайнап жүрөт, "Акаевдик режим", "Бакиевдик бийлик" дешет. Ыракматы Чыкенин маарекесине арналган макалаларда "Айтматовдук энциклопедия", "Айтматовдук аалам", "Айтматовдук кейипкерлер" дегендей бирдемелер өтө көп айтылды, болгондо да аларды жазуучулар, адабиятчылар,сынчылар, академик наамын алгандар айтып-жазышты. Мунун баары ошол онтологиялык коопсуздук бузулганын билдирет.

***– Булардын эмнеси туура эмес,түшүндүрө кетсеңиз. Эмнеге,мисалы, "кытайлык товар" дебей, "кытай товары" деш керек?***

– Себеби бу: баланча жерлик, мисалы, кытайлык, орусиялык, ирандык, мисирлик деп кыргыз жалаң адамды айтат, андан башкага колдонбойт. Азыркылар болсо -ский деген мүчө менен бүткөн орусча сөздүн баарын кыргызчалатканда лып этказе -лык мүчөсүн иле салып жатышат. "Русские деньги" десе, маселен, кыргыз "орустук акчалар" деген эмес да,- "орус акчасы" деген. "Китайское слово" дегенди азыркылардай "кытайлык сөз" дебестен, "кытай сөзү" деген. "Кокондук хандык" эмес, "Кокон хандыгы", "Кудаяркандык заман" эмес, "Кудаяркан заманы" дешкен. Азыр болсо "атбашылык койлор", "токтогулдук уйлар", "таластык жылкылар" же "кытайлык автобустар" деп тамтаңдап жатышпайбы. Минтип отурса алар бир күнү "киргизский язык" дегенди "кыргыздык тил", "киргизская история" дегенди "кыргыздык тарых" деп айтып-жазып калышы ажеп эмес.

Акыркы кездерде дагы бир "өнөр" пайда болду.Тактап айтканда, чү дегенде эле "мен ойлойм, "мен ойлоп атам", "мен ойлоп турам", "мен эсептейм" деп сүйлөгөндөр, жазгандар көбөйдү. Мисалы, "Мен ойлойм, быйыл деле бизге кыйын болот деп", "Мен ойлоп атам, ушу реформадан пайда деле болбойт окшойт", "Мен ойлоп турам, электр каатчылыгы эми чечилет деп" ж.б.у.с.

Бу баягы эле орусча сүйлөм башындагы "я думаю","я считаю", "я полагаю" дегендин сөзмө-сөз көчүрмөсү болуп атпайбы. Мунун баарын кыргызча ойлоно албай калган саясатчылар, политологдор, өздөрүн эксперт эсептеген немелер айтып жатышат, аларды болсо журналисттер жаңы табылгадан бетер жабыла кайталап, элге жайылтып жатышат. Жыйынтыгында келип кыргызча сүйлөмдүн түзүлүшү, кыргызча сөз ыдыры бузулуп жатат, эне тилдин өзгөчөлүгү жоголуп, кайра эле орусташып кетип атпайбы. Чындыгында кыргыз эки дүйнөдө да минтип сүйлөгөн эмес, анткени биздин тилде этиш дайыма сүйлөмдүн этегине түшөт.

***– Ошондо жанагы сүйлөмдөр кандай жазылышы керек?***

– Ошондо өйдөкү сүйлөмдөр бери эле дегенде: "Мен быйыл деле бизге кыйын болот деп ойлойм", "Мен ушу реформадан пайда деле болбойт окшойт деп ойлоп калдым", "Мен электр каатчылыгы эми чечилет деп ойлойм" дегендей болушу керек. Мага койсо бу сүйлөмдөрдү: "Быйыл деле бизге кыйын болот деп ойлойм", "Ушу реформадан пайда деле болбойт окшойт деп ойлойм", "Электр каатчылыгы эми чечилет деп ойлойм" деп эле жазат элем.

***– Жогоруда айткандарыңыздан улам азыр тилдин онтологиялык коопсуздугу негизинен котормодон бузулуп жатат десек болобу?***

– Болот.

***– Ал эми котормо жок кезде бул жагдай кандай болгон? Айталы, ата-бабаларыбыз тилдин коопсуздугун кантип коргошкон?***

– Жана айттым го Радловдун сөздүгүн. Аны барактап отуруп ошо кезге чейин орус тилинен кирген сөз таппайсың. Ал эми Фасмерде болсо ("Этимологический словарь русского языка") түрк элдеринен орус тилине тээ көөнө замандарда эле кирген далай сөз жүрөт. Буга караганда илгерки замандарда түрк элдеринде, алардын ичинде биздин ата-бабаларыбызда онтологиялык коопсуздук сезим күчтүү болгон деп ойлосо болот. Ал эмес орустардын оторлугуна киргенде деле кыргыздар алардын сөздөрүн бүкүлү бойдон албастан, эне тилдин табиятына ылайыктап алышкан. Айталы, бөтөлкө, бөлкө, керебет өңдүү кеңири белгилүү сөздөрдү айтпайлы, обосол, опус, опуздоо, дастания сыяктуу далай сөздөрдү өздөштүргөн. Обосол – новосёл, опус – обыск, опуздоо –описать (конфискация), дастания –дознание дегенден жасалган.

Эл ичинде азыр деле опус кылды, үй-мүлкү опуздалды, дастаниячы суракка алды деп айтышат. Арап, иран, монгол, кытай сөздөрүн деле кыргыз ушул усулга салып өздөштүргөн. Дегеле дүйнөдөгү бардык эл бөтөн сөздөрдү ушундай ыкма менен өз сөз кылып алат, мисалы, орустарды алсак, аларда азыр активдүү колдонулуп жаткан эл аралык терминдердин баары ушундай тарыйка менен жасалган. Четтен кирген тигил же бул сөздүн тыбыштык түзүлүшү өзгөргөндө, анын тышкы түрү да өзгөрөт, натыйжада бөтөн сөз төл сөзгө айланып кетет. Азыр баары эле мурас деп муңканып атышпайбы, тил чөйрөсүндө эмне үчүн ата-бабалардын ушул усулун колдонсо болбосун? Баарын эмес, ылайыгы келген айрым сөздөрдү, терминдерди керек болсо кыргызчын көмөкөйүнө салып, кайра жасап чыкса болот. Ошол эле мурастар программасына ылайык баарын болбосо да Радловдун сөздүгүн, Махмуд Кашгаринин түрк лугатын басып чыгарсак, кана эми, атаганат, жаман иш болбос эле.

**Маектешкен Төрөкул ДООРОВ**

# «КЫРГЫЗТЕСТ»: ЭЛ АРАЛЫК ЭНЕ ТИЛ КҮНҮНӨ АРНАЛГАН БИР

*1999-жылдын 17-ноябрында ЮНЕСКО тарабынан 21-февраль «Эл аралык эне тил күнү» деп жарыяланып, 2000-жылдан бери дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө ар бир улуттун тилин сактоо, коргоо максатында эне тил күнү катары белгиленип келе жатат.*




2023-жылдын 20-январында Эне тилдин эл аралык күнүнө карата бир айлык өткөрүү боюнча атайын жыйын болуп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 21-январдан 21-февралга чейин Кыргызстанда жашап жаткан бардык этностордун өкүлдөрүнө алардын эне тилин сактоо, үйрөнүүгө шарттарды түзүү максатында Эл аралык эне тил күнүн белгилөөнүн бир айлыгы жарыяланган. Аталган бир айлыктын алкагында «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинде да атайын иш-чаралардын планы бекитилген.

Бул пландар боюнча «Кыргызтест» системасын коомчулукка кеңири таанытуу, аны даңазалоо жана жарандарыбыздын мамлекеттик жана расмий тилдерибизди үйрөнүүгө кызыгуусун арттыруу максатында мамлекеттик мекемелерде, окуу жайларда жана башка жерлерде флешмобдор (чакан тесттер) уюштурулду.

Алгачкы флешмоб Токмок шаарында 9–10-февраль күндөрү Токмок шаарынын мэриясында өткөрүлүп, чакан тестке шаардык мэриянын кызматкерлери жана шаар тургундары активдүү катышышты.

Ал эми 2023-жылдын 11-февралынан 17-февралына чейин КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын жана Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы элчилигинин колдоосу менен «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси Россия Федерациясына иш сапары менен барып, Москва жана Санкт-Петербург шаарларында Эне тил күнүнө карата бир катар иш-чараларды уюштурду.





Москва шаарында Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы элчилигинде «Кыргызтест» системасы боюнча элчиликтин кызматкерлеринин арасында мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо тести уюштурулду. Элчиликтин сунушун эске алуу менен жумуш күндөрү кызматкерлердин негизги ишине тоскоолдук жаратпоо максатында, тест жекшемби күнү жүргүзүлдү. Тестке дипломаттар активдүү катышышты.






Иш сапардын алкагында Элчиликтин кызматкерлери, Москва шаарында жашап, эмгектенип жүргөн мекендештер жана Москва шаарындагы кыргыз диаспорасы, анын ичинде «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөлөрү жана акын-жазуучулар мамлекеттик тил боюнча флешмоб түрүндөгү чакан тест тапшырышып, эне тил тууралуу ыр саптарын көркөм окушту.









Ошондой эле иш сапардын алкагында «Кыргызтесттин» директору Б.Б. Топоева-Ставинская Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы атайын жана ыйгарым укуктуу Элчиси Гульнара – Клара Самат жана ЕЭК министри Арзыбек Кожошев менен жолугушуп, Россия Федерациясында эмгектенип жүргөн мекендештерибиздин арасында мамлекеттик жана расмий тилдерди өнүктүрүү жаатында бир катар маселелерди талкуулашты.

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

# АЙЛЫК



15-февралда иш-чара Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинин (ММЛУ) Чыңгыз Айтматов атындагы кыргыз тили жана маданияты борборунда улантылып, кыргыз тилин үйрөнүп жаткан студенттердин арасында флешмоб түрүндөгү чакан тест уюштурулду. Студенттер тестти кызыгуу менен тапшырышып, ой-пикирлерин кыргызча билдирип жатышты.



Эне тил күнүнө арналган чакан тестке Евразиялык экономикалык комиссиясы (ЕЭК) министри А.О. Кожошев баш болуп, А.С. Омурбекова жана комиссиянын кызматкерлери тестке активдүү катышышты.




Эл аралык Эне тил күнүнүн бир айлыгынын алкагындагы иш-чара 16-17-февраль күндөрү Санкт-Петербург шаарында жашап жана эмгектенип жүргөн мекендештер арасында улантылды.

Санкт-Петербург шаарындагы кыргыз диаспорасынын өкүлдөрү жүрөк өйүгөн көйгөйлөрүн Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча комиссиясынын төрагасы Каныбек Осмоналиев менен онлайн форматында бөлүшүп, бардык суроолоруна жооп алышты.















Тесттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча комиссиясынын төрагасы К.Осмоналиев онлайн баарлашуу аркылуу тест тапшырып жаткан мекендештер менен сүйлөшүп, бул иш-чаранын Москва жана Санкт-Петербург шаарларында өтүшүнө салымын кошкон бардык тараптарга ыраазычылык билдирди.

Ошондой эле Эне тил күнүнө арналган иш-чара «Кыргызтест» мекемесинин Бишкектеги кеңсесинде да жүргүзүлүп, 21-февралда ачык эшик күнү өткөрүлдү.

Бул күнү бардык каалоочулар «Кыргызтест» системасы менен таанышып, А1 – С1 деңгээлдери боюнча мамлекеттик тилден чакан тест тапшырууга мүмкүнчүлүк алышты.

Эне тилин жоготкон эл улутун, мамлекетин жоготору баарыбызга маалым. Эне тилин өнүктүрүү ар бир жарандын ыйык милдети болгондуктан, республикабызда жашап жаткан бардык этносторду бириктире турган эне тил күнүнүн урматына жыл сайын арналган чу иш-чараларды бийик деңгээлде өткөрүүгө «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси бардык күч-аракетин мындан ары да жумшай бермекчи.

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

# Кайдасың Лилит?

*“Оо махабат, сен болбосоң дүйнөдө,
Бирин-бири алаар эле ким эске?..”* **Табылды МУКАНОВ**



**Дүйшөн КЕРИМОВ**

*Адам пенде кудайга ишенсе, аны өз алдынча өз деңгээлине жараша кабыл алып, элестетет деген, эзелтен түшүнүк бар. Кудайды ар эл, улут да өз тилинде атайт. Эсеби маселен, араб “Алла”, орус “Бог”, англис “God”, а кыргыз “Теңир” деген. Тээ көчмөн доордон бери карай турмуш образын улап келген кат сабатсыз карыялар, “Көрдүк буркан жазганды...” деп, кобурап калышаар эле. Көрсө, калмак ойроттор кудайды “Бурхан” дейт экен. Ушундай... Анын себеби, илгери, илгери кадимки Чыңгыз хандын бийлиги, анын урпактарынын улаган башкаруучулугу жана XVII кылымдан башталып, дээрлик жүз жыл ашык мезгил бою береги ата-бабаларыбыздын асыл мекени Жети-Суу аймагында өкүм сүргөн калмак ойроттордун баскынчылыгы, Казак кайың саап, Кыргыз Ызар-Гөлөпкө кире качкан кыйын замандардан калган калмакча жер-суу аталыштары, адам аттары, анан да кудайдын да аталышы эл арасында кала берген экен да...*

А Эскер мырза, тек гана Улуу Жараткан, дегиси келет. “Оо Улуу Жараткан, өзүңдүн улуу ыкырар буйругуң менен, ага кошул ташыл каалооң да ошондойдур, а дегенде жер, сууну, чалкыган деңиз, океандарды, асмандагы ай, күн, сансыз жылдыздарыңды жаратыпсың. Анан тоо таш талаалар, жайкалган сансыз өсүмдүктөрүң, түркүн түс жаныбарларың... Анан барып, барып мына ошол ченемсиз байлыгыңдын эгеси болсун же тагыраагы өзүңө орун басарлыкка Адамды топурактан, а балким ыйык топурактан жараткан белемсиң...” деп, бир кез жазып койгон эски дептерин таап алган Эскер, дээрлик соңку үч жыл бою эч нерсе жазгысы келбей жүргөн көңүлү кайрадан чукуранып отур...

***

Кыргыз, кыргыз болмогу негедир башка элдерден айырмалай Адам ата, Обо эне дейт го. Мына ушунун өзүндө кыргыздын байыркылыгы , тээ жер каймактаганда эле Адам атабызды Обо энебиз “азгыра” жерге айдалып түшкөндө алгач көргөн перизенттеринин бири экендигинин далилидир. Ооба, Кубат аке жазмакчы, Кыргыз эли эл катары карыдыбы? “Ээ бу, качанкы кыргыз...” дечү эле, кайран аксакалдар күбүрөй.

Эскер ушуларды ойлоп басып жүрдү. Басып жүргөнү кандай, мына быйыл туптуура он беш жыл болду таң атпай чидээрип, илгери бала кездеги сөз да, үйүрдөгү жылкылар төлдөөр маалда, “Баланча ак боз чидээрип калыптыр, акмалап турбаса кулуну ак чөбүнө тумчугуп өлүп калбасын...” деп, атакеси кобурагандай, өзү да кийин чидээрген, ээнге эки саат убакыттай кимдир бирөөнү издегенсип, бирөө эле аны акыя күтүп аткансып тээтиги адырлуу тоолордун этегине чейин салып - ура жүрүп келээр адат таап алган. Ушуга бир чети кубанат, кубаттанат, кыялданат...

Күн сайын жапжаңы жолдор менен,
Кыялымды алып учкан ойлор менен,
Кыйбасым өзүңдү издеп,
Капилет жолукчуудай,
(Капырай мынча негө оолуктуң ай...)
Кайрале жолго чыгам,
Күн сайын жолго чыгам...

Эскер баатырдын ар күнкү аткараар бирден бир ардактуу кызматы ушул. Ушуну каалайт, ушул адат жагат, ушундай күндөрдүн улана берүүсүн кудайдан тилеп, самайт...

– Сен дагы бирөөнү таап алгансыңбы? - деди аялы, бир жолу ал адатынча таң сүрө эшикке шашыла жөнөп баратса.

– Ооба, таап алдым. - деди, Эскер да олуттуу.

– Деги ал ким?

– Айталаа, гүлкайыр, бак, карагай, таш, өзөн суу.

– Токточу, сен минтип чидээрип, бизден оолактай бербей өзүңө жаккан бирөөнү таап, баш кошуп алчы...

– ?..

– Чын айтам, я разрешаю, маа демектен, тээтиги океандын ары жагына кеткениңдин артынан кетчи, дорогой!

– Эх-ээ атаңгөрү, ушуну жок дегенде мындан беш, алты жыл мурда айтканыңда...

– Еще не вечер, серьезно говорю... Минтип жүрсөң точно аракеч болуп кетесиң же өлүп каласың. Алуучуңду алып, достойный жаша да...

Мына, ошол Эскер ушул. Андан бери деле бир далай жылдар өттү. Ушинтип келатат, ушинтип ар таңда чидээрип жалгыз басат. “Катыным сокур, жаным тынч” деген копол макалды эстейт. Сонун сөз да... Эркиндик деген ушундай эле боло турганына ынанат, шүгүрчүлүк, каниет кыла келме келтирет. Компоюп коёт, эрдемсип коёт... Ыр жамактап, жанагы айткан айталаага, гүлкайыр, бак, карагай, суу... Ошолорго ырдап берет. Алар жакшы, унчукпай угат, унчукпай колдойт, кубаттайт. Ал да ансайын эргип ырдай берет...

Кеч кирип, кайра таң атып,
Келемин сенден адашып.
Сагынам, эңсейм табалбайм,
Жол издейм, дале баралбайм.
Кайгыга ширеп жүрөктү,
Кайрымсыз сан миң күн өттү.
Алыстан бирөө көрүнсө,
Окшотуп... көңүл бөлүнсө.
Буулугуп кыял капкайда,
Булкунуп чыгып асманга.
Калкылдап учуп барсам дейм,
Кайрылбай сенде калсам дейм...

***

Адам ата кудайдын парманы менен акыл эске эгедер болуп, буту айры, башы жумуру кайсы бир алсыз жаныбардай туюлганы менен, ошол акыл эс туюму амалына ашып, жанагынча жарык дүйнөнүн эгесине айланып, айлана чөйрөдөгү не бир коозддуктарга арбалып, майдачоңу дебей эркек-ургаачыга айырмаланган жан-жаныбарлар ээрчишип, жупташып, көбөйүшкөндөрүнө таң калып, суктанып, өзү да белгисиз бир сырдуу касиет күчкө көңүлү эргип, делебеси козголуп, “Мен эмнеге жалгызмын, менин эмнеге түгөйүм жок...” дегендей сансыз ойлорго жетеленип, кайгырып, кусалыгы арта бериптир, куду Эскер өңдүү. Муну Улуу Жараткан сезди. Кантип сезбей коймок? Өз орун басары, сүймөнчүгү, мүмкүн мураскери да болоор адам пендеге дагы да ыкласын, мээримин төктү. Адамды соксойтуп жалгыз жүргүзбөй, дагы да топурактан алып, ай десе айдай, күн десе күндөй Лилит аттуу ургаачыны жаратып, “Мына сенин жарың, жубуң...” дегендей тартуулады.

– Кызыктын баары бул жакта турбайбы... - деди Адам, оң колтугунда кыналып жаткан айчырайын эркелете, - мени ушунча узакка соксойтуп жалгыз жүргүзүп койгонун карасаң...

– Ким? – деди, Лилит наздана.

– Ким болмок эле, Кудай да!

– Кой антпе! - деп, зайып “дирт” этe чочуп кетти. - Кудайга акаарат келтирген болбойт. Экөөбүздү жаратып, табыштырган да ошол касиетиңден айланайын. Экинчи андай сөз айтпай жүр, Кудайдын каарына калабыз.

– Болуптур, койдум. Сени берген ага миң алкыш!

– Ошондой десең...

– Лилит...

– И-ии...

– Сен менин менчигимсиң да...

– Албетте.

– Сен үчүн баарын жасайм!

– Кудай буюрса...

– Көрөсүң го, баары колумдан келет.

– Ишенем жаным...

Кызык-кызык күндөр, түндөр өтө берди. Баары бейиштей. Экөөнө баары жарашат, карашат, эркелешет. Бирок, кырсыкты кайдан дешке болбойт тура. Кырсык эмей... Адамдын мүнөзү өзгөрө баштады, эй!

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru



Кожоюндугу ашынып, ар нерседен, айлана-чөйрөдөн, жанжаныбарлардан кыйкым издеп, ал тургай аба ырайынын кубулуштарына наараазыланат да турат. Оронндойт, корондойт… Ошондой, ошондой күндөрдүн бир күнүндө ай чырай Лилит айым тээ алыскы Кызыл деңиздин ары тарабында белгисизге безип, качып бараткандa артынан Периштелер жететкен экен:

– Лилит кайда барасың? Кайда баратасың? Токто, кайт артка! Токтогун, бул – Кудайдын сөзү, буйругу… – деди, алар бир ооздон.

– Жок, артка кайтпайм! Кудайга айта баргыла, Адамы адам эмес экен…

– Кой антпе, - деди периштелер чырылдап, - Кудай каргап коет, оңбой каласың!

– Мейли, мен эми башымды алса да кайтпайм!.. - деди да, Лилит айым андан ары кете берди…

***

Эскер ошол жай саратанында тээ Кашка-Суунун каптал адырларына чыгып барды. Жол тандабас машина гана чыга турган оюрмалуу опуртал кара жол мына ушул айдыңга алып келет. Мына, табияттын ажайып сахнасы: борбор калаанын калдайган карааны тээтигинде мунарыкка төнүп жатат; бериде Басбөлтөк, дөбөнү этектей жаткан калың мүрзөнүн ак калай темирлери күнгө жылтырайт; Байтик, аркы Арчалы, бул жактагы Чоң-Таш, Таш-Дөбө, өөдөлөй Бер-Булак, Кашка-Суу аттуу көйкөлгөн бак-шактуу айылдар; кайракы тектирлерде арпа, буудай, беде ыңкыйт; арт жакта болсо бел белестүү чокулары асманга чейин улланган тоолор, барып-барып башы ак мөңгү Ала-Тоо!

Эскердин тандап тапкан жайлуу жери жалаң табигый чөп өскөн боз үй ордундай дөбө үстү эле. Белден өйдө буралган түркүн түс жашаң чөп, гүлдөр, ар кандай майда бадал жыты буркурап, асманда чак түш, торгой безелене, ар кайсы канаттуулар кайкып учуп, бейиши болсо ушунча болоор дегидей ыңгай, беймарал, бейпил өңүттүү жайда одеалды кеңири төшөп, көл жээгиндегидей ички гана кийим, калган дене бойго күн нуру жаркып, машинанын ачык багажында тизилген канистралардагы мээлүүн сууга тура калып бир чайынып, тасмалдагы кызгылт винодон улам бир ууртап, эзиле бышкан кулпунайдан бирден оозго салып, бири-бирине эркелей, эреркеп жаткан экөөнүн андагы алданемедей жайкы күндөрү да армансыз, түгөнбөстөй эле да, албетте түндөр да ошондой ажайып болчу…

– Менин менчигимсиң ээ… – деди, Эскер айчырайына.

– Кондрешно! (Конечно, дегени) - деди, айымы наздана тамашалай.

– Кел, массаждап берейин…

– Акырын, оорутпа…

– Макул…

– Кыйын кишисиң, ээ…

– Ооба да…

– Ушундай сонун жерди таап келгениңди айтам да.

– Сонундун баары алдыда, жаным…

***

Ошол, ошол болду… Адам, кудай ишенген Адам дагы да соксоюп жалгыз калды. Бирок кызыгы, кечирими менен мээрими чексиз Улуу Жараткан пендесин аяп, дагы да ишеним көрсөтпөдүбү. “Тигиниңе не “өнөр” көрсөттүң эле, кайрылбай кетти. Эми сага чын баш ийе турган зайып жасап берейин…” деп, боорукер Кудай Адамды уктатты да, кабыргасынан бирди сөгүп алып, Эва деген, дагы да ашкере сулуу аялзатын тартуулады. Кыргыз аны алигиче Обо эне деп, өз тилинде ардактап атайт…

Миңби, миллионбу же андан азбы, көппү айтор, сандаган замана, доор, окуя болмуштар өтүп кетти, өтүп жатат, өтө да берээр… Береги XXI кылымдын 23-жаңы жылы жаңыраар алдында адамзат сегиз миллиарддан ашып кеткени жөнүндө кабар тарады. Кезинде Адам ата менен Обо энеден жаралып, ушунча кылкылдаган көп тил, өң, дил, динге эгедер кумдай куюлган, кумурскадай жайнаган көп эл, расса, улут, өлкө, жарандарга бытырай бөлүнүп кеткен адамзат арасында Эскер мырза да тирилигин өткөрүп, эртеңки күндөрдүн кызылкызыл кыялдарында, таттуу үмүттөрүндө, кайгы, кубанычы аралаш ташпишинде келет. Кусалык, сагыныч, эңсөө, анан да кагылайын Ысык-Көлдүн ак толкундарындай түрмөк-түрмөк түгөнгүс фантазия, учкул кыялдары бар. Бала кезден тоо койнунда өсүп эрезеге жеткиче тоолордон тоолорго, чокулардан чокуларга чыкканды жакшы көрөөр эле. А тоолор болсо түгөнбөйт эле, тоонун ары жагында да калдайган тоо тураар эле. Ошон үчүн асыл мекенибиз Ала-Тоо аталат да. Азыр да, өмүрдүн көбү кетип, азы… Бирок, эң кызык айдыңы калгандай туюлган береги куракта да негедир кыялдар азайбайт, кайдадыр, кимдедир эңсөөлөр түгөнбөйт, кыязы… Маселен, качандыр бир кезде, кимдир бирөөнүн калеминен же оозеки айтканынан жаралган уламышпы, чын эле далилдүү окуябы, айтор Адам атанын алгачкы жары Лилит айым кээ кээде эсине келе берет. Лилит айым кайда кетти экен, тагдыры кантти экен? Кете бергени эмнеси, ал эми кайда барат, деги барбы бу жалганда? Мүмкүн ал бизге – адамзатка алгачкы эне болгондо кандай болмок, дегеле ошол Улуу Жаратканды буйругу менен эркекзатына жуп жаралган аялзат табияты кандай болмок? Улуу Жараткан чын ыклас ниети менен эркекзатка эриш-аркак баш ийет максатында кабыргадан сөгүлүп жаралган береги аял аттуу эркектин түгөйү…

“Он сегиз миң ааламды куп жараттың дүнүйө,

Аял менен эркекти жуп жараттын дүнүйө” – деп, кайран ыр нөшөрү Жеңижок акын төкпөдү беле…

Дегеле кагылайын аялзаты, ошол ай чырай Лилит айымдан жаралып уламаланып келгенде азыркыдан да жароокер, назик, элпек мүнөз болоор беле дегендей, болбогон да, оңбогон да, кызыктай да кыярбас ойлор келе берээрин кайда катат, жашырат Эскер мырза. Кудай өзү кечирсин, ошентип тээ капкайда кабарсыз кеткен, а балким адамзатка эне болоор, эң башкысы -эркекке өмүрлүк жар болоор, бирок кайып каскагынан болбой калып, Адам атабызга таарынган боюнча же көңүлү кайт болгонунан белгисиз кеткен Лилит айымды эстей берет Эскер, бир чети сагынат…

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

# Кара-Бото хан






Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ

Кыргыз тарыхынын өлбөс-өчпөс барактарында алтын тамгалар менен жазылып калган улуу инсандарынын бири Кара-Бото хан. Азан чакырылып койгон ысымы Капар. Эгер, санжыра сүрүштүрүп айтсак, Кара-Бото хан кыргыздын сол канатына кирген кытай уруусунан. Куу уулдан Көбөш, Көбөштөн Жайыл, Жайылдан Каранай. Каранайдан Кытай. Санжырачылардын айтымында, сол канаттын кытай уруусу Каранайдын уулдарынын бири Кутайдан тараган.

Илгери жоокерчилик заманда, аялы ай-күнүнө жетип калганда, Каранай «баланын үнүн уксам, жүрөгүм жарылып кетпесин» деп жигиттерин ээрчитип салбуурундап, андан ары жоортулга чыгып кетет. Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү ким билет, алыстан сандаган жылкыны айдап, күндөрдүн бир күнүндө, таң эрте жолго чыгып, айылга келгиче, ай толукшуп тийип, түн кирип кетет. Аялы Каранайдын келишин эле күтүп жаткандай, дал ошол ай толукшуп чыккан түнү эркек уул төрөгөн экен. Каранайдын аялы коломтонун жанында, түндүктөн түшкөн желбоону кармап толготуп жатканда, ай-жылдыздар жыбырап көрүнгөн түндүктөн коломтого кут түшкөн деп айтылат санжырада. Аны көргөндөр «Наристе төрөлгөн түнү айылга кут түштү. Бул жакшы белги болду. Буюрса, бул бала менен бирге элибизге, кыргыз элине кут келди» дешип ырымдашып, балага Кутай деген ысым беришет. Кутай чындыгында да бир уруу элдин гана эмес, кыргыздын намысына туулган эр азамат болуп жетилип, Манастап ураан чакырып, жоо сайып, эл оозуна алынып, ал уруунун аты Кутайдын аты менен аталып, бара-бара Кутай - Кытай аталып кетет. Ошол Кутай-Кытайдан - Түлкү бий, Түлкү бийден Байтике, Байтикеден Кыйра, Кыйрадан Кочкор, Кочкордон Кара-Бото хан.

Кыйра бабаларын тартып, аккан арыктан суу агат дегендей, намыска туулган эр азамат болот. Кыйрадан төрт уул: Алак, Чоок, Назараалы (Кудайберген), Кочкор. Төртөө тең мыкты чыгат. Кыйранын экинчи уулу Чооктун аялы Болдуке алтын кайчы, жез оймок ары уз, ары сөзмөр, акылдуу десе акылдуу, эстүү десе эстүү аял болуптур. Чоок менен Болдукенин артын мал басып, алдын бала басып, Чекир жана Төлөбай деген эки уулдуу болгондо, жазмыш экен, Чоок жарык дүйнө менен кош айтышат. Акыл-эстүү, ары өңдүү-түстүү бүлөңү ким эле башкага кыйсын? Анын үстүнө, бир тууганы Чооктон эки бала калып отурат, ошентип кайнагасы Алак менен кайниси Назаралы «мен алам» болуп, Болдуке айымды талашып калышат. Ошондо Болдуке эстүүлүк кылып, жеңеси Алактын аялына «мен буларды талаштырып, бирин-бирине жаман көрсөтпөй, Кочкор кайниме эле тийип алайын» деп акыл айтат. Кочкор ал убакта эр жетип, эл сынына толуп, ата-бабаларын тарткан, намыска туулган азаматтардын биринен болуп калган экен.

Кочкор жеңе аялы Болдукеден Алатоо жана Ормотоо деген эки уулдуу болот. Алатоодон сарыкашкалар, Ормотоодон кесек каралар тарайт. Болдукени эстүү аял болгон дебедикпи, ал дагы да эстүүлүк кылып, кийин-кийин: «Мен картайып, төрөттөн калдым. Кочкоруma жаш аял алып берейин, уругу көбөйсүн» деп, улуу-кичүү агайын эл менен кеңешип, тектүү жерден кыз алып берүүнү ниет кылат. Акыры нары ойлонушуп, бери ойлонушуп, айтылуу Курманбек баатырдын кан досу Кашкардын каны Ак-хандын бойго жетип калган кызына жуучу жиберишет. Караңыздарчы, эмне деген нарктуулук, эмне деген салттуулук.

Болдуке айым жуучулукка кайниси Назаралыны «барып кел» деп суранган экен. Эски таарынычы бар Назаралы көңүлдөнбөйт. Ошондо, Болдуке кырк жигит курап, кырк ак боз атка мингизип, уруу аксакалдарына жол баштатып, жуучулукка өзү барыптыр. Айтымында, ошонун алдында Ак-хан түш көрөт. Түшүндө башына күн, аягына ай туулуп, экөө ээрчишкен бойдон алыскы ак карлуу тоолордун арасына узайт. Көп узабай, ошол тараптан жарык шоола тарап, Ак-хан өрөпкүп ойгонуп кетет. Ак-хан эртеси түшүн өзүнүн акыл кеңешчисине айтат. Ал жакшылыкка жоруп, «Буюрса, кызыңызды алыска узатат экенсиз. Күн менен ээрчишип кеткени, болочок күйөө балаңыз тегин бала эмес окшойт» дейт. Ошол аян түштөн көп узабай, Болдуке айымдар Ак-хандын кызынын колун сурап барып калышат. Ак-хан аларды сыйурмат менен тосуп алып, кырк күн, кырк түн коноктоп, кырк төөгө сеп жүктөп, кызына кырк кул, кырк күң кошуп берип узаткан экен.

Ак-хандын кызына үйлөнгөн Кочкор андан Байтөбөт жана Кара-Бото (өз ысымы Капар) аттуу эки балалуу болот. Капар төрөлгөндө көзү бүтүк түшүп, кырк күндөн кийин көзү ачылат. Бир маалыматтар боюнча, Капар (Кара-Бото) 1623-жылы 14-августта жарык дүйнөгө келген десе, башка бир маалыматтарга таянсак, Кара-Бото болжол менен 1655-1660-ж.ж. төрөлгөн делет.




Кара-Бото тууралуу уламыш сөздөр, аңыз кептер арбын. Ал нышаналуу, жазети башка, бүркүт кабак, көзүндө оту, тилинде мөөрү бар адам болгон. Бир айтымында, Манас бабадан калган кырк чилтен Кара-Бото ханда да болгону айтылат. Өзүнүн уулу Үсөнгө көзү тийип, эт бышым аралыкта баланын көзү өтөт экен. Ал окуя мындай. Кара-Бото Асан-Үсөн деген эгиз балалуу болот. Экөө эр жетип, сөздүүлөрдүн сөзүнө илинип, мыкты жигиттерден болушат. Тоолордун башынан кар кетип, күн жылымдап, элдин алды жайлоого көчө баштаганда, Кара-Ботолордун эли да жайлоого көчүшөт. Айтылуу Манас чокусунун жанындагы Желе-Таштын тушуна келгенде, ат үстүндө келаткан Үсөн тамашалап, эки жагындагы атчан балдардын бирин берки баланын атына мингизип, берки баланы тиги баланын атына мингизет. Алыстан карап келаткан Кара-Бото «Капырай, Кудай адам баласына да ушунча күч берет экен, ээ. Атаң көрү, ким мунун бул балбандыгын көрсө, «менин уулум болсо» дегидей азамат экен. Бул кимдин баласы болду экен?» - деп катуу тамшанган экен. «Айий, сөзүң артка кайтар, өз балаңды таанибай калдыңбы» дейт жанында келаткан аялы. «Ошондойбу. Атаң көрү, эми болбой калды, жүктү ушу жерге түшүрт» деп тескери карап, өңгүрөп жиберген экен. Көч токтоп, антип-минтип боз үй тигилгиче, Үсөн атасынын колуна башын сүйөгөн тейде жан берет.

… Кара-Бото жерден боорун көтөргөндөн чыйрак чыгат. Айтымда, агасы Байдөбөт боорукер, кайрымдуу жана кеменгер адам болуптур. Кеменгерлиги ушул, таятасы Ак-хан улуулук жолу боюнча, Байтөбөттү хан тактысынын мураскору ханзаадалыкка сунуштаганда, ал «артыман жакшы-жаман сөз ээрчип калды» деп, ханзаадалыктан баш тартып, мураскорлукка иниси Кара-Ботону сунуштайт. Ошентип, Кара-Бото жээни 13-15 жашка келгенде, таятасы Ак-хан аны хан тактысынын мураскору катары ханзаадалардын катарына киргизген дешет. Байтөбөт Казыбек жана Козубек деген эки балалуу болгондон кийин, жарык дүйнө менен кош айтышат. Кара-Бото Асан, Үсөн (экөө эгиздер, Үсөндүн трагедиялуу тагдыры тууралуу жогоруда айттык) Чарык, Чотон деген балалуу болгон.

Уламыштардын биринде, Кара-Бото ханды Жанчар хан менен Кулмес хан экөө хан көтөргөн деп айтышат. Анын хан болгондугу тууралуу уламыштар, аңыз сөздөр көп. Кытай уруусу ууч узарып, калмактарга каршы күрөшүүдө элдин башын бириктирген хан керектигин түшүнүп, «кимди хан көтөрөбүз» деп чоң жыйынга чогулушат. Жыйынга кошуна элдерден да аттуу-баштуу коноктор келишет. Ошондо чогулган эл «Кара-Бото Ак-хандын тукуму эмеспи, хандыкка андан башка ылайыктуу эч ким жок» деген жыйынтыкка келишет. Ошентип, Кара-Ботону ак кийизге салып хан көтөрүшөт. Ошондо Кара-Бото 36 жашта эле дешет. Айтымында, айтылуу Шекер айылынан жогору кеткен Таш-Башаттан жогорудагы Май-Булак деген жерде хандыкка көтөрүлүптүр.

Кара-Бото хан калмактарды кыргыз жергесинен сү-

№02-03 (289)
30 03 2023
kyrgyztili@mail.ru

рүп чыгарууда башын канжыгага байлап, жоо сүргөн баатырлардын бири. Аны менен бирге, Таластагы Кызыл-Адырда болгон урушта Кара-Ботонун ишенимдүү кол башчылары төңтөгөр уругунан Сөлпү баатыр, кертеней уругунан Атантай баатыр баштаган эр-азаматтар кашык кандары калганча салгылашып, чоң эрдик көрсөтүшкөн.

Айтымда, ошол учурдун шарты боюнча, кол башчылар дайыма туу алып жүрүшүптүр. Тууну душманга алдырып жиберүү жеңилүү менен барабар болгон экен. Сол канат кыргызды баштаган Кара-Бото хандын да айтылуу «Кара туусу» болуптур. Эл оозунда атадан балага, муундан муунга көчүп айтылган аңыздарга караганда, Кара-Бото хан кара туусун жайганда аба-ырайы бузулуп, ала жайдын күнү кар жаап жиберчү дешет.

Кыргыз менен калмактын урушунда, калмактардын туусу колго түшүрүлүп, туу менен кошо колго түшкөн калмактын эки кызынын бирин Кара-Бото уулу Чотонго алперип, ал калмак аялы Чотонго Өлжөй деген уул төрөп берет. Бүгүнкү күнү андан тарагандар кыйранын ичинде өлжөй уругун түзүшөт.

Кара-Бото хан тууралуу ханзу (кытай) жазмаларында да айтылып калган. 1758-жылы ханзу (кытай) өкүлдөрү Кара-Бото ханга жана Маматкул бийге келип жолугуп, Кытай императоруна кимдер элчиликке бара тургандыгы жөнүндө макулдашкан. Ал жазмада кытай императоруна Кара-Бото бийдин жээни Хибице, кушчу Майтык бийдин уулу Боруке, Айдарбектин иниси Ноочу баатыр (Ноици кытай транскрипциясы) бара турганы макулдашканы айтылат. Кара Бото хандын жашы жүздөн ашып, көзү көрбөй калгандыгына байланыштуу жээни Хибицени жиберген. Хибице элчи болуп барып, мындай маалымат берген: «Биз, буруттар, оң жана сол канат болуп бөлүнөбүз. Оң канаты Маматкул бий бийлейт, сол канат кыргыздарды болсо, Кара Бото хан башкарат». Демек, Цин дөөлөтү башчылык кылган түп Бээжин менен дагы тең ата элчилик мамилелер болгон. Өмүрүн кыргыз-кытай тарыхына арнаган зор манасчы Орозобек Айтымбетовдун жазуусунда кыргыз тарыхы кытай императорлору тарабынан бурмаланып, императордун жеке көзөмөлү астында император сарайындагы тарыхчылар коому тарабынан жазылган. Демек, ага өздөрү туура көргөн деректер гана киргизилген.

Тарыхты талыкпай тактап изилдөөчүлөргө көп тарыхый маалыматтар Кытай, Россия элдеринин архивдеринен чыга бериши толук ыктымал. Себеби, алыстан Орто Азияга көз салып отурган Пётр I дагы өз чалгынчылары аркылуу Орто Азия элдеринин жашоо турмушунан, саясий кырдаалынан кабар алып турган. Петр I Орто Азиянын жана Ысык-Көлдүн чиймесин, кыргыздар жөнүндөгү биринчи маалыматты Жуңгар хандыгындагы элчиси И. Унковскийден (1722-1724-ж.ж.) маалыматтарды алып турган. 1749-жылы Оренбургдук окумуштуу П. Рычков улуу Жибек Жолунда каттаган көпөстөрдөн сурамжылап, кыргыздар жөнүндөгү маалыматты жыйнаган. Элчи да, көпөстөр да кыргыздардын жоокерчилигин Жуңгар баскынчылары менен чаалыкпай, кармашып келе жатканын бир ооздон баса белгилеген. 1780-жылы Фергана-Алайды аралаган чалгынчы Ф. Ефремов дээрдик он жыл бою Орто Азияны кыдырган. Ал жергиликтүү элдердин тилин, салтын үйрөнгөн. Мекенине баргандан кийин, Орто Азия тууралуу Санкт-Петербургда 1786-жылы китеп жазып чыгарган.

Кара-Бото хан Олуя-Атадан Түркстан шаарына чейинки аралыкка чейинки аймакка ээлик кылып, Улуу Жибек жолун көзөмөлдөп турган. Казактын айтылуу Аблай ханы Кара-Ботонун нурдуу, от чачыраган көзүнөн жалтанып, тике карай алчу эмес экен.

Кара-Бото хан 110 жашка чыкканда, уулу Асан атасынын бейшептеген жерин көрүп, «атамдын дагы эле күчү бар турбайбы» деп, атасына Кетмен Төбөлүк саяктардан Телегей деген кызды алып бериптир. Кийинки жылы жайлоого көчүп баратканда, Телегей төрөп, Кара-Бото кылым жашап көргөн баласынын ысымын, жолдо төрөлгөндүктөн Жолон коет.

Бир айтымга караганда, Кара-Бото 111 жашында 1734-жылдын 29-июнунда жарык дүйнө менен кош айтышат. Башка бир маалымат булактарында, Кара-Бото хан болжол менен 1766-1770-жылдары Аксы тарапта өлүп, сөөгү Сафит-Буланга коюлуптур. Уламышта Кара-Бото өлөр алдында «сөөгүмү кара буурага артып кое бергиле, буура кайсы жерге чөксө, ошол жерге койгула» деп керээз калтырган делет. Хан өлүп, уулдары атасынын сөөгүн кара буурага артышып, анын артынан жүрүп отурушат. Кара буура жол жүрүп отуруп, ээн талаага келип чөгөт. Атасынын сөөгүн ээн талаага койгусу келбеген Асан кара бууранын сабап тургузуп, андан ары айдаганда Сафит-Булан мазарына жакын чөгүптүр.

Кара-Ботонун сөөгү ошол жерге коюлат.



# БИШКЕК ШИИББде “ЭЛ АРАЛЫК ЭНЕ ТИЛ” КҮНҮНӨ КАРАТА САЛТАНАТУУ ИШ-ЧАРА БОЛУП ӨТТҮ



Буга Бишкек шаарынын ИИББдин начальниги Азамат Ногойбаев жана анын орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиясынын төрагасы Каныбек Осмоналиев, ИИМдин Башкы штабынын Мамлекеттик тил жана редакциялоо бөлүмүнүн начальниги Айбек Орозакунов, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил коомунун Президенти Раимжан Курбанов, Кыргыз-Түрк «Манас» универстетинин кыргыз тили координатору, акын жана котормочу Алтынбек Исмаилов, Бишкек шаарынын мэриясынын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Эльвира Ниязбекова, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисттери, ар улуттардын диаспора өкүлдөрү, Бишкек ШИИББдин Ардагерлер кеңеши жана Бүбүсара Бейшеналиева атындагы кыргыз Мамлекеттик маданият жана искусство университетинин «Музыка» факультетинин студенттери ошондой эле Бишкек шаарынын ИИББдин өздүк курамы катышты.

“Тилдин улуусу да-эне тил, Тилдин сулуусу да-эне тил” темасында өткөрүлүп, ачылыш аземи Бишкек шаарынын ИИББдин начальниги Азамат Ногойбаевдин сөзүнөн башталды. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиясынын төрагасы Каныбек Осмоналиев куттуктоо сөзүн сүйлөп, Улуттук комиссиядан чыккан китептерди Бишкек шаарынын ИИББдин начальниги Азамат Ногойбаевге тапшырды. Андан соң анын орун басары Тилек Тюкебаев салтанаттуу иш-чаранын конокторун “Эл аралык эне тил” күнү менен куттуктады.

Андан сырткары, Бишкек шаарынын ИИББдин начальниги Азамат Ногойбаев кыргыз маданиятына салым кошкон таланттуу конокторго ардак грамота жана ыраазычылык каттарды ыйгарды. Ошондой эле, кыргыз адабиятына жана маданиятына, кыргыз тилинин өнүгүшү үчүн салым кошкон инсандар бир нече чыгармаларын тартуулашты.

Кыргыз жери көп улуттуу өлкө болгондуктан, ар кандай каада салты, маданияты, дили жана тили менен айырмаланган жарандар бар. Бирок ага карабастан биз бирдиктүү, биримдиктүү болуп ошондой эле ынтымакташып бүгүнкү салтанаттуу иш-чарада башыбыз биригип турат - деп, ар улуттардын диаспора өкүлдөрү жылуу сөздөрүн айтышты.

Салтанаттуу иш-чарада Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисттери жана Өзбек, Уйгур, Корей диаспоралары катышуучуларга майрамдык маанай тартуулашты.

**Булак.: Бишкек ш.ИИББдин Басма сөз кызматы**



№02-03 (289)
30 03 2023
kyrgyztili@mail.ru



# Карбалас БАКИРОВ,
# Кыргыз Республикасынын эл акыны

## Бишкектин көгүчкөндөрү

*Бишкектин көгүчкөндөрү
Жем издеп жүргөн парктарда.
Унуткан кандай алаамат,
Учканды көгүш асманда.*

*Бишкектин көгүчкөндөрү
Жорголоп качкан жолуман.
Мейкинге берген канатты,
Менби же сенби кор кылган?*

*Бишкектин көгүчкөндөрү
Асмандын, жердин – эрөөл бейм.
Булуттар менен тең көчүп,
Эх, бороон болуп боройлойм.*

*Ааламга келген максатын,
Аткараар ар жан...ай, билбейм.
Өзгөрмө, жылма талааңда,
Өрттөнгөн Тайга – жан дүйнөм!*

***

*Сивас!
Бир ташыңан,
Бир каргаңан алгым келет интервью!
***
Жамгырлары Сивастын жамгырлары,
Жамыраган ойлордун жандырмагы,
Жаай түшчү, жааганың жан жыргалы,
Жармым калды өзүңдө, жармым калды.
Жамгырлары Сивастын, жамгырлары,
Жамгырлардын сулуусу, шаңдуулары,
Карбаластын, гүлдөрдүн тагдырлары,
Кайрылбаган ирмемдин айдыңдары.
Жамгырлары Сивастын, жамгырлары,
Тамчылардын басылбай шаңгырагы,
Сен каякка кетесиң булут менен,
анда менин жан дүйнөм аңгырайбы?*

***

*Тыюу салган жактарга таштa кадам,
Түптүз кеткен жолго мен батпаган жан
Күндөр келсин кенгуру, кентаврдай,
Баш тартамын жадатма сентябрдан.
Уктай берип жармыңар өлүп калган,
Бурчуңардан чыккыла көнүп калган.
Толкундарын жөнөтөм жүрөгүмдүн
Коркпогула, деңизге жолуккандан.
Не жаңылык бейтааныш тараптарда?
Канатыңды кайрыба камап тамга.
Короочулар, аяймын силерди мен,
Булут кечип, кайдадыр баратканда.*

## Кызыл Автобиография

**Токтогул районундагы Бекназар атындагы орто мектептин мурдагы директору ыраматылык жээним Сүйүнтбек ШҮКҮРБАЕВге**

*Чырмалышкан тагдырым кызылдарга,
Кайда барсам ачканым кызыл каалга.
Кызыл жагоо тагынган кызыл доорум,
Кыйкырып бир сүңгүдү кыйырларга.
А жан дүйнөм эрке жел термеп келген,
айырмасыз кыпкызыл желектерден.
Кычыраган январда төрөлүпмүн,
Кызыл-Өзгөрүш деген элетте мен.
Кызыл-тазыл мендеги кыялдар да,
дуулдап күйүп чок болом уялганда
Кызыл катчы чуңкурга түртүп кетсе,
Кызганчаак кыз чыгарды кыраңдарга
Кызыл аалам менчигим экен дедим,
Кызыл аттуу көчөдөн үй алганда.
Бүт өмүрүм кызылдан сызылышкан,
Кызыл-Ураан мектеби – кызыл кыштан,
орус тилчи мугалим элем анда,
оо сүйкүмдүү интернат – Кызылстан.
Кылкылдаймын булуттун арасында,
Кызуудурмун а балким, тазасынба.
Эстен кетпейт кызыл ат чаап чыкканым,
ал мектептин экинчи кабатына.
«Жаман» жээним деректир Шүкүрбаев,
анда да бир кечирген үтүр коюп.
Чексиздикке жол таппай тумчуккандан,
тепкилепмин аң-дөңдү чукул барып.
Айкалышкан тагдырым кызылдарга,
Кайтаруучу каркылдап “Кызыл” карга...
Жаштыгымдын аралы жалбырттаган,
Калды Кызыл шаарында, Кызылжарда...*

***

*Түз эмесмин, Кыйшыкмын,
Оң эмес -
тескеримин,
Тагдырдын сызып-чийип,
Жазылган дептеримин.
Чексизди боздоп карайм,
анткени чектелүүмүн.
Буйтаган, ойноп турган
коoздонуу-
бөздөнүүнүн
Жасалма сөздөрүнүн
өчтөрүмүн.
Шыбай бер, мени кара боек менен,
Жылдыздын перзентимин,
Булактын көздөрүмүн!*

***

*Тагдыр мени кармап туруп бир буттан,
Тайгадагы түнт токойго ыргыткан.
Чылк дүйнөдө мендей пенде жок чыгар
Чымчыктардын үндөрүнөн тумчуккан.*

*Жамандыкты жасайбыз деп огеле,
Жалт эттирип ыргытышты – обого!
Мейкиндикти кучактап, өөп каалгыдым,
Менттер калды, тоок кубалап короодо.*

*Элеттикмин, эркеси эмес балкондун,
Ак кар кечип аюуларды кайтардым.
Кирип кетип жымжырт түнкү токойго,
Кир жукпаган жылдыздарга чайкандым.*

*Оо, далайлар жагынышып чоңдорго,
Олтурганда кичинекей коргондо,
Саян тоонун кырларынан кыйкырып,
Салам айттым Током баскан жолдорго.*

*Оо далайлар гүлдөр өскөн капталда,
Ушактардан көйнөк тигип жатканда,
Арууладым Тундранын абасын,
Мөлтүр, тунук ойлорду куup асманда.*

*Алп турмуштун көлчүк болбой сыртында,
Актым, актым, Ангаранын “уургунда”.
Кимге зыян, кимге тоскоол, билбедим
Бар экеним бул ааламдын бурчунда!*

***

*Жерге жеткен көк мейкинди караңыз,
Жакын эле, жакын эле арабыз.
Азыткыдай азгырат да кайыйт ал,
Биз артынан кууп жеталбай барабыз.*

*Асыл таштан өркөчтөрү майышкан,
Шеригим төө. А мен жайдак алыстан.
Карс-карс күлүп кадамдаймын. Колум бош,
Каргаларга таш ыргытып жай учкан.*

*Ооз жүзүндө тегеренип мекенден,
Бутка жайлуу даяр жолдо төшөлгөн,
Көптөрүбүз келатабыз төө жандап,
Көйнөгүнөн башка жүк жок көтөргөн.*

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru



## Ужур шаары

Үй күчүк тумандарың мени жөөлөп,
Жамгырың кежирленет, өжерлөнөт.
Жадесе, саламымды кабыл албай
бурулбай, темир жолуң көйрөңдөнөт.
Бирөөдөй өз оюу жок, жетеленген,
Жадагам сызгычтардай көчөңөрдөн.
Жашасын трафарет үйгө кирбей,
Жапжалгыз карышкырлар кете берген.
Туйгансып келгендигин бөтөн, башка,
Каркылдайт каргаларың үч жүз жашта.
Аз менин түз жактарым,
Ужур шаары,
Сындырам эрежеңди чаап ташка!

***

Ужур калаа – чуркап өтүп жамгырда,
корккондуктан адыр-түзгө карабай,
октябрдын туманынын алдында,
үйүн таппай адашкан жаш баладай.
Иттери жок, бирок мифтер жаңырган,
ээн талаада, жиндер түшүп эсине,
окшойт отту жаңы гана жандырган,
түнт токойдун токтой калып четине.

***

Мамлекет түркүктөрү,
Болбогун кабинеттин бүркүттөрү!
Карагын -
Адыр,
Дөң,
Тоо
Ай талааңы.
Жок болсо Че Гебараң
Чек араңды —
Чегирткен кайтарабы?

**1998-жыл.**

## 2003-ЖЫЛ, НОЯБРЬ.

Үй курат китептерден,
Төрт жарым жашар кызым.
Бышкан кыш – Рубцов, Верлен,
Шенгели, Шатобриан.
Рамис – күн дубалы,
Салижан - сын дубалы.
Мандельштам – түштүк тарап,
Пастернак – түндүк жагы
Шыйпыры – Хемингуэй.
Сүйүмбай,
Жалил,
Жоомарт
Жармашып генийлерге
Эргешов, Вийон монах.
Байдылда каалга болду,
Эдгар По - карга болду.
Терезе кылгысы бар
Текчеде Арагонду.
Асандын беш томдугу,
беш түстүү түр жол экен
Алымдын – чок ондугу
Анатай сот томдугу,
бурчуна кирген экен.
Токтосун Самудинов –
өзүнчө күлкү бөлмө,
Детектив – Абыкеев
меш болуп күркүрөөдө.
Толстой,
Бунин,
Рембо
үчөөнөн үстөл жасап
белгисиз меймандарга
түр тамак чүргөп жатат.
Айланып Султан палван
жардагы көпүрөгө.
Ажайып бул бир аалам,
кел, төргө өтүңөр ээ!

***

Жеп жатышат
Жүгүрүшүп,
жыгылышып,
жеп жатышат
сүрүлүшүп,
кырылышып,
жеп жатышат.
Ыйлап, күлүп,
чачын алып
жеп жатышат.
Тике туруп,
жатып алып
жеп жатышат.
Күнү деле
жеп жатышат,
түнү деле.
о-о-о, о-о-о,
о-о-о,
о-о-о-о,
о-о-о-о-о,
о-о-о-о-о-о,
о-о-о-о-о-о-о,
о-о-о, о-о-о,
Оозу бар дүнүйөңө!..

***

Сай күркүрөп, чөп дүркүрөп май эле,
биздин айыл чымчыктарга бай эле.
Кужулдашып урушушкан, талашкан,
алар деле учуп жүргөн бала эле.
Кайна деген саяпкердин багы эле,
Канаттуулар кар жаагандай жаар эле.
Түк билбеген ойногондон башканы,
Менин дагы төрт тарабым шай эле.
Ыйлай жаздап куштар элем учканга,
тоо, токойдун далдаасынан чыкканга.
Айткан сымал акын Сергей Есенин
Ага-тууган элем сүйкүм куштарга.
Кечке чейин мен алардан кетпегем,
Жаша, достор! Үнү көктөн өчпөгөн.
Балалыгым – сууга түшкөн ак таштай,
Таранчылар карегинде деп келем.

# ТЕХНИКА ТАРМАКТАРЫ КЫРГЫЗЧА СҮЙЛӨЙ АЛАБЫ?

*Негизинен техника тармактарында көпчүлүк терминдер чет тилдерден алынып колдонулат эмеспи. Биринчи көйгөйлүү маселелердин бири болуп чет тилдерден келген терминдер менен кандай иштейбиз деген суроо турат. Бул жаатка тиешеси бар айрым мекендештерибиз башка тилден бизге кирген терминдерди такыр эле "кылын кыйшайтпастан" туруп эле кабыл алып, ошол бойдон колдоно берели деген ойду айтып келишет. Мен мындай пикирге макул болбой келем, себеби кыргызча түшүнүгү болгон терминдерди кыргыз тилиндеги атоолор менен атап, жаңы терминдер менен, же болбосо сөз айкаштары аркылуу туюнтушубуз керек деп эсептейм. Ал эми бизде такыр эле андай түшүнүк жок болсо, биз, кыргыз үчүн мындай нерсе таптакыр эле жат болсо, андай түшүнүктү таба албасак же кыргыз сөздөрү аркылуу колдонууга ыңгайлуу кылып туюнта албасак, анда албетте ал терминди кабыл алуубуз керек. Чет тилден кирген ал терминдер, түшүнүктөр менен эне тилибиз байырын мен да түшүнөм жана колдойм.*



**Кадаңбай БАКТЫГУЛОВ, Кыргыз-Түрк Манас университети, техника илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдында Терминология комиссиясынын мүчөсү.**

Мисалга, курулуш тармагы боюнча – "цемент", "бетон", "битум", "асфальт", "арматура", "архитектура", "конструкция", "каркас", "анкер", "блок", "комплекс", металл" ж.б.; техника боюнча – "техника", "механизм", "мотор", "кран", "платформа", "туннель", "деформация", "лазер", "магистраль" д.у.с. терминдерди колдонуп эле келе жатабыз. Ошону менен бирге кыргыздын төл сөзү катары сиңип, тил ыңгайына жараша кыргызча айтылып калгандар – машине, самоор, керебет, трактир, белесепет, чайнек, тапичке ж.б. Элибиздин төл сөзүнө айланган бул сөздөрдүн айтылышы боюнча жазылышына да, ошондой эле түп нускасында жазылышына да Х. Карасаев агайдын "Кыргыз тилинин орфографиясында" жол берилген эмеспи. Буларды кыргыз эли төл сөзүндөй эле колдонуп калды.

Эми мааниси боюнча кыргыз тилине которулуп, адистер тарабынан колдонулуп келе жаткан техникалык атоолорго кайрылалы. Буларды которууда биринчи кезекте сөздүн маанисине карап, экинчиден кыргыздын төл сөздөрүнө жакындаштырып, үчүнчүдөн айтылышы жана жазылышы жагынан мүмкүн болушунча кыска, так болушуна көңүл бурулууда. Мындай атоолордун катары ар тармактагы адистер тарабынан сунушталып, андан соң терминологиялык комиссиянын отурумдарында каралып, талкууланып, андан соң кабыл алынып келди. Бүгүнкү күндө мындай аракеттердин натыйжасында бир кыйла атоолор эл чарбасынын ар тармактарында колдонулуп келет. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын 2000-жылы чыгарылган "Учурда активдүү колдонулуп жаткан саясий, юридикалык, экономикалык жана башка терминдердин сөздүгү" китебинин баш сөзүндө (бет ачар) ошол комиссиянын атайын редакциялык бүйрөсүнүн (бюросунун-ал кезде улуттук комиссиянын алдында ошондой топ бар эле) төрагасы Салижан Жигитов агайыбыз мындай деп жазган: "Орус тилинен оошкон эл аралык терминдерди арапча-иранча сөздөр менен алмаштыруу багыты жалпы жонунан терс бааланууга тийиш. Бирок ушундан улам азыркы жүрүп жаткан тилдик (айрыкча лексикалык) изденүүлөргө, тактап айтканда, жаңы сөздөрдү табуу далалаттарына каршы туруу, жолтоо кылуу, тыюу салуу да апендилик болоор эле. Биздин жазма тилибиз жаш, калыптануу процессин башынан кечирип бүтө элек, ошон үчүн ал орусчадан оошкон олдоксон сөздөрдөн жана калькалардан, эне тилибиздин духуна жат арабизмдерден жана фарсизмдерден кутулууга, нукура улуттук кыртыштан өнүп чыккан неологизмдер менен баюуга муктаж". Менимче кайсы гана тармакта болбосун термин жаратууда агайдын айткандары стратегиялык багыт болушу керек. Ошол өңүттө кыргызчаланган курулуш терминдеринен мисал келтирели. "Обои" (русс.)– туш кагаз, бул кыргыздын тушка тартылуучу оймолору менен, дубалга тагылуучу жасалгасы – туш кийизге аталышы уйкаш курулуш материалы. Туш кагаздын дагы оймолору болот, ошондой эле дубалга чапталат, үй ичине көркөмдүк берип турат. Дагы бир "брусчатка" (русс.) деген баарыбыз колдонуп жүргөн материал , аны "таманташ" деп котордук, башкача айтканда таман алдындагы таштан даярдалган буюм. Ташыбыз табигый дагы, жасалма дагы болушу мүмкүн, ошондуктан негизги маани таш деген материалга бурулду. "Беседка" (русс.) деген курулуш "маек жай" деп которулган, беседовать – маектешүү деген этиштен, ал өтүүчү жай экендигин түшүндүрүп турат. Дагы бир "люк" (гол. Luik) деген кандайдыр бир оюктарга кире турган жердин капкагын "жапма оюк" деп котордук, б.а. оюкка кире бериштин жабылуу орду. Булар жана ушуга окшогон атоолор эл чарбасынын ар кайсы тармактарында бүгүнкү күнү кудайга шүгүр эле колдонулуп, сиңип калды. Булар мааниси боюнча көпчүлүккө түшүнүктүү атоолор. Айрым кууш маанидеги, жалпыга анча түшүнүктүү эмес атоолор боюнча талаш-тартыштар бар. Бул талаштардын себеби катары эки нерсени айтса болот: биринчиден – адис эмес болгондуктан ал сөздүн маанисин анча аңдабагандык, экинчиден – адис болсо дагы көнүмүш болуп калган сөздөн кайта албагандык же ага ылайык кыргыз сөзүн издөөдөн эринүү. Мына ушундай атоолордун бир катарын сиздерге айта кетели. Техникада орус тилинен кирген "насос" (русс.) деген термин бар экенин ар бирибиз билебиз, иштөө принциби боюнча суюктукту, желди соруп алып, аларды кысуу аркылуу басым түзүп, анан тиешелүү нерселерге берет, башка тетиктерди кыймылга келтирет, мына ушуга байланыштуу бул терминди "сорксыкыч" деп которгонбуз. Себеби бул агрегат абаны болобу, суюктукту болобу соруп алып туруп, андан соң кысып, тиешелүү басым түзүүнүн натыйжасында аны ошол бойдон башка тетикке берет же аны жумушчу кыймылга айлантат. "Соркыскыч" деп соруп, анан кысып берген операциялардан кыскартылып алынган атоо. Бул аталышты кабыл алуудан мурун терминкомдо абдан кызуу талкуулар жүрүп, жыйынтыгында термин катары кабыл алынган (Атоолордун (терминдердин), сөз айкаштарынын орусча-кыргызча сөздүгү. -Б.: Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору, 2006. -220 б.). Дагы бир атоону алсак – "поршень", (русс.) муну да аткарган жумушуна карата, бизде, кыргызда байыртан эле колдонулуп келе жаткан, ушундай эле окшош кызмат аткарган кымыз бышкычтын аталышы менен "бышкек" деп атаганбыз. Бышкек менен бээнин сүтүн кайра-кайра ургулап бышабыз, ал эми "поршень" деле алдыга-артка кыймылынын натыйжасында ар кандай жумуштарды аткарат. Энергетиктер тарабынын ийгиликтүү колдонулуп келе жаткан "чордон" деген кыргыз атоосу орусча "станция" (лат., statio









– стоянка) деген түшүнүктү берет. Кыргыз тилинин сөздүгүндө "чордон" деп булактын көзүндөгү суунун уюлгуп, оргуштап чыгып жаткан жерин, ал эми өтмө маанide – кайсы бир нерсенин негизгисин, башкысын, борборун, б.а. кызуу жүргөн иштин борборун, маанилүү, башкы нерселер чыга турган жайды белгилеген. Ал эми авто-, темир жол станцияларында эл топтолуп, анан унаа каражаттарына олтурушат, аккан суу топтолуп, баралар аркылуу өткөндө механикалык кыймыл электр энергиясына айланат, дегендей. Ошондуктан ушул окшоштуктардан улам мааниси боюнча жакын болгон "чордон" атоосун кабыл алганбыз. Бүгүнкү кыргыз энергетиктери гидроэлектрстанцияны (ГЭС) – "гидроэлектр чордону", "подстанцияны" – "көмөкчү чордон" деп атап көнүп калышты.

Кийинки маселе, эки сөздөн куралган терминдер, бир сөзү эл аралык термин болуп, экинчиси которулууга жаткан мааниси менен сөздөн тургандар. Мындай терминдердин эл аралык сөзүн калтыруу менен, экинчисин улай которуп берүү практикасын туура таап, колдонуп келебиз, мисалга, бетонораспределитель – бетон бөлүштүргүч, гиперзвук – гиперүн, гидроразбиватель – гидросындыргыч, гидромолот – гидробалка, автомастерская – автоустакана д.у.с. Дагы бир, орус тилинен кирген татаал сөздөрдөн куралып, ортосунда "о" тамгасы менен байланыштырылган, сөздөрү которулууга жатпаган сөз айкаштары бар. Мисалга, "асфальтобетон", эки сөздүн ортосундагы "о" тамгасын түшүрүп, "асфальтбетон", "асбестоцементти" – "асбестцемент", "армоцементти" – "армцемент", "бетонополимерди" – "бетонполимер" деп чогуу жазсак кыргыз тилине жатыгыраак келчүүдөй. Менимче, эң негизгиси, мындан сөз айкашынын мааниси бузулган жок, түп нускасы менен жаралган атоону кайсы тилде да болсо окуп түшүнүүгө болот. Дагы ушул сыяктуу эле "электротермомеханическое натяжение арматуры" деге сөз айкаштарын "арматураны электртермомеханикалык керүү" деп алууну сунуштайбыз. Бул жерде сөз айкашы эки тамгага кемип калды, бирок кыргыз тилинде айтылуусу жеңилдеп, жатыгыраак чыкты. Ушул эле катарда эки сөздөн турган сөз айкаштарынын бирөө калып, экинчиси которулат, мисалга, "электропила" – "электроараа" дебестен,"электраараа" дегенибиз туура болчудай. Ортосунда кошумча үндүү байланыш тамгасы жок, биринчи сөзү үндүү менен аяктагандарда маселе жок, мисалга, гидромолот – гидробалка, гидробур – гидробургу, гидровибратор – гидротитиреткич, гидроподъемник – гидрокөтөргүч, гидроузел – гидротүйүн, автомастерская – автоустакана, автоприцеп – авточиркеме, автоответ – автожооп, автодорога – автожол, автовокзал – автобекет. Мындай учурларда татаал сөздүн биринчисинин маанисин сактоо принциби кармалды. "Гидро", "авто" сөздөрүн толук сактоо менен бул жабдыктардын эмнеге таандыгы аныкталат. Эми ошондой эле эки же андан көп сөздөрдөн куралып, кыргызчасында ал сөздөр өз-өзүнчө маани берип, бөлөк жазылууну талап кылган сөз айкаштары дагы кездешет. Мисалга, чогуу жазылган железобетон – темир бетон, стеклопластик – айнек пластик, двутавр – эки тавр, вагономоечная машина – вагон жуугуч машине, бетоновоз – бетон ташыгыч, бетономешалка – бетон аралаштыргыч, бетоноукладчик – бетон төшөгүч д.у.с. , бул кош сөздөрдү чогуу жазууга муктаждык жок, ар бир сөз өзүнчө түшүнүк берип тургандыктан бөлөк-бөлөк жазууга туура келет.

Эми бүгүнкү күндө кыргыз коомчулугунда маанисине карабастан анча туура эмес которулуп, элге тарап кеткен бир термин тууралуу айтууга туура келди. Алсак, "сеть" деген орус сөзүн "тармак" деп которуп колдонуп келебиз. Айрыкча баарыбызга жакшы маалым болгон "социалдык сети" деген сөз айкаштары – социалдык тармактарда отургандар деп баардык маалымат каражаттарында, адамдардын пикир алышууларында айтылып келет. Ошол эле кыргыз тилинин сөздүгүндө "тармак" деп илимдин, өндүрүштүн, кесипчиликтин ж.б. белгилүү бир багыт, өзгөчөлүк боюнча кеткен, өзүнчө айырмалуу белгилери болгон бөлүмү, тарамы, деп берилген. Ушул күнгө чейин айыл чарба тармагы, энергетика тармагы деп эл чарбасынын тармактарын атап келбедик беле. Мамлекеттин социалдык багытта алып барып жаткан ишмердиги дагы өзүнчө тармак, бирок ал биз айтып келе жаткан социалдык "сеть" эмес да. Орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө "сеть" деп торду, мисалы балык кармаган торду, экинчи мааниси – система путей, линий, расположенных на каком-нибудь пространстве, үчүнчүсү – совокупность расположенных где нибудь однородных учреждений, организаций, б.а. бир нерсенин ар кандай багыттарда тарамдалуусу. Демек, "сеть" – "тарам" деп которулганы туура болмок. Социальные сети - социалдык тарамдар деп которулганы туура болмок. Кыргызстанда "Национальные электрические сети Кыргызстана" – НЭСК деген мекеме бар, муну Кыргызстандын улуттук электр тармагы деп которушуптур, жалпы энергетика тармагы бар эмеспи. Жалпы энергетика тармагынын ичинде дагы бир тармак болуп калган. КУЭТ - НЭСКтин аткарган кызматы - электр чордондору иштеп чыккан энергияны бөлүштүрүүчү компанияларга электрлиниялары - тарамдары аркылуу жеткирип берүү. Туурасы Кыргызстандын улуттук электр тарамдары болушу керек эле, КУЭТ электр тарамдары аркылуу электр энергиясын ташып берүүчү мекеме.

Кыскасы, айтайын дегеним, техника кыргызча сүйлөй алат, ага кыргыз тилинин байлыгы толук жетиштүү, бирок аны адистер мазмунуна жараша, тууралап, тактап кыргызча бере алсак, кыргыз тили андан ары дагы байый бермекчи. Терминологиялык комиссиянын милдети бул атоолорду кабыл алып, бирдейлештирүү жана жалпы коомчулукка жеткирүү.

# *Кыргыз тили - Улуу тил!*

**Света АБДЫКАДЫРОВА**

*Көз жеткис алыстыктан дүбүрт келет,*
*Касиет тула бойдо катылып бек.*
*Мээрбандык, сабырдуулук, кайрымдуулук,*
*Изденгин аалам сыры адамда деп.*

*Жараткан көрүп дилин Кыргыздардын,*
*Айкөлдүк, калыстыгын, чынчылдыгын.*
*Кеп наркы өзүңдө деп ыйгарыптыр,*
*Кадырын кудуретүү кыргыз тилдин.*

*Ааламдын уюткулуу тили болуп,*
*Кыргыздын Улуу чындык дили болуп.*
*Башынан Кызыр даарып Аруу болуп,*
*Тең кармап Аалам Жерди Пири болуп.*

*Кыргызым Нур дүйнөгө жакын болду,*
*Ой баккан Кутту уюткан, Асыл болду.*
*Мээримин Жараткандын Нурдай чачып,*
*Көрсөттү Кайып дүйнө Улуу жолду.*

*Кыргыз тил өзөгүндө башат болду,*
*Макалы насаат, санат сырга толду.*
*Урпактар улантса экен дилин берип*
*Бабалар баштап кеткен Улуу жолду.*

# *Эне тилим - ыйыгым*

**Мээркан ТОКСОБАЕВА**



***(Азамат Алтай атабыз -"чет элде мени кыргыз тили бакты") - деген эле.***

*Кыргыз тилим -кыйла мезгил арыткан,*
*Кылым санап кырчылдашкан чабыштан.*
*Курчуп улам, улап байып, өнүгүп,*
*Кыргызымды бүт ааламга тааныткан.*

*Эзелтеден дилим тилди туюнган,*
*Энелердин ак сүтүнөн куюлган.*
*Эчен кылым жашап келет жоголбой,*
*Энчим болуп кан-жаныма уюган.*

*Эмнегедир эмки жаштар каалабайт,*
*Эсине албай кыргыз тилин баалабайт.*
*Булдуруктап бузуп сүйлөйт атайын,*
*Бул жашоонун тили экенин таанибай.*

*Кыргыз наркын, ата салтын сактабай,*
*Кайда кетип баратасың жаштар ай?*
*Келечекти тапшырабыз силерге,*
*Уланткыла жарым жолго таштабай.*

*Кыргыз тилин байыталы, барктайлы,*
*Кыйын кезде бекер карап жатпайлы.*
*Колдон келет баарлашсак кыргызча,*
*Кайдыгерлик карайлатып жатпайбы.*

*Кыйыр карап дилибизди сатпайлы,*
*Кылым кезген тилибизди даңктайлы.*
*Эне тилим -эң кымбатым, ыйыгым,*
*Эне тилдин тазалыгын сактайлы.*

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru



***

*Мен эмнени таптым экен,*
*Мен эмнени жоготтум.*
*Акырындап өчүп барат,*
*Коломтодо чогу оттун.*

*Же бирөөнү таарынттымбы,*
*Же бирөөгө таарынып,*
*Жал-жал сулуу деги мени,*
*Күттү бекен зарыгып...*

*Алдыртадан ким сүйдү экен,*
*Атымды укса аптыгып.*
*Каран түнгө калган жанга,*
*Кылдым бекен жакшылык.*

*Мен эмнени таптым экен,*
*Мен эмнени жоготтум.*
*Акырындап алоолонот,*
*Коломтодо чогу оттун!*

Акбар байкенин бул ырлары, тээ биз Ош педагогикалык институтунда окуп жүргөндө "Көгүчкөндөр бийик учушат" жыйнагына оролуп чыккан эле. Андан бери далай суулар акты, далай жылдар өттү, далай чачтар агарып түштү. Бирок, ошондогу наристедей сезимтал канаттуу ырлар биз үчүн дале көгүчкөндөй учуп жүрүшкөнсүйт. Ошол көгүчкөндөй шуулдаган, дуулдаган, татынакай ырларды жазган акын бүгүн башы жазгы алма бактай аппак гүлгө тунуп акылман аксакалдарга окшошуп турат. Ооба 70 жаш кыялкеч, ден-соолуктуу "шамалдаган" акын үчүн кеп бекен. Оо кийин, кийин чыккан "Үмүт-күдүк" ыр жыйнагы далайды тамшандырган ыр жыйнак болду. Эмесе андан өзүнчө "ооз тийип" көрсөңөр болот.

**Дүйшөн КЕРИМОВ.**

# Ат барат

*Жүк ташыган машинада ат барат,*
*жүгөндөлүп,*
*күмөндөнүп сак барат.*
*Сапырылып жал-куйругу шамалга,*
*Жапырылат жол боюнда бак-дарак.*
*Атырылат,*
*"темир тулпар" бат барат,*
*жапырылат*
*калаа, талаа, бак дарак.*
*жүктү жүктөй ташып көнгөн жаныбар*
*жүргүнчүнүн ролун бүгүн аткарат.*

*"Жүргүнчүнүн" тынчы кетет сыягы,*
*Жүрөгү анын бир шойкомду туябы?*
*"Жүздөн жүйрүк, миңден тулпар" аталып,*
*Жүгүрчү эле жерге тийбей туягы.*

*Кулан айгыр, кашка бээден төрөлдү,*
*Кунан чактан кубандырды көп элди.*
*Көк-Кыяны*
*өрт кыялы тар сезчү,*
*төрт туягы,*
*кош канаты бөгөлдү.*

*Эх, акимдин катаал экен бийлиги,*
*эт-майына суук көздөр тийдиби?*
*Чаткаягын керген кезде чатынан*
*чачырады бортко жаба сийдиги!*

*Аалам көчүп, күн тутулат каректе!*
*Ат бараткат белгисиз бир даректе:*
*Сөгүлөбү кырк кабырга ыдырай,*
*Төгүлөбү ал этке?!..*
*Жүрөксүгөн жүргүнчүдөй жалта карап,*
*Жүк ташыган "Мерседесте"*
*Ат барат...*

*Шыйрак алаарда башты алдым,*
*Ат эмес кунанымда макталдым.*
*Эртерээк түптөлүп калдыбы,*
*Музейи Рыскулов Акбардын.*

*Музейге киргендер таң калат,*
*Кааласаң сен да көр кармалап.*
*Кереге, уук бар, устун бар,*
*А бирок каякта чамгарак.*

*Балким бул калп чыгаар, чын чыгаар,*
*Табылат каяша кылчуулар.*
*А бирок жаш акын жаш эле,*
*Аны аяп койгула сынчылар.*

*Чынында жаш акын жаш эле,*
*Аны аяп койгула жанчыбай.*
*Мактоо сөз кулакты тундурат,*
*Шилиге чабылган камчыдай!*

# Сарөзөн

*Өрүштө керилген малы түркүн,*
*Өйүздө эгилген даны түркүм,*
*Өргүү, алмасы өмүргө дем,*
*Өлбөстүк деминдей балы, чиркин!*
*Сарөзөн, Сарөзөн,*
*береке, байлыктын баары бар,*
*Сарөзөн, Сарөзөн,*
*Бишкектей ордолуу шаары бар.*

*Булагы туптунук агып келген.*
*Тулаңы мал-жанга жагып келген,*
*Турагы кыргыздын кылымдардан*
*Канча бир калктарды багып келген!*
*Сарөзөн, Сарөзөн,*
*Келгендер өзүңө табынаар!*

*Элиме эркиндик келген кезде,*
*Жериме береке берген кезде,*
*Сүйкүмүң артылып сүйгөн жанга,*
*Көркөмүң көбөйсүн көргөн көзгө!*
*Сарөзөн, Сарөзөн,*
*Жарашып мезгилге жаңыраар,*
*Сарөзөн, Сарөзөн,*
*Атагың алыска таанылаар!*

# Жүрөк түрсүлү

*Жүрсө да аңдып бир өлүм,*
*Жүш жашка өмүр сүрөмүн.*
*Жүздөн да ашсам, ишенсең,*
*Жүрөгүм түтсө жүрөгүм!*

*Мекенчил менин жүрөгүм*
*Менчиги эмес бирөөнүн:*
*Келет ал элим, жерим деп,*
*Себет ал үмүт үрөнүн!*

*Бирөөмүн, көптүн бирөөмүн,*
*Бир акын болуп жүрөмүн.*
*Алдыга ажал келсе да,*
*Алдыра көрбө, жүрөгүм!*

*Ургандай кээде күрсүнү,*
*угулат онтоо, күрсүнүү...*
*Ырларым – бүтпөс сырларым,*
*Тынбагын жүрөк түрсүлү!*

*Жүрсө да аңдып бир өлүм,*
*Жүз жашка өмүр сүрөмүн...*
*Тилек да менин айтканым,*
*Билет да баарын жүрөгүм!*





# Улут уңгусу - эне тил

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Ж. Байсаловдун тапшырмасына ылайык "Кыргызстанда жашаган этностордун эне тилин өркүндөтүү боюнча жана "21-февраль – Эл аралык эне тил күнүнө" карата өткөрүлүүчү иш-чаралардын планынын аткарылышы тууралуу кыскача маалымат*

Максаты: Кыргыз Республикасында жашап жаткан бардык этностордун тилдерин сактоо жана өнүктүрүү менен Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоонун маанилүү фактору катары мамлекеттик тилди толук жана кеңири колдонууну камсыз кылган натыйжалуу тил саясатын ишке ашыруу, элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо. "Кыргызстанда жашаган этностордун эне тилин өркүндөтүү боюнча жана "21-февраль – Эл аралык эне тил күнүнө" карата 16 пункттан турган иш план жарыяланган.

1-п. Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясында 21-февраль - Эл аралык эне тил күнүнө карата жыйын өткөрүү.

2-п. "Мен – кыргыздын жараны" ураанымeнен "Эне тилим - менин дилим" темасында эл аралык эне тил күнүнө карата иш-чаралар планын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу. "Кыргызстанда жашаган этностордун эне тилин өркүндөтүү боюнча жана "21-февраль – Эл аралык эне тил күнүнө" карата бир айлыгына бардык министрликтер, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү, райондук мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриясы, ЖОЖдор, орто окуу жайлары, китепканалар, ЖМКлар, бала бакчалар өзгөчө жигердүү катышты.

3-п. Жалпы билим берүү мекемелеринде (ЖОЖ, орто, кесиптик окуу жайлар, мектептер жана бала бакчалар) "Эне тилди барктайлы" темасында шайыр тапкычтар клубун (КВН), тарбиялык сабактарды, конкурстарды, дил баян, видео сынактарды ж.б. иш-чараларды онлайн жана офлайн форматында уюштуруу.

4-п. "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинде расмий тилден тест тапшыруу презентациясын өткөрүү. 2023-жылдын 15-февралы (шаршемби) «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинин (ММЛУ) Чыңгыз Айтматов атындагы кыргыз тили жана маданияты борборунда кыргыз тилин үйрөнүп жаткан студенттердин арасында флешмоб түрүндөгү чакан тест өткөрдү. Аталган бир айлыктын иш планынын алкагында «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси 9–10-февраль күндөрү Токмок шаарында мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү деңгээлин аныктоо боюнча флешмоб форматындагы чакан тесттерди уюштурду. Флешмобго Токмок шаарынын мэриясынын кызматкерлери жана шаар тургундары активдүү катышышты. 2023-жылдын 13-февралы (дүйшөмбү) саат 11:00дон 17:00го чейин «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилигинин кызматкерлери арасында мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдер боюнча флешмоб түрүндөгү чакан тест өткөрүлдү.

5-п. Чет өлкөлүк жарандардын мамлекеттик жана расмий тилди билүү деңгээлин аныктоо боюнча көчмө тест уюштуруу (каалоочулар арасында) «Эл аралык Эне тил күнүнө» карата Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан бекитилген бир айлыктын иш планынын алкагында «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси өткөргөн иш-чаралар:

6-п. Ата мекен, эне тил темасына байланыштуу социалдык роликтерди (2мүнөттөн кем эмес) даярдоо жана телеканалдар аркылуу (социалдык тармактарда) жайылтуу.

ЭлТР МТСУК даярдаган «Тилдин келечеги тарбияда» ролиги, «Улут болсом тилим менен улутмун» аталышындагы роликтери эфирге, ЭлТРдин ютуб каналына, ФБ баракчага, Инстаграм, тикток баракчаларына жайгаштырылды.

7-п. Жалпыга маалымдоо каражаттары арасында эл аралык эне тил күнүн даңазалоо:

- теледебат, ток шоу, телеберүүлөр, радиоуктуруулар;
- гезит-журналдарга макалаларды, атайын рубрикаларды даярдоо.

8-п. Этностор аралык "Улут уңгусу - эне тил" аттуу кереге кеңеш уюштуруу жана өткөрүү боюнча.

9-п. Чет жердеги мекендештер арасында "Эне тилим – сыймыгым" флешмобун уюштуруу жана өткөрүү. 21-февраль Эл аралык Эне тил күнүнө арналган флешмобго

1. Түркия,
2. Италия,
3. Улуу Британия,
4. Орусия Федерациясы,
5. Казакстан мамлекеттеринен видеолор келди.

10-п. Китепканаларда, маданият үйлөрүндө "Эне тил – улут уюткусу" темасында конференцияларды, жолугушууларды, адабий кечелерди уюштуруу.

11-п. "Эне тилди коргоо – мекенди коргоо" аталышындагы иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү.

12-п. "Мамлекеттик тил – достуктун жана биримдиктин тили" фестивалын уюштуруу боюнча. Бишкек шаарынын мэриясы 20-февралда Т.Абдымомунов атындагы Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында "Мамлекеттик тил – достуктун жана биримдиктин тили" иш-чарасы өткөрүлдү. КРнын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө Чүй облусу боюнча бир айлыкты жыйынтыктоо менен "Мамлекеттик тил – достуктун жана биримдиктин тили" фестивалы уюштурулду.

13-пункт. Улуттар аралык "Ырдайлы кыргыз ырларын", "Эне тилде ырдайбыз" аталышындагы маданий иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча УТРКда 21-февралда "Ырдайлы кыргыз ырларын" аталышындагы концерт көрүүчүлөргө тартууланды.

14-пункт. «21-февраль – Эл аралык эне тил күнүнө» карата «Эне тил – илимий изилдөөлөрдүн темасында» аттуу илимий-конференция боюнча, 2023-жылдын 17-февралында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде конференция болуп өттү.

15-пункт. «Эне тил жана руханий маданият» темасында иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү.

16-п. Бир айлыкты жыйынтыктоочу иш-чара өткөрүү. «Кыргызстанда жашаган этностордун эне тилин өркүндөтүү боюнча жана «21-февраль – Эне тил күнүнө» карата өткөрүлүүчү иш-чаралардын бир айлык планына ылайык жыйынтыктоочу жыйын 21-февралда Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында болуп өттү. Бул иш-чарага КРнын Мамлекеттик катчысы С.Касмамбетов, Кыргызстан калкы ассамблеясынын төрагасы А.Эркебаевдер куттуктоо сөз сүйлөштү. Бир айлыктын алкагында жигердүү катышкандарга сыйлыктар (төш белги, грамота, алкыш барагы) тапшырылды. Аягында концерттик бөлүгү тартууланды.

# *Кыргыздын байлары жөнүндө ыр*



**Атахан КОЖОГУЛОВ**

*Бай байлыгын сактаймын деп*
*Бөдөнөдөй бөжүрөп,*
*Көтөрөт да хандын, бектин чачпагын.*
*Байың үчүн кылча турбайт,*
*Манас, комуз, ырың дагы, дастаның!*
*Бай байлыгын ойлой берип,*
*Байыгандан байысам деп уктабайт.*
*Элдин, журттун ырыскысын*
*Ээлеп алган көпөстөн,*
*Мага ыйык*
*Мекенимдин куштары ак!*
*Мага ыйык ташы, суусу, дарагы,*
*Ала-Тоосу, аппак кары, шамалы.*
*"Тамың тоонун чырпыгы,*
*Малың токой чымчыгы"-*
*Деген тура кыргыз ата акылман.*
*Ач көз байдын тапканы*
*Керек болсо өзүнө да буйрубай,*
*Кырга-жонго чачылган.*
*"Байлык деген колдун кири"-*
*Деген сөз бар ээлтен.*
*Байлыка эмес,*
*Кыргызымдын рухуна табынам!*
*Ошол байлык*
*Керегине жарабаса эл-журттун,*
*Жогу жакшы барынан.*
*Бай эл эмес,*
*Байысам деп ойлой берип байлыгын,*
*Бир санаада жашайт экен ай-жылын.*
*Байың деген,*
*Байлыгына жан тартып,*
*Бөдөнөдөй бөжүрөп,*
*Кошоматты кош айтып,*
*Көтөрөт да хандын, бектин чачпагын.*
*Байың үчүн түккө турбайт,*
*Кыргыз, Чыңгыз,*
*Манас, комуз, ырың дагы, дастаның!*

**(2022)**



№02-03 (289)
30 03 2023
kyrgyztili@mail.ru

Эсенбай НУРУШЕВ

# Туюк сүйүү

(Эссе)

***Салижан Жигитовго арналат***

*(Уландысы.
Башталышы өткөн санда)*

***

Бирок эмнегедир андай болбоду. Өтө бир кымбат, аялуу нерсесин жоготкондой, эгизинен ажырап, элең-элең этип улам мекирене берген улактан бетер биздин жигит кызды басса-турса эстей берди. Эч кимге билгизбей, анын караанын бардык жерден издей берди. Китепканадан көрөмбү деди, дарсканалардан жолугуп каламбы деди. Жок, эч жерден көзүнө илинбеди. Анткен сайын жигит бир капталы эңшерилип калгандай коңултуктап, ичи эзиле берди.

Байкуш жигит, ай, жалаң китептегилерге гана ишенип, издегенин, идеалдарын ошолордон гана таап, кыялында жалаң ошол дүйнөдө гана жашап жүрүп жаңкы Руссону окуган кызды чындап жакшы көрүп калганын өзү билбей, өзү аңдабай калган тура. Туюк сүйүү жаман болот, сыртка чыкпай ичте өлөт деп билимдүүсүнүп, акылдуусунуп атып аны өз башына өзү тилеп алганын карабайсыңбы, каран күн!

Кыз чынында эле кыялдагы периште эмес, реалдуу кыз эле да. Кыйкууласа колуна конгудай куш эле да, алыста эмес, кол сунса жеткидей эле жерде жүрбөдү беле, арман күн, ай! Качан гана минтип кайрылгыс болуп колдон чыгып кеткенде кыялында өзү самап, өзү күтүп жүргөн, көрөр замат баш-оту менен берилип, акылынан таңгыдай болуп жакшы көрүп кала турган кыздын өзү дал ушу Руссону окуган кыз экенин эми билип, эми сезип отурганын карабайсыңбы, каран калгырдыкы!

Биздин жигит үчүн тагдырдын анык тамашасы ушунда эле!

Мунун баарын акылында аңдап түшүнүп, көзү жетип ишенген сайын биздин жигит дүйнөгө каран түн түшүп калгансып түнөрүп, айласы куруп, жаман болот. Китеп окуйт, башына эчтеме кирбейт, бөлмөдөгү достору менен сөзү бүтпөй, болбогон эле бирдемелерди бажаңдашып-кажаңдашып жатышчу эле, ага да баштагыдай көңүлү чаппайт. Экиүч күн сабакка да барган жок, үйдө отура албай, шаар аралап кетип, баягы кыздын караанын көрүп жүрчү көчөлөрдү акмалап, каңгып жүрүп, кайра келет.

"Каапыр кыз, ай, каапыр кыз! – деп үшкүрөт. – Жолуман эки ирет гана жолугуп, өзөгүмө ушинтип өмүр бою айыккыс дарт таштап кетериңди кайдан билдим, каапыр кыз!" – Келмеден бетер ичинен күңгүрөнүп ушуну көп айтып, айткан сайын жигиттин заманасы куурулуп, жанын койор жер таппай калат.

Акындар даңазалап, мактап ырдаган махаббат мажнундары да сенчелик ушинтип өзөгү өрттөнүп, сенчелик ушинтип жүрөгү күйүп, күйүт тартты бекен, бечера жигит, ай!

***

Арадан бир жарым жумадай убакыт өтүп кетти. Биздин жигит жекшемби күнү эртелеп туруп, уктап жаткан балдарга шырп алдырбай, бөлмөдөн чыгып, китепканага жөнөдү. Жолду ката кыялында акын менен сүйлөшүп келди.

"Муңдуу тарых кетти өтүп күн астында.
Муңдуу баян. Мен айттым болгон чынын.
Баарынан да муңдуусу турат мында:
багы тайкы а жигит мен болчумун..."

"Жо-ок, акыным, ошо жигит мен болом, -деди ичинен жүрөгү өрттөнгөн жигит оор күрсүнө. – Сен так мени жазыптырсың, олуям! Мен сага тен бердим. Өзүң айткандай, баары бүттү. Эми эмне кылам, күйүтүмдү кантип басам, акыным? Кеңеш бер эми мага!"- Ушуну ойлоп жигиттин ичи эңшерилип, ичегеси куйкаланып кетти.

Кулагына акындын саптары жаңырыктады:

*"Бейгам адам аны да, муну сүйүп,*
*көп нерсени кур бекер ыйык кылат.*
*Башка түшсө түйшүктүү тиричилик,*
*сүйүү эмес, үмүттү унуттурат!"*

"Туура, акыным, - жигит кайра күңгүрөндү. – Мен деле эптеп күн көрөм дечи. Бактыма бирөө тургандыр, бу күндөр да унутулар. Бирок ошого чейин кайгымды кантип басам, кимге барып зарымды айтып, бугумду жазам, акыным! Ушуну айтчы!"- Жигиттин ичинен кан өтүп кеткенсиди.

Поэмада махаббат мунарынан кара жерге күп этип кулап түшкөн жигиттин абалы көз алдына келе калды:

"Жерде жатып караса айланасын,
калган экен дүйнөнүн көркү качып...
Турду дагы...
көтөрдү өйдө башын...
ыйлаган жок... өлгөн жок... кетти басып!"

Биздин жигит чыйрала түштү. "Мен да ошентем, акыным, -деди ал ичинен. – Унутам баарын. Башымды көтөрүп басам".

Өзүн өзү ушинтип жубатып, китепканага кирди да көндүм болуп калган үстөлгө келип отурду. Китеп-дептерин алдына жайып, баарын белендеп алган соң эки жаагын таянып, көзүн жумуп, бир саамга тунжурап калды. Бир оокумда жигиттин мойну өзүнөн өзү эле баягы кыз отурчу тарапка бурулуп кетти. Көзү кантип ачылып кеткенин да байкабай калды, караса баягы ордунда... Руссону окуган кыз отурат! Жаңылып жатамбы деп көзүн бардап-бардап алды. Жок, дал өзү! Руссону окуган кыз өзү! Ак жибек көйнөгү гүлкайырдай кулпуруп, маралдай аппак мойну койкойуп, баягыдай эле Үр кызындай үлбүрөп отурат.

Жигиттин жүрөгү болк эте түштү. Аңгыча кыз да адатынча жигит тарапка жалт бурула бир карап алды.

Жигиттин жүрөгү эми жарылып кетчүдөн бетер түрсүлдөп чыкты. Көңүлү алеп-желеп болуп, ордунан тура калып, кайра отурду. Ою бир жерге токтобой, чабалактай баштады.

"Алактабай койо тур, байкуш жүрөк, - жигит ичинен кыңкыстап жиберди, - бир аз эсти жыйнап, аңгырып алалычы, койо турчу. Ошондо бу эмне болуп кеткени? Күйөөгө тийди дегени жөн эле кайбат кеппи? Ушак болсо эмнеге жатаканадан көрүнбөй калды? Караанын издей берип, көзүм тешилбедиби? Же мени ойнотуп жатканыбы? А бирок бу каапыр кыз минтип кыйналып жүргөнүмү кайдан билет? "

Капыстан бир ой мээсине октой кадала түштү. Барган жери жакшы кишилер болсо керек, окуусу өксүбөсүн деп шаарга алып келишти да. "Туура, -деди ичтен бир үн күңгүрөнүп, - эрге тийсе эле окуусу бүтүп калмак беле?"

Эми эле дүйнөсү түгөл тартып келаткан жигиттин көңүлү суу сепкендей муздай түштү. "Болуптур, - деди ичинен ал акыры,- кандай болсо андай болсун. Жок дегенде эми караанын көрүп жүрөт экем. Мага ушу да каниет".

Ушу маалда периштедей болуп Сарпбек келип калды. Аны көргөндө биздин жигит жөлөк болор кишиси келгендей демдене түштү. Дептерсептерин үстөлгө коюп жатып, Сарпбек эңиле берди да:

– Ии, адирейин, эртелеп келген экенсиң, -деди акырын шыбырап.

– Антпесем сага орун тийбей калмак! – Биздин жигит кара күчкө тамашаламыш болду. Аңгыча Сарпбек бет алды жагын карап алып, делдее түштү.

– Ай, тетиги Даткабы, ыя? – Кыз тараптан көзүн албай, эңиле берип сурады. Биздин жигит билбейм дегендей ийнин кысып койду.

– Ван мамент, адирейин. Азыр билебиз.

Сарпбек түз эле кыз отурган үстөлдү көздөй жөнөдү. Тиги да аны жакынын көргөндөй кабагы жаркылдап, ордунан тура калып, кол сунуп учурашты. Анан экөө жанаша олтура калып, күбүрөп-шыбырашып калышты. Кыз улам чачын артка серпип, колу менен саамайын түздөй калып, биздин жигит тарапты карап коюп жатты. Он мүнөттөй болгондо сөздөрү бүттү окшойт, Сарпбек ордунан туруп, кыздын далысынан таптап, чачынан сылап койду да, алдыда жаткан бир китебин алып, кайра тартты. Келип отурар замат биздин жигитке эңиле берип, билип келгенин шыбырады.

– Кыскасы мындай, адирейин, ала качкан балдар түшүнүктүү немелер көрүнөт, Датка жигитим бар деген экен, убалыңарга калбайлы анда деп, кечирим сурап, ошол эле күнү түн бир оокумда кайра жатаканага жеткирип коюшуптур. Коркуп калган байкуш кыз эртеси ата-энесине чуу коюптур. Кечээ келдим дейт. Калган-катканын анан билебиз, мага бүгүн эртерээк кетиш керек болуп турат, байкеси. Жумушумду жасай салайын да, жөнөй берейин. Сен өзүң бил, болгону мени алагды кылбай бир саатча шук отуруп бер. – Сарпбек адатынча кашка тишин көрсөтүп күлүп койду.

Биздин жигитке бул жакшы кабар эле. Ошол эле учурда бул тагдырдын дагы бир тамашасы да эле. "Дүйнөнүн түркүгү кулап кеткендей болдуң эле, мына, баарын өз ордуна кайра койдум, кана, эми кантет экенсиң, көрөйүн" дегендей такмазасы эле.

Жигиттин акырындап көңүлү жайланып, анан көктөмдөгү көк жайыкта түйлаган кулун болуп кетти. Кыялы дүйнөнү кыдырып, кайкып учуп жүрдү. Үстүлгө чалкалай берип, эки колун башына кайчылаштырып, залдын бийик шыбын тиктеп, көпкө ойлонуп калды.

"Жигитим бар деп, анысы ким болду экен. Уйгактай жабышып жүргөн бирөө-жарым деле көзгө чалдыккандай болгон жок эле. Балким, тыштан келип жүргөн бирөөдүр".

Капыстан баягы диспуттагы сөздөр эсине түштү. Ким айтты эле, бирөө айткан сүйүү үчүн күрөшүү керек деп. Күрөшкөндө кантип күрөшөт? Кыздын жигитин эрөөлгө чакырабы илгерки Пушкиндин тушундагыдай? Же түз эле барып сүйөм деп айтсабы азыр? Сүйбөйм деп койсочу тиги чунак кыз? Ошондо анык өлбөдүбү!

"Баары бир минтип эжигейдей ичтен эзилип жүргөнүм болбойт. Же ары, же бери болуу керек. Эптеп бир шоорат-шобуртумду чыгарайын. Калганын өзү билсин!" –деп ойлоду жигит кайратына келип. Кана анда, мунун кандай айласы бар?

Жигиттин оюна бир амал келе калды. Азыр эле кат жазып, алдагы китепке салып койсочу? Аны Сарпбек сөзсүз кызга тапшырып кетет, кыз китепти ачат, окуйт, билет анан ким жазганын.

Биздин жигит алдыда жаткан чакмак дептерди шарт алды да, ортосунан бир баракты абайлап айрып салды. Уручкесин алып, бирдеме жазайын деп барып, кайра айный түштү. Жакшысы ыр жазайын деп ойлоду. Көңүлүндө жүргөн, кызга арнап жазган ырларынан ылгап отуруп, акыры бир төрт сапты купулуна толтурду.

Көздөрүмдөн агат сага жылуулук,
Көрүнбөгөн дүйнө менен байкалбай.
Өмүр бою өтөт окшойм ушинтип,
Сени жакшы көрөрүмдү айталбай.

Этегине атын жазгысы келип баратып токтоп калды. Биздин жигитке ушу деле чоң бир эрдиктей көрүндү.

Баракты эки бүктөп, дептеринин алдына бастырып койду.

Ортодон бир сааттан ашуун убакыт өткөнсүдү. Бир оокумда Сарпбек:

– Мага болду, абышка. Бүгүнкүгө жетишет. Буйруса, эртең деле күн бар, мен жөнөйүн, -деп үстөл үстүн жыйнаштырып кирди. Алган китептерин көтөрүп, өткөргөнү кетти. Биздин жигит каткан барагын бая Сарпбек кыздан ала келген китепке шарт сала койду. Колдору жеңил калтырап, жүрөгү түрсүл кагып чыкты.

Сарпбек бат эле кайтып келди. Колбаштыгына дептер-уручкесин салып, берки китепти алды да:

– Муну Даткага бере кетейин, жарым саатка сурап алдым эле, ага да керек болуп жаткандыр, сен экөөбүз болсо үйдөн жолугабыз, адирейин, -деп биздин жигитти ийнинен сылап койду.

Жигит андан аркы окуя кандай болор экен деп апкаарып, демин ичине алып, аңдып калды. Сарпбек кызга китебин тапшырып, аны дагы бир жолу далысынан таптап, кол алып коштошуп, чыгып кетти. Кыз китепти бир топко караган жок. Акыры колуна алды эле, эки бүктөм барак булак дей түштү. Кыз аны ачып окуду да, бирөө байкап тургандай элтеңдеп эки жагын карап, жылан көргөндөн бетер китепти шарт жаба салды.

"Билбей калды, каран күн, билбей

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru



калды, - жигит ичинен онтоп жиберди. – Билген жок ким жазганын, билген жок".

Ордунан ыргып туруп, бүт залга угулгудай кылып, аны сага мен жаздым деп кыйкыргысы келди. Жүрөгү күйүп турса да ага жетер батым биздин жигитте жок эле.

Бир оокумда караса, кыз ордунда жок экен. Үстөл үстүндө сумкеси турат, өзү жок. Көрсө, китептерин тапшырганы кеткен экен, кайра пайда болду. Келди да сумкесин алып, бутунун учу менен жыла басып сыртка жөнөдү. Каалгага жеткенде биздин жигит жакты жалт бир карап алып, шып эте чыгып кетти.

Жигит шаабайы сууп, шылкыйып, каалга кайра ачылып, кыз кайтып кирчүдөн бетер ошол жактан көзү өтүп көпкө отурду.

***

Китепканадан чыккан соң биздин кыз тар көчөгө салып, жатаканага жөнөдү. Ээнирээк жерге келгенде чөнтөгүнө ката койгон жаңкы эки бүктөм баракты акырын сууруп чыкты да, көңүл төшөп кайра окуду. Төрт сап ыр кыздын жан дүйнөсүн кадимкидей алай-дүлөйгө салып, сапырып ийгенге жарады.

"Кудай, а-ай, ушул ырды мага сен жазган болсоң кана, Чилистен, - кыздын ичи күйүп, муңканып кетти. – Сен жазсаң кана, сага мен өзүм барат элем анда, мойнуңа асылып, буркурап ыйлап, ичиме батпай жүргөн бугумду бүт айтат элем, өлөйүн, ошентет элем. Бирок муну жазган сен эмессиң, сен эмессиң, Чилистен. Эгер сен болсоң эмнеге атыңды жазбадың? Кимден билем муну эми? Сарпбектен сураймбы ушуну мага сен жаздыңбы деп?

Адам эмес экенсиң сен Чилистен. Мерез экенсиң, сезим деген сенде жок экен. Мойнум узүлгүдөй болуп, карегим агып кеткидей болуп сен жакты жалдырап карай бергеними кантип байкабайсың, макоо? Жигитим бар деп коем дагы, кайдан мага жигитсиң сен. Сен жинсиң мага келген. Жек көрөм сени, акмак!"

Кыз не туталанганын, не ичи күйгөнүн билбей, көкүрөгүн бир ачуу сезим аймап, каканактап көзүнө жаш толуп, ичи бышып, айласы түгөнгөндөй түнөрүп, жолду ката буулукканы тарабай койду.

Кантесиң эми, бечара кыз, ай! Сүйүү деген балакет ушу болот, кубаласаң кетпейт, көлөкөңдөй артыңдан ээрчип алат, ичке түшкөн куртка окшоп жаныңды кажып, тымызын жей берет. Өзүң окуган Руссо айтып атпайбы: Баланча эгер Бастанчаны сүйсө, Бастанча адатта башканы сүйөт, баары ушул айлампада иримдеп, ириңдеп берет деп. Сен да эми ушинтесиң, унутам деп унута албайсың, өзүң барып дартыңды айта албайсың. Же мунуңду сезе турган неме болсочу тигиниң! Өткөнкү окуя баарына жеткен окшойт, бая китепканада Сарпбек дароо эле сурабадыбы "эмне, бизди таштап кеттиңби" деп. Демек, тиги да уккан. Болгону ага ысык-суугу жок мунун, сенин бар-жогуң деле баары бир болсо керек ага.

Андай экен, сүйбөгөнгө сүйкөнгүң келип не кыласың, катыгын! Жаныңды мынча азапка салгыдай ал, эмне, бу дүйнөгө жападан жалгыз жаралып калган неме беле? Тегеректе канчасы жүрөт андайлардын, кашыңды серпип эле койчу, карегиң менен тең айланып, алаканына салып алганга даяр турушпайбы. Өң десең өң, бой десең бой бар аларда. Эмнеси артык тигинин ошолордон? Же эмне, арманым ичте калат деп ибеп жеп атасыңбы? Анда айт жаңкы кыздарыңа, алеки саатта жатаканага жайып чыгышсын.

Антпе, чунак кыз! Сүйүү сүмүрөн калсын, илимдин артынан түш, эртелеп эрге эле тийип кетпесең сенден чоң окумуштуу чыгат, өтүлдүгүн өзүм алам, Москвага аспирантурага жиберем, сенин бактың ошо жактан ачылат деп какшап жүрбөйбү жаңкы атактуу философ эжей. Бакыйган доктор болуп келсең, атың элдин оозунан түшпөй, гезит-журналдын баары жалаң сени жазып жатып калсын. Ошондо бармагын барча тиштеп, ичин ит тырмап жүрсүн тиги чилистенден бетер чиренген немең!

Бул ойлор биздин кыздын бугун басып, буулукканын жазмак тургай кучалаадай кайра баарын күчөтүп жиберди. Бөлмөгө кирер менен курбу кыздарын көрүп, жарылганы араң турган жаны ого бетер эреркеп кетти, буркан-шаркан болуп, ичте кайнап аткан ызасы чымчый буулган буудай каптын оозу чечилгендей шар этип сыртка төгүлүп кеткенсиди. Өзүн-өзү кармана албай, бетин басып буркурап ыйлап жиберди.

– Кудай, а-ай, эми эмне кылам, эми кантем!

Ээн-жайкын, көңүлү чак отурган эки кыз элейе түшүп, анан эсине келгендей чыйпылыктап калышты.

– Датушка,- кыздар да элди туурап, аны эркелетип ушинтип айтыша турган, - эмне болду сага? Деги тынччылыкпы?

Биздин кыз алардын сөзүн уккан жок, керебетке барып күп эте көмкөрөсүнөн түшүп, жаздыкка бетин басып, өксөп-өксөп алды. Анан бир оокумда эмне кыларын билбей элейип турган беркилерге:

– Кыздар, мени биртке жайыма койгулачы, көкшүнүмдү суутуп алайын, -деди өпкөсүн кага. Эки кыз муну эп көрдү. Мейли, ыйлап алсын, ичтегиси чыгып, жеңилдене түшөт дешти.

Экөө жыла басып, ээн каридоргo чыгышты.

– Мунуң соо эмес, -деди биринчи кыз. – Өткөнкү иштен бери чүнчүп, жүдөп кетти.

– Ошо шүмшүктөр бир балээ кылган жокпу, ыя? – Экинчи кыз ушинтип айтып алып, кайра өзү чок баскандай чочуп кетти бул оюнан.

– Жаман апазыңды койчу, - деди беркиси. – Андай деле зөөкүр немелер эмес экен го. Кайра жигити бар экен, бактылуу болушсун деп, дембе-дем кечирим сурап атып кетишпедиби.

– Мында кайдагы жигит дейсиң, -деди экинчиси биртке тырчыгансып. - Болсо билет элек да. Далайын жолго салбадыбы.

– Анда буга жин тийген, -деди биринчи кыз тапкырлана. – Сүйүү деген жин тийген. Бирөөнү өлгүдөй жакшы көрүп калган окшойт, анысы билбесе керек, ошого бугу толуп, айласы куруп жүрөт мунуңдун.

– Ким ошол жин, айтчы, жылбас кылып биротоло байлап салалы жылас алгырды?

– Ким экенин кайдан билем. Бу көкбетиң мелтейип эчтеме айтпайт. Ичин жарсаң да таппайсың анын ким экенин.

Эки кыз эбиреп-жебиреп, жатаканада, жалпы эле факультетте бычакка сап болчулардын баарын санап чыккандай болушту.

– Биздин Датушканын бир тамчы жашына татыгыдай бирөө жок бу чөлкөмдө. –Экинчи кыз ушинтип тыянак чыгарды.

– Тапсам барбы, көзүн кашайгырдын эки карегин чукуп, колуна салып берет элем, - деди беркиси.

***

Ишемби күн эле. Түштөн кийин бөлмөдө биздин жигит менен Сарпбек калды. Экөө эки жерде көпкө чейин китеп окуп, ара чолодо куш уйку сала койгонго да жетишти. Бешим ченде Сарпбек керебеттен тура берип:

– Ээ, адирейин, үңкүйүп отура беребизби экөөбүз? –деп калды.

– Эмне кылабыз? Же бир ойлогоңуң барбы?

– Жүрү, тиги Даткайымды ирестаранга чакырабыз. Биресе кыздын көңүлүн көтөрөбүз, ага шылтоолоп өзүбүз да тарса-турса бийлеп, бир чер жазып алабыз.

– Барабы..? – биздин жигит саал ыргылжың боло калды.

– Ал жагын мага кой.

Сарпбек чыгып кетип, чай кайнам убактан кийин келди.

– Кеттик, - деди ал биздин жигитти шаштыра. - Үч кыз бармай болду, экөөбүз жетишебиз аларга.

Кечинде бешөө ирестаранда отурушту. Сарпбек адегенде көбүртүп-жабыртып шампан ачты. Музыка жаңырып, бий башталды, биздин балдар-кыздар бош келбеди, эркин бийлердин түзүк эле сазайын колуна бергендей болушту. Твистти да катырышты. Бир топтон кийин валс башталды. Биздин жигит эки кызды ортого жетелеп чыкты.

– Үчөөбүз кантип бийлейбиз, байке? – деп калды сары кыз ыткылыктап.

– Бийлейбиз, кантүү керектигин үйрөтөм азыр, - деди да биздин жигит эки колу менен эки кызды белинен алып, музыканын ыргагына карай жеңил айлантып кирди. Кыздар да тигинин ыкмасын түшүнүп, ыгына бат эле көнө түшүштү. Улам бири жигиттин колунан суурулуп чыгып, каалгып тегеренип келет да, экинчисине кезек берет. Анысы да ушуну кайталайт. Жаштарга айла жок дешкениби, бийлеп жүргөндөр жарайсыңар дегенсип баш ийкеп, жылмайып коюп жатышты. Жаңы валс эки кызга жага түштү. Кийинки жолкусунда өздөрү эле анын көркүн чыгара, моокуму кана бийлешти.

– Эми алмашып бийлейбиз, -деди кезектеги тыныгуу маалында Сарпбек. – Эки кыз менен мен чыгам. Силер экөөңөр бийлейсиңер. – Ал биздин жигит менен кызга ээк кагып койду.

Аңгыча Хачатуряндын айтылуу сюитасы жаңырды. Биздин каармандар ортого чыгышты. Жигит кыздын белинен аяр кучактап, кебездей жумшак колун абайлап кармай калды эле ток ургандай өнө бою дүрүлдөп кетти. Сол колун акырын жигиттин ийнине арта берип, кыз да анардай болуп албырып чыкты. Экөө тең денелерин жеңил калтырак басып турганын сезишти. Кабынан чыгып кетердей дүкүлдөгөн жүрөктөрдүн добушу да бир бирине таасын угулуп тургансыды. Кыздын наристе баланын деминдей аруу илеби, аңкыган керемет жыты жигитти эңги-деңги кылып ийди. Экөө тең бир бирин тике карай албай, жай гана термелe беришти.

Бир топтон кийин биртке эсин жыйгандай болдубу, кантсе да биздин кыз чыйрактык кылды:

– Жакшы бийлейт турбайсызбы, байке,- деди акырын үнү дирилдеп. Жигит ошондо кыздын абазын абдан сагынып калганын сезди. Дагы сүйлөсө экен деди. Бирок жооп кайтарып, бирдеме деш керек эле.

– Кайда-ан, -деди жигит тамагына бирдеме туруп калгандай үнү карлыгып. – Бутуңду басып албайын деп коркуп атпаймбы...

Чын элеби дегенсип кыз албырган жүзүн буруп, башкача бир жароокер медилин сала жылмайып койду. Жигиттин жүрөгү бир укмуштай элжиреп кетти, кызды шап мойнунан кучактап, буулугуп, оозун ачса эле бурк этип сыртка атылып кетчүдөй болуп көкүрөгүн мелт-калт толуп турган ичтеги бугун өрөпкүп, өзөлөнө айтып жибергиси келип, аз жерден калды.

Андан кийин ооз ачып, эчтеме сүйлөшкөн жок. Ар бири өз кыялы менен алаксып, кайдадыр каалгып учуп бараткансып, башка бир дүйнөдө жүрүштү...

*(Уландысы 31-бетте)*

# Антикоррупционер



Төлөгөн КАРЫКЕЕВ

*Урматтуу журналисттер, кабарчылар, маалыматты жерге канын тамызбай, ысыгында илип кетип аткан кат-кабардын, кара сөздүн улакчылары, силердин чогулуп калган, уйпаланып калган көптөгөн суроолоруңарга жооп берейин деп атайын Агүйдөн келип олтурам. Сөздү башынан баштасам, кудай жалгап, аяш атамдын жардамы менен Агүйгө орношуп калдым. Аяш атам айтпа эчкимге деген, болбойле ооздон чыгып кетет экен, ал үчүн кечирим сурайм. Кимден кечирим сурап атасың дейсизби? Ооба, элден кечирим сурайм. Элден айланса болот, элден кечирим сурайм. Аяш атам нипирчом бул жерде.*




Агүйдө алты жылдан бери маңдай тер төгүп иштеп келем. Баса жатып, таза иштедим. Коррупционерлердин арасында таза иштеген мүмкүн бекен деп ким суроо берип атат? Албетте, мүмкүн эмес!.. Ой!.. Кечиресиз, мүмкүн эле экен. Аны мен физикалык жактан закон катары далилдеп да койдум. Эмне деген закон экен дейсизби? Азыр айтам, тойус, азыр аны ачык айтканга болбойт. Илимпоздор тарабынан катуу тыйуу салынган. Элден мурда аны эл аралык илимий симпозиумда далилдешим керек. Ооба, ооба, ошондон кийин айтайын, улуксат болсо. Алган билимим боюнча айтайынбы? Мейли, мейли, айтайын. Мен өзүм жети мектептен окуп билим алдым. Өлкөбүздүн ар кайсы аймактарында окууга туура келди. Куулуп кетип жүрүп орто билим алдым. Элге жагыш кыйын экен көрсө. Андан соң базарга чыктым. Илгери атактуу жазуучу Максим Горький деген айткан экен, эл арасы эң чоң университет депчи. Мен да ошол университеттин артыкчылык менен бүтүргөм. Оштун, Бишкектин, Алматынын, Москванын канбазарларында окуп-чокудум. Тапкан-ташыганымды шайлоодо чачып атып депутат да болдум. «А качантан баштап коррупционер боло баштадыңыз?» деген сурооңор мага анчейин жакпай турат. Ошондой болсо да жооп берип коёюн. Менин болгону «капейка» деген эски жигулим, бир бөлмө батирим бар. Башка менде эчтеке жок. Ишенбесеңер, декларацияны карагыла, ошентип ачык эле жазылган. А калган байлык каякта дейсиңерби? Калганын балдарыма, кыздарыма, үч катыныма, эки ойношума жаздырып койгом. Туу-ата, айтып алдым ээ, иттики даана, биттики даана!.. Азыр ойлосом, бекер эле кылыптырмын. Алар кайра мага бербейбиз деп кашайып атышат. Төртүнчү катыным болсо, мага жаздырбасаң, кетип калам деп коркутат. Аяш атамдын кызы болгондуктан, жаздырбай койуш дээрлик мүмкүн эмес болуп атат. Банктагы акчалар меники. Маңдай тер менен тапкан акча. Кудайым берип атат. Алаканым кычышкан сайын акча берип атат. Элден уялбайсыңбы деп ким айтып атат? Мен деле кечээ элдин арасында жүргөм, көптүн бири болуп. Азыр Агүйдүн ичинде көптүн бири болуп жүрөм. Эч нерсе деле өзгөргөн жок. Мен бир байкушмун… Көптүн биримин… Көр оокаттын кулумун…

## Бүгүн эрте, эртең кеч..




«Боло берет турмушта, асобенно кыргызда» дегендей, чынында азыр баарыбызга кыйын болуп туру. Анткени, баары жоктун баары кымбаттап атпайбы десең, «чойт пабири»! Жанагы, пандемия деген албарсты бизди эки жыл басып жатып алып, ошонун кесепетинен, убагында жер айдалбай, эгин себилбей, суу сугарылбай, чөп чабылбай калды да! Баарынан да президентке кыйын болду. Анткенинин себеби, кымбатчылыкты ажодон көрүп атышат. «Аппазициячыл» ирдүү жандар жана түрдүү пенделер айтып атат: “Командасы жакшы иштебей койду, ошол үчүн бирин кетирип, бирин коюп, эмне кылаарын билбей калды”- деп. Акаев менен Бакиевдин убагында да мынчалык кымбатчылык болгон эмес дешип атат. Чынында, алардын убагында эч кандай команда болгон эмес, анын ордуна «Үйбүлө» деген болгон, ошолор ыштаган, иштеген, тиштеген дегендей. Акаевдин убагында эл талканга чейин түшүп калган болсо, Бакиевдин убагында эл тезекке чейин жетпеди беле, аны унутпайлы. Ал эми Жапаровдун убагында баары жапырт кымбаттады. Аны моюнга алыш керек. Бирок да «Эмне үчүн кымбаттады?» деген суроо туулат. Анткени,-деп жооп берип атат Агүй тарап, “1991-жылдан 2020-жылга чейин өлкөдө бир да завод курулган жок. Сысысырдан калган заводфабрикаларды талкалашты, сатышты, кызыл кекиртекке тыгышты. Баары текши кыйын экен, какабайэтпей сиңирип кетишти. Ашказандарына баракелде!..”-деп айтты.

Кимдин ашказаны кандай экени, жарасы барбы, жокпу, ээси сыртка чыгып кеткенден кийин, арадан бир топ жыл өткөндөн кийин билинет экен да. Убагында «Бир үйүм, бир эски машийнем, бир катыным бар» деген «декеларасыяга» таянып жашап жүрсө, «ии-й де, мага окшогон эле бечара тувайбы…» деп билбей калат экенсиң, чынында. Анын сыңарындай, учурунда зоот-фабрик курулуп, эл иштеп калганда, Ленин атабыз айтмакчы, жумушчу табы түзүлүп калганда, мынчалык кымбатчылык болмок эмес да, туурабы?! Жалаң Акаев түптөгөн, Бакиев баптаган базарчылардан куралып калган, «бирге бирди кошуп» жашаган экономика жарытпайт экен да, көрсө. Демек, үстүртөн айтылган кеп-кеңешке таянып, бүгүнкү кымбатчылыкка экспрезиденттер күнөөлүү деп кол койдук. Ал эми азыркы ажонун чынеле күнөөсү болсо, анысын беш жылдан кийин келе турган эмики президент өз оозу менен саймедиреп берер деп күтө туралы да, туура айтамбы, ыя?!.

## Доляны токтотчу, эй!




Сомдун законун ким жазды эле? Бою өспөй калып кыжаалат болгондор аз эмес арабызда. Ошолор чөнтөгүнө дайыма доллар салып жүрсө, балким өсүп кетет болуш керек беле деп ойлоп коем өзүмчө. Анткени, доллар дегениң токтобой өсө берет экен да. Мына бүгүн да өсүп кетип, наркы 88 сомду чапчыптыр. Кайра бир рекорд койду дейт. Кутуруп кеткенден сообу өзү?!

Сом жаңы чыккан кезде жалгыз өзү долларды жакадан алып токтотуп койчу. Ал кезде сом деген чапчаң, тың, бышык болчу тура. Эми болсо сексен сегизи чогулуп келип, жалгыз долларга алы жетпей шыпырылып атат. Жакшы эле укчашайын дейт, болбойле шыпырылып түшүп калып атат. Эми кандай айла кылчубуз деп Улуттук банктын деректири башын кашыйт. Кашыган сайын чачы түшүп, суюлуп баратат. «Жашылбайга» жанагы «каранавирус» да жукпайт экен. Төрөлгөндө эле эмдетип алыптыр да. Илибой тумоого каршы эмдетиптир. Ал эми биздин сомду деле эмдеттик дешкен. Көрсө, жасалма диплому бар шарлатандар эмдеген экен да. Азыр аларды чаламандын чак түшүндө чырак менен издеп таба албайсың. Изи суул кетти. Адресин таштабай кетишти. Аларды тапкан күндө деле, сомдун денсоолугу мурдагыдай болбойт го. Жок дегенде, азыркыдай абалын кармап туруш керек. Жөтөлтпөй, чүчкүртпөй, ичин өткөзбөй кармап туруш керек. Кичинеле чүчкүрүп-бышкырса, дарысын жуткуза коюш керек. Токсонго жеткизбей тосуп туруш керек, туугандар!..

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

*(Уландысы,
башталышы 28-бетте)*

***

Жатаканага бешөө түн ортосунан ооп калганда келишти.

– Сарпбек байке шумдук ко, -деди бөлмөгө кирип кире электе эле албырып, көңүлү көтөрүлүп турган сары кыз.

– Классный байке, - деп койду биздин кыз баш бармагын өйдө көтөрүп.

– Мага ушундай жигит сөз айтса, ойлонбой туруп макул болот элем, - деди берки орус филологиясында окуган кыз ичинде арманы жаткандай.

Жарыкты өчүрүп, жаздыкка жаңы эле баш коюшканда маанилүү бирдемени унутуп калгандан бетер сары кыз:

– Ай, Датушка,- деп калды, - тиги Чилистен менен бийге түшкөндө кызарып-татарып эле кызыктай болуп жаттың да, ыя?

– Шампандан болсо керек,- деп койду биздин кыз кайдыгерсине.

– Кызарсак биз кызарат элек ко, Сарпбек арбап атып бизге вино ичирип салбадыбы!

– Чын эле, - берки кыз да сөзгө кошулду. – Жаның чыгып кетсе да бир чыныңды айтчы, кудай аткыр! Ушу Чилистен менен бир балээң жокпу сенин?

Биздин кыз укмаксанга салып, үн катпады. “Байкап коюшкан экен, балекеттер!- деп ойлоду ичинен. – Булардан бирдеме жашыра албайсың”. Анан дуулдап чыккан бетин караңгыда беркилер көрүп койо тургансып, жуурканга башын катып, ары оодарылып кетти.

Биздин кызга бу күн чынында эле башкача күн болду. Мынчалык жаны куунап, айтып болгус ажайып бир сезимге бөлөнүп көрө элек эле өмүрүндө. Уйкусу келбей, көңүлү көшүлүп, бир шумдуктай көөлбүп турду. Кыялында дале Чилистен менен бийлеп жүргөнсүдү. “Жүрөгүм дүкүлдөп, муундарым калтырап кеткенин билип койду окшойт”, - деп ойлоду. Биртке бети ачыла түшкөнгөбү, кызга кайдан-жайдан кайрат келе калды. “Билсе билсин, же аны жакшы көрүп калганым жалганбы. Эми аңдып туруп, бөлмөсүндө жалгыз калганда китеп сурап барам, жок, жакшысы конспектисин сурап барайын. Эгер баягы ырды Чилистен жазган болсо, анысын билип алам”. - Тапкан амалына өзү да ыраазы болгондой, ичинен жыргай түштү.

Анан Чилистен биринчи түшүнө киргенин эстеди. Ошо түш бүгүн да кайталанса экен деп тиледи. Мойнунан жумшак кучактап: “Сени сагындым, мага Даткайым болчу!”- деп айтса экен деп тиледи.

Жигит чын эле кыздын түшүнө кирди. Ал каердедир бир кыз менен бийлеп жаткан экен. Анысы мойнуна асылып, бекем кучактап алыптыр. Биздин кыз бүшүркөп тааный албай жатты. Бир оокумда тиги бурула берди эле, караса жанагы сары кыз! “Мага сөз айтты эле, макул болдум”,- дейт ал жүзү жайнап.

Кыз ойгонуп кетип, бир топко уктай албай, терезе тарап апакшапак тарта баштаганда гана көзү илинип кетти.

***

Биздин жигит да түйшөлүп, көпкө чейин кирпик кага албай койду. “Айтарымды айтып алсам болмок,- деди ал апытта калганын моюнга алып. - Мококтук кылдым”.

Ойлоп көрсө, биздин жигит орто мектепти бүткөндө бу кыз үчүнчү же төртүнчү класста окуган экен. Ошондо ким бирөө дагы он жылдай убакыттан кийин анын алдында апкаарып, сүрдөп турасың десе күлкүсү келмек. Эми карабайсыңбы, көзүнө тике карай албай, жаш баладай жалтайлап отурду.

Кыз чын эле баягы кыз эмес эле. Үч жыл мурда “сетер” деп теңсинбей койгон кыз азыр секелек кыялдардан арылып, апкөй тилге оңойлук менен алдыра бербеген, кимдин эмне айтарын, эмне дээрин каш-кабагынан эле билип калган, бааки жокту зирек акылга салып калчап, турмушка кадимкидей тиш кагып, бардык жактан баралына келип, кемелине толуп келаткан маалы эле. Анан калса жанда жок жароокер бир назын салып, жарк этип карай калса барбы, менменсинген кандай жигит болсо да дабдаарып койгудай болуп, жанары жайнап, сурайылдай сүйкайып турган кези эле.

“Эмне эле мынча жүрөксүнөм, - деп ойлоду жигит. – Асманын таштап иймек беле?! Эми өзүн киного чакырам, барбайм десе, жок дегени оюн болот. Биротоло үмүттү үзүп, өз бөгүмдү бөктөп, тынч оокатымды кылам. Болбосо бу кызды ойлой берип, бир күнү мээме кан куйулуп кетпесин”.

***

Кыз ыңтайын таап, китеп сурап барам деп, жигит болсо кызды анамына киного чакырам деп жүрүп, батынгыча эки-үч айдай убакыт зуу этип өтүп кетти. Кыштын апкыт-сапкыт алты күнү аяктап, мүйүз аяздын мизи кайтып баратты.

Жыйналышта отуруп, бир күнү Сарпбек жатаканага кеч кайтты. Бөлмөлөштөрү менен аркы-теркини кобурашып жатып сөз арасында сегизинчи мартта жатаканада оюн-шоок уюштурганы жатышканын, ыр-бий болорун айтып калды.

– Биз да чогуу-чаран барып койсок жакшы болот эле, - деди ал беркилерден колдоо күтүп жаткандай.

– Майрам келе берсинчи, көрөбүз, -деп койду ыстарыста Макен көңүлү ток кишидей.

Айт-буйт дегиче айткан күн да кирип келди. Досу Сарпбектин көңүлү үчүн көз көрсөтүп койойун дегендей ойдо биздин жигит кечигирээк болсо да кечеге келди.

Жатакананын биринчи кабатындагы чакан залга бир топ эле эл чогулуп калган экен, музыка ойноп, ортодо чимирилип он чактыдай кыз-жигит бийлеп жатат, калгандары алардын кызыгына батып, казганактап карап турушат. Биздин жигит кызды издеп, көзүнүн кыйыгы менен элдин ыдырын сыдыра карап чыкты. Руссону окуган кыз Сарпбек менен бийлеп жаткан экен.

Бир оокумда баягы ирестаранда бийлеген эки кыз биздин жигитти көрө сала, экөө эки колунан жетелеп, ортого тартып чыгышты.

– Өзүбүздүн валсты бийлейбиз, байке,-дешти экөө жарышкандай.

– Бийлесе бийлейли, -деди биздин жигит да тартынчыктабай.

Үчөө кудум ирестарандагыдай болуп бийлешти. Кыздардын бири жигиттин колунан чыгып, өзүнчө эки-үч каалгып айланып келет да, беркисине кезек берет. Экинчиси да ушинтет. Үчөөнүн бийи баарына башкача, жаңы чыккан бий болуп көрүнгөнсүдү. Ошентип, биздин жигит эки кыздын жакшы эле жарпын жазгандай болду.

Бир кезде тыкылдаган комсорг кыз – оюнду ошо башкарып жаткан окшойт – алаканын тарс-тарс чаап, элдин көңүлүн өзүнө буруп:

– Бийге биртке танапис жарыялайлы, эмки кезек -ыр кеседе,- деди да оюндун эрежесин жарыялады. –Ар бир бөлмөдөн бирден жигит ырдайт.

Ыр кесени студкеңештин балдары баштап берди. Кезек андан ары уланып, ар ким чыгып, алына жараша нөөмөтүн өткөрүп атышты. Билгендери комуз чертти, дагы бирөөлөрү аккордеон тартты, айрымдары чогуу ырдады, кээ бирлери ыр окуду. Таң-тамаша улана берди айтору.

Бир кезекте ар жакта ыр кесе тийген бирөө өмүрү ырдаган эмесмин деп кежектеп, ыргыштап калды. Анда уйча мөөрөп бер дешти, итче уулуп бер дешти. Ага да болбой ынжыктай берди эле, кызып калган оюндун кылоосун суутпайын дегенсип жаңкы тыкылдаган комсорг кыз кыйын неме экен, сармерден айтышып жаткандай бетер:

– Сай боюнда тегир –мээн, тегирмен,

Тегирмени темирден.

Ырда-абаган балдардын, ай, балдардын,

Оозун чычкан кемирген,- деп шаңкылдап сала берди. Залда тургандар дуулдап, күлүп калышты, кол чапкандар да болду. Комсорг кыз аңгыча Сарпбекти алдыга тартып:

– Кезекти анда сиз улантасыз,- деди тыкылдап буйрук бере.

Сарпбек ырга жок эле. Ырдамак тургай мурдунан кыңылдай калганын деле төрт жылдан бери бирге окуп, бир бөлмөдө жашап жүргөн курсташтары угуп көргөн эмес.

Сарпбек ырдай албайм деп кыжыктангысы келип барып, анан тиги шакылдаган шайтан комсорг кыз дагы бирдемени айтып шакабалап жибербесин деп чочулап, жардам сурагандай жалдырай залдагыларга карады. Бөлмөлөш балдардан эч ким көрүнө бербеди, айласы куруп, биздин жигитти ортого чакырды.

– Бир балээден куткар, байкебай, - деди Сарпбек айыбын сезгендей элге угузбай акырын шыбырап. Өзү түшкөн орго мени түртөт деп биздин жигиттин биртке ачуусу келе түштү. Бирок эми болбой калды, бу жерде конкурс же сынак өтүп жатты беле, элчилеп эптеп бирдеме ырдамыш этип койсо, этегин бирөө кесип калбайт. Бир азга ойлоно түшүп, анан тамагын таптап, жеңил жөтөлүмүш этип алып, ырын баштады эле, үнү кысылып чыкты.

– …Жолукканда салкын тартса ка-абагың…

Бул кадимки Рысбайдын жумурай журтка алынып, кеңири тарап кеткен ыры эле. Биздин жигит толкундانып атып, куплеттерин алмаштырып алды.

– …Жүрөктөгү жакшы учурду жан-дан-тып,

жок дегенде таанышыңдай кара -агын.

Рысбайдын бул ырында жүрөктүн үлбүрөгөн кылдарын дирилдетип, уккан адамдын кырк тамырынан бери болкулдатып жиберген керемет бир кайрыктар бар эле. Ошо кайрыктар биздин жигиттин да делебесин козгоп ийгенсиди. Жумурунун тереңинде катылып жаткан арман-бугу, кусалык-күйүтү түбүнөн бери копшолуп, көкүрөгүнө көтөрүлүп, көлкүлдөп келатканын сезди. Үнү ачылып, жонунда жыбырап кумурскалар жайнап жүргөнсүп, денеси дүрүлдөп, бир укмуштай толкуп чыкты.

– …Эркин өскөн гүлү сенсиң тала-анын,

бирде жакын, бирде алыстайт караанын…

Андан ары кандай болуп кетти, жигит өзү да билбей калды, арманың болсо, бала, эми ушерде айтып ал, ичиңде жараң болсо ушерде жарылып кал дегенсип сыйкырлуу бир күч аны кыз турган тарапка жетелеп кетти.

– …Жүрөгүмдү гүл ордуна су –ун-айын,

алып кой деп сүйгөнүңдүн белегин…

Дүкүлдөгөн жүрөгүн алаканына салып, абайлап алып бараткансып, курбуларынын далысына кылтыйып жашынып, аны уурдана карап турган кыздын тушуна кантип келип калганын билбеди жигит.

– …Жүрөктү өрттөп, жүлүнүмдү сен куйкалап,

түрттүң мени түпкүрүнө санаанын.

Жигиттин чын эле өзөгү өрттөнүп, жүрөгү күйүп , бүт денеси алоолонуп турду. Ага жарданып турган эл да көрүнбөй калды, бу дүйнөдө өзү, анан биздин кыз гана барсынып, ырдын ыргагына ыргак болуп, жанын сууруп алчудай сыздаган кайрыктарга кайрык болуп жуурулуп кеткенсип, ичтен түтөп атты, байкуш жигит. Обондун керемет кайрыктарына кошуп, ичегисинен бери баарын аңтарып, кыздын алдына жайып салгысы келип, үнү да сөөккө кетчүдөй бир укмуштай муңканып кетти.

– …Үмүт оту үстү-үстүнө тамчылап,

Жүрөк байкуш күнөөлүүдөй жанчылат.

Айтчы гүлүм, айтчы сүйгөн жаан эркем,

күйгүзөсүң мени дагы канча убак?!

Ушу сөздөрдүн баары, ушу кайрыктардын баары Рысбай ырчыныкы эмей эле биздин жигиттин өзүнүкү өңдөнүп, өзөгүн жарып, жүлүнүнөн сызылып чыгып жаткансыды. Бардык арман-муңу, ичине батпаган күйүтү ашып-ташып, ырдын акыркы эки сабын дагы бир ирет муңкана кайрып кирди.

– …Айтчы гүлүм, айтсаң сүйгөн а-ай жа-ан эркем,

күйгүзөсүң…

Жигит капыстан эле эсине келе, байкап калды: кыпкызыл чоктой болуп, башын жерден көтөрө албай, бирөө тушап салгандан бетер былк этпей алы келбей, бир орунда байланып калган кыздын так маңдайында турган экен. Жигиттин мээсин чагылгандай бир ой көзөп өттү: “Байкуш кызды ушунча элдин алдында таза өлтүргөн экенмин!”

Олдоксон жоругуна уялып, оңтойсузданып кетти. Карбаластап, алдастай түшүп, эмне кылып жатканын өзү да билбей, калтыраган колдору менен кыздын саамайын коомай сылагылап койду. Ушу маалда кыз башын жерден алып, узун кирпиктерин акырын өйдө көтөрө берди эле каканактап калган жашы эки көзүнөн ылдый мөлтүлдөп кетти. Жигиттин боору тилинип, бөтөгөсү жарылып кеткенсиди. Кечирим сурагандай кызды мойнунан жумшак кучактап, имере тартты. Булкунуп, боюн ала качат го деп ойлоду эле, кыз антпеди. Жаш жууган бетин жигиттин төшүнө катып, кучагына бөжөктөй бөгө түштү. Биздин кыз да тумчугуп, тышка чыга албай жүргөн бугуна туруштук бере албай, эчкирип ийе жаздап, өпкөсүн кага, ичинен соолуктап араң турган экен бечара.

Жигит кызды шарт колдон алып, топтон сууруп жетелеп чыгып кетти.

Жанатан бери чакан бир лирикалык драмага күбө болуп жаткандай тымтырс боло түшкөн залдагылар эл көзүнчө кызга арзуусун айтkандан тартынбаган биздин жигиттин батылдыгына таң бериштиби, же анын чын дилден берилип ырдагана ыраазы болуштубу, эсине келгендей бир оокумда алардын артынан шатырата кол чаап калышты.

***

Ошентип, күн астында бул тарых да өтүп кетти. Биздин жигит менен кызды мен азыр деле көрүп калам. Козулардай чөбүрөшкөн неберелерин ээрчитип, эртели-кеч биз турган үйгө жакын кыябан бакта сейилдеп көп басышат. Эркелеткен аты болсо керек, бир небересин Чилистен дешет экен. Дагы бирөөсүн Даткайым деп чакырышат.

Салижан акындын “Муңдуу баян” биздин жигит менен кыз азыр эстейби, жокпу, билбейм, мен болсом аларды көргөн сайын ошол поэманы кайталап окугандай боло берем. Ошентем да, ылайым акындын арбайы ыраазы болсун, биздин жигит менен кыз аман болсун деп койом!

*(Аягы)*

№02-03
(289)
30
03
2023
kyrgyztili@mail.ru

# Кубат ОТОРБАЕВ





## Апам Турсунайга

*Биздин айыл бийик жерди жайлаган,*
*Сөөк какшайт кышта бороон айланаң.*
*Саратанда Күн улага сагаалап,*
*Сызгырылып боз топурак кайнаган.*

*Ай саландап аскаларга сөйкөнөт,*
*Жылдыздар да тоо учунда сөйкөлөп.*
*Таң супада берекени чакырып*
*Уюн саачу сүттүү, күрөң сүзөнөөк.*

*Үй мизилдейт, белден көчө баткагы,*
*Идиш таза, кыл бөлмөдө жатпады.*
*Эмнегедир апам түшсө эсиме*
*Элестетет чарчап турган чактары.*

*Биздин айыл тоо койнунда жайлаган,*
*Коңшу бизге жылдыз көктө жайнаган.*
*Канча жолу эне көрсөм ошончо*
*Кетким келет бала болуп кайрадан.*

**15.08.1992**

## Из

*Сыймык эмес атың даңкталса,*
*Жалган сыйга жетүү оңой иш.*
*Жүрөгүңдөн сыгып канды алса*
*Ошол иштен гана калат из.*

*Мактангандар, балким, тайыздыр,*
*Мемиреген шаңга бөлөнбө.*
*Өрттөн, түгөн, жанды кайыштыр*
*Жалбырттасын, жансын көрөңгө.*

*Отурганың кашаң араба,*
*Мезгил учат закым кучактап.*
*Көңүл чөгөт – ага караба,*
*Жашап көргүн жанды бычактап.*

*Күн да, Ай да бүткөн эскирип,*
*А мен жаңы сароос баладай.*
*Эмнегедир көңүл эчкирип*
*Ыйлайт толкун урган аралдай.*

**1992**

## Ордо

*Атаар элек Канды коюп ортого,*
*Топ бир бала кызып ойноп ордого.*
*Эрежеси акыйкат бол, калыс бол,*
*Калың элди, сакта, бирок кордобо!*

*Топ чүкөлөр – сенин элиң, Кудайың,*
*Кудайлардан Ордо түзүп курайын.*
*Эгер эле эстен чыкса баш максат*
*Эсиңе кел, томпой менен урайын.*

*Чийин сага – жазылган ал мыйзамың,*
*Топ чүкөлөр – элди сактап жыйганың.*
*Жыдырмайдан туура сактан, салмакта*
*Сактаганың – эл эңсөөсүн туйганың.*

*Атаар элек Канды коюп ортого,*
*Бала чакта кызып ойноп ортодо.*
*Эрежеси: ууру болбо, калыс бол*
*Журт башчылар, өз элиңди кордобо!*

**12.05.2020**

## Сагынып

*Улутуна карап коюп сүрөттү,*
*Укмуш узак сагындырган күн өттү.*
*Кайдан табам кучагыңа ыктаган*
*Жайдай ысык, жан эриткен мүнөттү.*

*Секундалар токтоп калган өңдөнү,*
*Капырай-ай, сага бекем көнгөмбү?!*
*Таанытырып, табыштырган табият*
*Жөн койсо не, арзыганын бөлгөнү.*

*Шукшурулуп учса дагы колуңдан,*
*Кайткан өңдүү эң бийикте жолунан.*
*Кайра келип мүнүшкөрүн издеген*
*Алгыр куштай алсызмын мен ооруган.*

*Кандай кылам, кайда катам өзүмдү,*
*Унуталбай койдум кара көзүңдү.*
*Таш кордого камап койгон өңдөнүп,*
*Улай албай сага бурдум көчүмдү.*

*Жан экенсиң элден башка ажарлуу,*
*Бул илдеттин шыпаа-сырын табамбы?*
*Асман, Айга алоолонот махабат,*
*Айтчы, жаным, деги аман каламбы?!*

## Абийир бар

*Жандар бар кытмыр, кыйды, уялбастан*
*Жолуңду торой чалып, кыя баскан.*
*Кутумду коюнуна каткан алар*
*Кудайга жооп берээр кыяматтан.*

*Көзүңө карап тосот кучак менен,*
*Бурулсаң арттан урат бычак менен.*
*Мен корком адамдардан моокум кана*
*Жашоосун улап келген ушак менен.*

*Жолуң кең, эмгегиң ак, талант канда,*
*Камчылан, калышпагын, чамда анда!*
*Бакытты жасап эмгек, колуң менен*
*Атыңды калтырасың замандарга.*

*Жандаган курбуң болсун ичи таза,*
*Болбосун мүдүрүлткөн кайгы-капа.*
*"Ал жигит мыкты жашап өткөн" дешип,*
*Келечек ак ниетти эсте, ата.*

**26.05.2020**

## Билемин

*Билемин – өзүң менен өзүң болуп,*
*Ойлордун ызгаарына жайда тоңуп,*
*"Эртеңким эмне болот эми!" дейсиң,*
*Санаадан саргаясың жүрөк ооруп.*

*Билемин – туруп эле кайгырасың,*
*Түнөргөн жаман ойго кайрыларсың,*
*Жөлөнөөр жан табылбай чак түштө да,*
*Жапжакын санагандан айрыларсың.*

*Башынан сылай карап балдарыңа,*
*Чочуркап элеңдейсиң жан-жагыңа,*
*Тышта суук – аптапта да ызгаар согуп*
*Бул заман жүзүн үйрүп турганына.*

*Билемин – чоңдорго сен нараазысың*
*Актабай турат үмүт – баарысы чын.*
*Кудайга антсе дагы тобо дейсиң,*
*Балдарың аман өсүп калышы үчүн.*

*Билемин – туруп-туруп чарчарыңды,*
*Өзүңдү өзүң кажып жанчаарыңды.*
*Мекен – сен, Мекен – Бишкек, Ак үй эмес,*
*Билип ал – өлкөнү сен сактарыңды.*

*Уктабай кээ түндөрү чочуп улам,*
*Санаага батарыңды билип турам.*
*Өз жанын өзү тыңдап багып жаткан*
*Бар болгун, каражаным, күлүп турган!*
*Бар болгун Мекеним деп күйүп турган!..*

**05.06.2020**

## Кечир

*Капа болсоң кандайдыр бир бирөөгө,*
*Көк алдында батканың ал күнөөгө.*
*Кечир аны, коё бергин ызаны*
*Максат көздөп канатыңды күүлөөгө.*

*Ич күйдүлүк жүрөгүңдү иритет,*
*Жылуу сөзүң тоңгон музду жибитет.*
*Кек сактасаң колдон учуп жеңишиң*
*Ырыскыны кыска өмүрдө кемитет.*

*Кубатыңды башкара бил жашыңдан,*
*Калыш үчүн урмат-ызаат артыңдан.*
*Өзүңдү сүй, жашооңу сүй жадырап,*
*Эмгектенгин калбаш үчүн бактыңдан.*

*Жаралганда ылай сымал келебиз,*
*Баары актай – акыл, сезим, денебиз.*
*Өз тагдырын өзү курат ар адам*
*Каалоо, эмгек менен баарын жеңебиз.*

*Эмнегедир капа болуп алыстан*
*Ким бирөөгө сен ичиңди тарытсаң.*
*Утулганың анда ошол, байгеде*
*Чобур аттай чаңда калган жарыштан.*

**28.04.2020**

№02-03
(289)

30
03
2023

kyrgyztili@mail.ru

**Кыргыз тили**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
Телефон:
0(700) 88 81 41
Жоопту катчы:
**Таалайбек кызы Аида**
0(708)09 03 24

КР Юстиция министрлигинде катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:**276
**Нускасы:**4100